Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

Ош Мамлекеттик Университети
Педагогика жана искусство факультети

Ψ

*Умаров Т.Н., Борсонов А.Р.*



# Социалдык психология предмети боюнча окуу-усулдук колдонмо

**Ош - 2010**

УДК 159.9
ББК 88,5
У52 ОшМУнун алдыидагы “Педагогика психология" илимий окуу-усулдук изиддөө борбору басууга сунуштаган.

Рецензент. ОшМУнун педагогика жана психология илимий усуддук изилдеө борборунун координатору, психология кафедрасынын доценти - Жолдошбаев Д А.

Жооптуу редактору· педагогика илиминин кандидаты, доцент Бердиев А.К.

**Умаров Т.Н, Борсонов А.Р.**

У52 Социалдык психология.Социалдык психология предмети боюнча окуу-усулдук колдонмо, Ош. -2010, 112 б

ISBN 978-9967-602-50-2

Бул окуу-усулдук колдонмодо социалдык психология предметинин негиздерине теориялык талдоо жүргүзүлген жана айрым темалар боюнча лабораториялык-практикалык сабактарда колдонулуучу изилдөө ыкмалары берилген.

Методикалык колдонмо жогорку окуу жайдын окутуучуларына, студенттерине, мектеп мугалимдерине жана жалпы эле кызыгуучуларга багытталат

У0303040000-Ю
ISBN 978-9967-602-50-2

УДК 159,9
ББК 88,5
© Умаров Т Н,
Борсонов А. Р, 2010

## Киришүү

Педагогикалык жогорку окуу жайлардын окуу планына «социалдык психология» курсу студенттерди тарбиялык жумуштарга усулчу катары даярдоо максатында киргизилген.

Курстун милдеттери.

- Түрдүү курактагы балдардын тарбиялык максаттагы коллективдүу ишмердиктерин уюштуруу үчүн студенттердин психология боюнча билимдерин системалаштыруу жана интеграциялоо,
- Психология боюнча билимдерди окуу-тарбиялык максатта колдонуунун навыктарын студенттерде калыптандыруу,
- Болочоктогу педагогдордун кесиптик ой-жүгүртүүлөрүн калыптандыруу

Социалдык психология төмөндөгүдөй негизги бөлүктөрдөн турат:

- Социалдык группалардын психологиялык мүнөздөмөлөрү;
- Личностунсоциалдык психологиясы,
- Биргелешкен иш-аракеттеги карым-катнаштын жана өз ара аракеттенишүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү;
- Түрдүү коомчулуктардагы личносттор аралык өз ара мамиленин психологиясы


Мында личностун калыптанышынын социалдык психологиялык механизмдери жана коомдук мамилелердин түзүлүшү, окуучулардын личностор аралык мамилелериндеги проблемалары, окуучулардын ата-энелер жана мугалимдер менен өз ара мамилеси, окуу-тарбиялык коллективдин жана үй-бүлөнүн психологиясы, окуучуларды социалдык психологиялык жактан үйрөнүүнүн методдору чагылдырылат

## Тема: Инсандар ортосундагы мамиле

### 1. Инсандар ортосундагы мамиленин табияты жаиа орду

Адамдардын турмуш тиричилигинде инсандар ортосундагы **мамиленин** ордун аныктап алуу туура болот. Социалдык психологиялык адабияттарда, айрыкча коомдук мамиле системасында инсандар ортосундагы мамиленин «каерде жайланышкандыгы» жөнүндөгү маселени талдап чечмелөөдө ар кандай көз караштар **айтылып** жүрет Кээде аларды коомдук мамиле менен бир **катарда,** анын негизин түзүүчү катары каралса, кээде, тескерисинче, **эң** жогорку деңгээли катары карашат, башка учурларда коомдук мамиленин аң-сезимде чагылышы катары каралат ж.б.у.с. Биз билгендей (бул болсо көптөгөн изилдөөлөрдө далилденүүдө), инсандар ортосундагы мамиленин табиятын туура түшүнүүгө жетишүү үчүн, эгерде коомдук мамилени инсандар ортосундагы мамиле менен бир катарга койбостон, алардын сыртында («астында», «үстүндө», «жамбашында» ж.б. жеринде) эмес, коомдук мамиленин ар бир түрүнүн *ичиide* пайда болгон мамиленин өзгөчө тартибин-катмарын көрө билишибиз зарыл. Коомдук мамиленин системасында өзгөчө катмарлардагы кесилиштери. экономикалык, социалдык, саясый жана коомдук мамиленин башка турлөрүнүн арасында - инсандар ортосундагы **мамиле** да бар экендиги схемада даана керүнет (1-сүрөт).

Мындай түшүнүү инсандар ортосундагы мамиле кеңири социалдык чоң бүтүндүктөрдүн инсанга таасир этүүсүн **«кыйыр»** «опосредствует» түрдө болушуна алып келет. *Акырында келип* **инсандардын** ортосундагы мамиле обьективдүү коомдук мамилелер менен шартгала **тургандыгын** көрсөтөт. Турмушта мамилелердин эки катары, бирге берилет жана экинчи катарды эсепке албай коюу биринчи катардагы мамилени терең талдоого алууга тоскоолдук кышат. Коомдук мамиленин ар кандай формаларынын ичинде инсандар ортосундагы мамиленин жашашы карым катнашта жана өз ара **аракеттерди** жасоодо конкреттуү инсандардын ишмердүүлүк аткаруудагы инсандык жүзү көрүнбөгөн (безличных - жаксыз) мамилесин ишке ашырат.




1-сүрөт. *Инсандар ортосундагы* ***мамиле*** *жана коомдук мамиле*

Ошону менен бирге инсандын жүзү көрүнбөгөн (жаксыз) мамилени ишке ашырууда адамдардын ортосундагы (анын ичинде коомдук) мамиле кайрадан түзүлөт. Башка сөз менен айтканда, коомдук мамиленин тулку боюнда аң-сезимдүү эрк аракеттеринен жана өзгөчө максаттарынан келип чыгуучу кубулуштар пайда болот. Мына ушул жерден социалдык жана *психологиялык* деп аталуучу кубулуштар түздөн-түз кез келишип, кагылышат. Ошондуктан социалдык психология үчүн бул маселенин коюлушу эң маанилүү болуп саналат.

Сунуш кылынган мамиле түзүмү мааниси өтө чоң болгон натыйжаларга алып келет. Инсандардын ортосундагы мамиленин ар бир катшуучусу үчүн ар кандай мамилелердин арасынан бул мамиле *жападан-жалгыз* реалдуу мамиле болуп эсептелинет. Чындыгында инсандар ортосундагы мамиленин мазмунун акыр аягында коомдук мамиленин тигил же бул түрү аныктайт, башкача айтканда белгилүү социалдык ишмердүүлүктүн мазмуну, айрыкча анын маани-маңызы кеп учурларда белгисиз боюнча кала берет. Ага карабастан инсандардын ортосундагы мамиле процессинде, бул деген сөз коомдук мамиле да адамдар ой-пикирлерин алмаштырышат, өз мамилесин андап билет, андай аңдап билүүлөр болсо, адамдар инсандар ортосундагы мамиле жасашкандыгын билүүдөн ары терендейт.

Коомдук мамиленин айрым учурлары анын катышуучуларына инсандардын бири-бири менен болгон өз ара мамилеси катары гана түшүнүлүп калат: кимдир бирөөнү «заар мугалим» же « митаам сатуучу» ж.б, деп билүү. Турмуштук ан-сезим деңгээлинде, атайын теориялык талдоого алынбаса ушундай абалда гана болот. Ошондон жүрүм-турумдун жүйөсү да көбүнчө мамиленин үстүңкү керүнгөн белгилери боюнча аныкталып калат, ал эми көрүнбей калган белгилерине маани берилбестен, чыныгы обьективдүү мамиленин терени белгисиз бойдон калат. Инсандар аралык мамиле чындыгында реалдуу коомдук мамиле болуп саналат: аларсыз эч качан «таза» коомдук мамиле болбойт. Бул абал маселени түшүнүүнү дагы татаалдантат. Ошондон бардык адамдар группада биргелешип аракет жасаган учурда эки сапатта аракетте болушат: социалдык ролдун аткаруучусу жана кайталангыс инсандык сапаттарга ээ болгон адам катары. Бул адамдын коомдук мамиле тутумунан сырткаркы ордун, группалык байланыштардын тутумунун ордун белгилеп көрсөтүүдө, анын ал тутумдагы обьективдүү ордуна негизделип эмес, инсандын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккан группадагы байланыштарына негизделип «инсандар аралык роль» деген түшүнүктү киийрүүгө негиз болот. Күнүмдүк турмушта андай инсандар аралык ролдор жөнүндө мисалдар көп. М: группа ичинде айрым адамдарды «жан кечти», «суу куйду», «жалганчы» ж.б. деп коюшат. Социалдык ролдорду аткаруу стилинде инсандык белгилердин керүнүшү группанын бөлөк мүчөлөрүн ошого ылайык аракеттерди жасоого алып келет, ошентип, группада инсандар аралык мамиленин бүтүн бир системасы пайда болот.

Инсандардын ортосундагы мамиленин табияты I > мамиленин табиятынан таптакыр айырмаланат: анын щ мамиле эмоциялык-эмоционалдык негизде болушу. Ошондон инсандардын ортосундагы мамиле группанын психологиялык «маанайын» аныктоочу фактор катары каралат. Инсандардын ортосундагы мамиленин эмоционалдык негизи деген инсандар ортосундагы мамиле адамдарда бир-бирине карата пайда болгон белгилүү сезимдердин негизинде жаралш жана түзүлөт. Психологиянын орус мектебинде инсандын эмоционалдык өзгөчөлүгү үч турго же деңгээлге бөлунөт аффектер, эмоциялар жана сезимдер. Инсандардын ортосундагы мамиленин эмоционалдык иегши (эмоциялык көрүнуш) ушул уч турду тең өзунө камтыйт. Бирок социалдык психологияда адатга көбурөөк бул схеманын учунчү компоненти - сезим менен гана мүнөздөлөт, андан да бул термин өтө так маанисинде колдонулбайт. Сезимдердин колдонулушу көп түрдүү. Алардын баарысын эки чоң топко топтоштурууга болот:

*1)* **Коньюнктивдүү сезимдер**. Буга адамдарды жакындатуучу, бириктирүүчү ар кандай сезимдер кирет. Мындай мамиледе тарап тең, бири-бирине дайьша жагымдуу обьект болуп алгандыктан, өнөктөшү менен кызматташ болууга, чогуу аракеттенүүгө умтулат ж.б.

*2)* **Дизьюнктивдүү сезимдер.** Буга адамдарды ажыратуучу, алыстатуучу сезимдер кирет. Мында мамилелешкен тараптар бири-биринин кыжырын келтирет, чогуу бирге иштешкиси келбейт ж.б. Тигил же бул сезимдердин кучу ар кандай болушу мүмкун. Кандай болгондо да анын өнүгүү деңгээли группаньш ишмердүүлугунө оң же терс таасирин тийгизет.

Ошондой болсо да группаны мунөздөөдө инсандардын ортосундагы мамилени гана талдоого алуу жетишсиз. Турмушта адамдардын ез ара мамилеси түздөн-түз эле эмонационалдык алакага гана негизделип курулбайт. Ишмердүүлуктун өзү эле мамиленин башка катмарларын жарата алат. Ошондуктан социалдык психологияда бир эле учурда группадагы мамилелердин эки катарын - инсандар ортосундагы мамиледен жана биргелешкен ишмердүүлуктөн келип чыккан мамилени, башкача айтканда, алардьш артында турган коомдук мамилени талдоого алуу социалдык психология үчүн өтө маанилүү жана өтө оор милдет болуп саналат.

Булардын баары талдоонун методикалык каражаттарына байланышкан кыйынчылыктарды жаратат. Батыштагы социалдык психологияда инсандардын ортосундагы мамилеге көп көнул бурулбагандыктан анда методикальгк каражаттардын топтому бир кыйла эртерээк жана толугураак иштелип чыккан. Андай каражаттардын эң башкысы болуп социалдык психологияда кеңири таанылган америкалык изилдөөчү Дж Моречо сунуштаган социометрия методикасы саналзт жана бул методика анын теориялык көз карашынын практикада колдонулушу катары эсептелет. Бул концепция өзунүн жарамсыздыгын көрсөткөн жана сынга алынып бүткөн, бирок методикасы азыр да өте кеңири турдө колдонулат.

Методиканын мазмуну группа мүчөлөрүнүн ортосундагы «жактыруу» жана «жактырбоо» тутумун аныктоо болуп саналат. Башкача айтканда, бир критерий боюнча бардык мүчөлөргө кайрышып, алардын ар биринин пикирин билүү-«тандоо» аркылуу группадагы эмоционалдык мамиленин тутумун табуу. «Тандоодон» алынган маалыматтар атайын таблицага социометриялык матрицага же социограммага жазылат. Андан кийин жекече жана группалык «социометриялык индекстер» эсептелет. Социометриядан алынган фактылардын жардамы менен группанын ар бир мүчөсүнүн инсандар ортосундагы мамиледеги ордун аныктоого болот. Группадагы инсандар ортосундагы маиленин өзүнчө «сүретун» тартып беруу, андагы эмоционалдык оң же терс мамилелердин өнүгүш деңгээлин аныкташ үчун социометрия өтө кеңири колдонулат. Ушунусу менен социометрия колдонулуп келуүдө. Маселе социометриядан ушувдан башканы аныктап берүүнү талап кылбоодо турат. Башкача айтканда, социометрия методикасы менен группа жөнүвде алынган маалыматты толук деп эсептөөгө болбойт: социометриянын жардамы менен туздөн-туз мамиленин катмары гана камтылып, группа чындыгынын бир жагы гана чагылдырылат. Жогоруда айтып өткөн инсандар ортосундагы мамиле менен коомдук мамиленин өз ара аракеттенүүсу (таасир этуүсү) жөнүндөгү схемага кайрылсак, социометрия группанын ичиндеги инсандар ортосундагы мамилелердин жыйындысы менен коомдук мамиленин байланышын өлчеп бере албайт, Алардын бири үчүн методика жарайт, группаны бүтүн түрдө изилдөөгө жарабайт жана чектелгендиги (тандоонун жүйөөсүи таба албастыгы ж б у.с. чектелгендиктерин айтпай эле коелу) болуп саналат.

## 2. Инсандын мамилечилдик сапатын изилдөө

Психология илиминде негизги оор проблемалардын бири личностту түшүнуү. Инсан (личность) жөнүндө сөз козгогондо психология илиминен алыс адамдар конкреттуү адамды тушүнушөт. Мындай ой жугүртуу туура эмес. Мында «инсанга» (личностко) жакын болгон индивид, индивидуалдуулук, адам деген тушунуктөр да кездешет. Алар күндөлук турмушта бирдей мааниде колдонулганы менен, илимий, аныктамалары, мааниси ар башка. Личностгун табиятын туура түшүнуү учүн аны жогорку тушүнуктөрдөн ажырата билүү зарыл.

Личность - турмуштук көз карашы, жоопкерчилигин акырына чейин жеткирүү аракети бар, эркин чечим кабыш алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон активдүү адам. Личность - аң-сезимди алып жургөн жана дүйнөнү кайра түзуүнүн субьектиси болгон конкретгүү адам. Личность болуп терөлбөйт, ал өнүгүүнун натыйжасында личность болуп калыптанат.

Адам, личность, индивид - үч тушүнүгүнүн ортосундагы окшоштук, айырмачылыктар жөнундөгу түрдүү ойлор кездешет. «Индивид», «адам» жаратылыштык, «личность» жалаң социалдык үч түшүнүк мааниси боюнча

окшош, бирдей ал эми индивидди өзгөче спецификалык касиетк › > деген ойлор кездешет.

А.Г.Ковалев личностту коомдук өнүгүүнүн активдүү ишмери катары карайт. А.Н.Леонтьев болсо өзүнүн «Иш-аракет. Аң-сезим. Личность» деген эмгегинде личность түшүнугүн индивидден айырмалап, личностту - индивиддин коомдук таасиринде пайда болгон өзгөчө, жогорку сечимтал касиети экенин көрсөтөт. Верникенин оюу боюнча, байыркы (антик) доор личность деген түшүнүктү билген эмес. Алгач личность термини актер жамынган чумбөттү, парданы, актердун өзүн, аньгн аткарган конкреттүү ролун туюндурган. Кийин бул термин коомдо жашоочу рсалдуу адамга колдонулган. Акырында личность белгилүү бир коомдук функцияны аткарган жана коомдо өз орду бар, аң сезимдүү индивидди белгилей турган илимий түшүнүкке айланат.

Ар бир коомдук формацияда личностту түрдүүчө түшүнүшкөн. Мисалы, кул ээлөөчүлүк коомдо личность деп коомдук турмушка катышы бар эркин адамды түшунүп, кул личность катары эсептелген эмес. Феодализмде личность таза кандуу, авторитетгүү кишнни билдирип, ал эми дыйкан личносттук касиетке ээ болгон эмес. Капиталисттер эмгекчилерди личность деп атаган эмес.

Капиталисттик доордун алгачкы этабында личность менен жеке менчик түшүнүктөрүн бирдей мааиide кароого аракеттенишкен. Карапайым элде мындай ойдун тарашы айрым психологдордун эмгегине байланыштуу. Алсак, америкалык психолог У.Джемстин оюу боюнча, адамдын жеке менчигине кирүүчү буюмдардын айрымдарынан ажыраса, личносттук касиетинен айрышган менен бирдей.

Жогоруда келтирилген личносттун жаратылышы жөнүндө ар түрдүү пикирлерге карабай, личностко психологиялык категория катары аныктама берүү зарыл. Окумуштуулардын эсептөөлөрүнө караганда (Платонов К.) личносттун 50 гө жакын аныктамасы бар. Бирок алардын бирин да так деп эсептөө кыйын. Көп учурда окумуштуулар личностко аныктама берем деп адамга аныктама беришет: Себеби адам да, личность да конкреттүү коомдук, социалдык чөйрөнүн таасиринде, чегинде турат. Личность берилген аныктамадан башкача мүнөздө, татаал.

Психология илиминде личность термини эки мааниде түшүндүрүлүп жүрөт. Биринчи маанисинде (К.К.Платонов) аң-сезимге ээ болгон адамдардын бардыгы личность эмес. Экинчи маанисинде психикалык жактан өнүгүү дэңгээлине жетишкен адам гана личность деп эсептелет. «Өнүгүү деңгээли» деген адамдагы өзүн-өзү сындаган өзүн-өзү кабыл алаган, өзүнүн «мени менен башка адамдан айырмаланган», жеке моралдык талабы тигил же бул нерсеге баасы бар сапатгарды камтыйт.

Социалдык психология илими адамдын социалдык группага мүчө болуп киришинен улам келип чыгуучу адамдын жүрүм-турумундагы жана ишмердүүлүктөрүндөгү өзгөрүүлөрдү талдоого алып изилдейт. Мындан бул илимдеги эң башкы эмпирикалык факт болуп адамдардын карым катнашта болуусу жана өз ара аракеттенишүүсү, таасир этүүсү санала тургандыгы

көрүнөт. Бул процесстер кандай мыйзам ченемдүүлүктөр менен жөнгө салынат, кандай себептерден улам алардын ар кандай формалары жаралат жана түзүмү эмнелерден турат, адамдардын өтө чиелениикен к пым-катышында анын орду кандай деген суроолор пайда болот.

Социалдык психологиянын эң башкы милдети болуп социалдык реалдуулукка өз дүйнөсүнө ээ болгон жеке адамдын мамыр-жумур уп коомго аралашуу механизмин ачып берүү саналат. Бул социалдык шарттардын инсандын ишмердүүлүгүнө таасир тийгизишинин натыйжасы канчалык экенин түшүнүү үчүн өтө зарыл, бирок мунуи гатаалдыгы адамдын-жүрүм-турумунун апгач «социалдык эмес» кийин гана адам «социалдык «жүрүм -турум жасайт деп айтуу туура эмес. Алгач инсанды изилдеп, анан аны социалдык байланыштар системасына коюп кароого болбойт. Инсандын өзү бир жагынан инсан жаралганда эле социалдык байланыштардын «мөмөсү» болуп саналат. Экинчи жагынан инсан социалдык байланыштардын жаратуучусу жана өзгөртүүчүсү болуп да эсептелет. Инсан менен социалдык байланыштар системасынын өз ара таасир этүүлөрү (макроструктурада - жалпы коомдо микроструктур да — адамдарды курчаган чөйрөдө) бөлөк-бөлөк болуп ажырында турган обьектилердин, нерселердин өз– ара аракеттери (таасир этүүлөрү) эмес. Инсанды изилдөө деген дайыма коомду бөлвк жагынан изилдөө дегендик.

## «Силердин индивидуалдуулугунар» ыкмасы

Силердин түрдүү адамдар менен биринчи жолу таанышкандагы сезиминер эсинердеби? Бирөө сага көндөй жана кызыксыз адам катарында таасир калтырды. Мындай сезим ал адамдын таанышкандан баштап кандаи сандырак кептерди сүилөп, силерге ооз ачууга да мүмкүндүк бербегендигинен улам пайда болот. Башка бир адам, тескериси, силердин сезүнөрдү чын көнүлү менен угуп, айтканыңардын баарын болгондугу менен силерге жагып калды. Ал эми үчүнчү бирөө болсо «тамагына сөөк туруп калгансып» мелтейип унчукпай, өзүн да зеригип чыктың. Эми кийинчерээк ошол тымпыйган неме силердин жакшы досуң болуп калышы ыктымал. Ал эми сенин сөзүнцу кунт коюп уккан сынга ала куудулданып сүйлөгөн адам бара-бара езүнүн толгон-токой кемчиликтерин көрсөткөндүктөн (сараң, көрө албас, калпычы ж.б), силер ал адамды таптакыр көргүнөр келбей калышы мүмкүн. Бул жерде с р, «кийимине карап тосот, акылына карап узатат» деген макалдын мазмунун кандай түшүндүнөр?

Силерге ар биринерге эртедир же кечтир чыныгы адам катарында силердин баалаша турган адамдар менен жолугушууга туура келет. Алар келечектеги окуучуларынар. Психологияда адамдын ким экендигин аныктаган сапатгардын бардыгын инсан (личность) түшүнүгү менен белгилешет. Ар кандай тирүү адам, эгер ал психикалык процесстеринин жардамы аркылуу айлана-чейрөнү кабыш алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүү болсо, инсан болуп саналат. Инсан (личность) деген сөз

байьфкы орус сөзү **«личина» менен** үндөшүп турат. Бул сөз **актердун** бстине кийүүчү масканы билдирген. Оюндун жүрүшүндө **актердун маскасы** б.а. «личинасы» улам өзгөрүп турат. Ошондой эле адам дагы ир түрдүү жашоо-турмуштук жагдайларда өзүн ар түрдүү алып жүрөт. Анын **инсандыгы** ар түрдүү **кырдаалдарда** көрүнүп, байкалат. Ар бир адамдын **инсаны** башка адам тарабынан эч убакта кайталанбайт б.а. ар бир **адамдын** инсаны **өзүнчө** оригинаддуу. Жеке адамды мүнөздөгөн инсандык **сапаттардын** (мүнөз, темперамент, жөндөмдүүлүк, эрк, сезим ж.б.) өз ара **айкалышуусун** психологияда индивидуалдуулук деп аташат. Адамдын **индивидуалдуулугун** аныктоо үчүн ушул ыкманы сунуш кылабыз.

Суроолорго жакшы ойлонулбай берилген жооп силердин инсаныңардын бүткүл бейнесин (картинасын) бузуп коюшу мүмкүн **экенин** эсиңерден чыгарбагыла. Ал эми атайлап эле туура эмес жооп берүү ого бетер жаман.

**Өзүңөрдүн** жүрүм турумунарга **ылайык** келген жоопторду тандап **алгыла** да, **упайыңарды** эсептеп көргүлө:

*1 Адамдар менен тез жакындаша **аласыңарбы?***

а) ооба;
б) анчалык эмес;
в) жок.

*2 Тамеки **чегесиңерби?***

а) ооба;
б) кээде;
в) жок.

*3. Эгерде **жаман** жоорук жосун жасасацар же **жалган** сөз **айтсаңар,** анда:*

а) муну эч качан мойнума албаймын;
б) кээде мойнума аламын;
в) мойнума аламын.

*4 Эгер **досторуңар** сунуш **кылса,** банги заттарды колдонуп көрөт белецер?*

а) ооба;
б) билбеймин;
в) жок.

*5. **Ичкилик** ичпегендерди **мастардын арасындагы** «**өз эмес, жат**» деп **эсептейсиңерби?***

а) ооба;
б) көзүм жетпейт;
в) жок.

*6. Эгерде үй-жайы өрттөнгөндөр жардам сурап **кайрылса, аларга** акыркы акчацарды берет **белеңер?***

а) ооба;
б) бардыгын эмес;
в) жок.

7. *Өзүңөрдүн досуңардын кичинекей бөбөктү же начар башка бирөөнү кемсинтип жатканын көрсөңөр ага болушат белеңер?*

а) ооба;

б) көзүм жетпейт;

в) жок.

8 *Эгерде сокур адамга көчөдөн өтүү үчүн жардамыңар талап кылынса жардам берет белеңер?*

а) ооба;

б) шашылыш ишим болбосо;

в) жок.

9. *Эгер ата-энеңер бир нерсеге үйрөтүүгө аракеттенишсе:*

а) үйрөнөсүңөр;

б) таарынтпаш үчүн үйрөнүмүш болосуңар;

в) шылтоо таап кутулууга аракет кыласыңар.

10. *Ата-энеңер үй тиричилигине жардам бергиле деп суранышса жардам бересиңерби?*

а) ооба;

б) кээде;

в) мажбурлаганда.

*Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн керектелүүчү «ачкыч».*

| Жооптор | Суроолордун номери | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | ? | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| А | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 |
| Б | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| В | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |

Юдон 22 упайга чейин. Силердин индивидуалдуулугуңар эч качан керүнбөй калышы мүмкүн. Келечеке көз чаптырбай, түркөйлүктү норма катарында кабыл алып, керпенделик турмушта жашайсыңар. Бүт бойдон бирөөнүн көзүн караган немесиңер. Анын үстүнө, көбүнчө өзүңөргө, андан да көбүреек силерге жан тарткан адамдар «дос сөрөйлөр» деп аташкан досторунарга көз каранды немесиңер. Өзүңөрдү өзүңөр коргой албайсыңар. Анткен менен өзүңөрдү жакшы дос деп эсептеп, «досторубузду» коргой алабыз деп ойлойсуңар. Кеп уруш-мушташ жөнүндө гана эмес, «өзүңөрдө алгылыктуу ой-пикирлер барбы жана аны коргой аласыңарбы?» деген мааниде болуп жатат. Мүмкүн силер өз ой-пикириңерди коргой аласыңар. Бирок, бул процесс силердин акыл-чабытыңар аркылуу эмес, өжөрдүгүңөр менен гана коргоого умтулууңар аркылуу болуп өтөт. Ал эми «өжөрдүк бул алсыздыктын белгиси» деп айтылат.

СУНУШ. Жакшы жана жаман жорук-жосунуңар «дос сөрөйлөрдөн» алдында кадыр-баркымды түшүрөт деп ойлогонду токтоткула. Түркөйлүккө ыктабай, жарыкка карай умтулгула!

23төн 38 упайга чейин. Эгер кыйналып-кысталбай эле өзүңөргө «үч» жана «беш» койгон болсоңор, анда индивидуалдуулугуңардын ойгонуюн деп калганы. Силер жаман таасирлерге каршы туруштук бере аласыңар жана мектепте окуган жылдар - бул турмуштун босогосу экенин түшүнүп, келечегиңерге кез жүгүртө аласыңар. Турмуш жана анын сапаты азыр эмне иштеп жана кантип иштеп жатканыңарга жараша болот. Башка адамдар жөнүндө ойлойсуңар. Ойлогонун го ойлойсуңар, бирок көпчүлүк учурда эч нерсе иштебейсиңер. Башкаларга жардам берип, камкордук коргөн адам келечекте байкалбай, баркталбай калбай турган бир катар жакшы сапаттарга ээ боло турганын али түшүнө элексиңер.

СУНУШ: Индивидуалдуулук башка адамдардын жыргалчылыгы үчүн жасалган жорук-жосундардан көрүнө тургандыгын унутпагыла. Жакшылык кылууга шашылгыла, ал өзүнөргө үч эселенип кайтып келет.

39дан 50 упайга чейин. Силердин индивидуалдуулугуңар бир кыйла даражада ачык көрүнүп калган. Чындыгында эмненин пайдалуу экенин жана өзүңдү өзүң өркүндөтүүң үчүн бошко кеткен убакыттын баасын билесиңер. Өзүңөрдү өзүңөр башкарууга эркиңер жетет, ошондуктан иштегенден коркпойсуңар. Билеги күчтүүлөргө эмес, «баары эле ушинтишет» деп ар кандай жийиркеничтүү нерселерди жыттап, чегип, жутуп жана ичип жүргөндөн качып, кызыктуу жана пайдалуу боло турган адамдар менен жакындашууну каалайсыңар. Силер менен алакада болуу жеңил. Башкаларды өзүңөргө тартып турасыңар, ал эми өзүңер болсо муктаж болгон адамдарга жардам көрсөтүүдөн ырахат аласыңар.

СУНУШ: Ушул маанайда уланта бергиле!

Бышыктоо учун суроолор:

1. Социалдык психологиядагы инсан (личность) түшүнүгү.
2. Инсандын индивидуалдуулугу.
3. Бул ыкманын келечектеги кесибиндеги ордy.

## Методика: Сиз мамилечил адамсызбы?

Адамдар арасындагы карым катнаштын эффективдүүлүгү, мазмундуулугу ар дайыш эле обьективдүү шарттардан көз каранды эмес. Көпчүлүк мезгиддерде субьективдүү шарттардан, б.а. адамдын инсандык касиеттеринен дагы көз каранды. Адамдын карым-катнашка болгон жакындыгын мүнөздөөчү инсандык сапаттарга мамилечилдикти, сөзмөрлүктү, чечендикти ж.б. киргизүүгө болот.

Ушундай сапаттардын бири мамилечилдикди аныктоо үчүн ушул ыкманы сунуш кылабыз.

*1 Сизге жакпаган адам конокко чакырса, барат белеңиз?*

*а)* ооба;

б) өзгөчө майрам учурларында гана;

в) жок.

2 *Эгерде конокко барган мезгилиңизде жаныңызда душманым деп эсептеген адамыңыз олтуруп калса, эмне кылат элеңиз?*

а) ага көңүл бурбайм;

б) суроо берсе жооп берип коем;

в) аны сүйлөшүп олтурууга өзүм мажбурлайм.

3 *Эгерде жолдошуңуздун үйүнүн босогосуна барганда, үй-бүлөлүк чатактын жүрүп жаткандыгын угуп калсаңыз, эмне кылат элеңиз?*

а) такылдатып кирип барам;

б) чатак буткүчөктү күтүп турам;

в) кирбей кетип калам.

4 *Эгерде конокко барганда жакпаган тамакты дасторконго алып келишсе эмне кыласыз?*

а) жакпаганына карабай жейм;

б) үй ээсине жей албасымды айтам;

в) аппетитимдин жок экендигине шылтайм.

5 *Нандын кандайын тандайсыз?*

а) эң коозун;

б) эң таттуусун;

в) колума тийгенин алып кете берем.

6 *Эгер компанияда сөз токтоп калса, эмне кыласыз?*

а) кимдир бирөө жаңы тема баштамайынча унчукпайм;

б) сөздү улантышка өзүм аракеттенем.

7 *Эгерде сизде кандайдыр бир ыңгайсыздыктар пайда болсо, таанышта-рыңызга айтасызбы?*

а) сөзсүз;

б) досторума гана;

в) эч кимге айтпайм.

8 *Бирөөдөн уккан окуяларды кошумчалап айта аласызбы?*

а) ооба;

б) болор-болбос;

в) жок.

9. Жакшы көргөн адамыңыздын сүрөтүн өзүңүз менен дайыма алып жүрөсүзбү?

а) ооба;

б) кээде;

в) эч качан.

10 *Компанияда олтурганда айтылган анекдотко түшүнбөй калсаңыз эмне кыласыз?*

а) башкаларга кошулуп каткыра берем;

б) унчукпайм;

в) жанымдагылардан кайталап айтып беришин өтүнөм.

11 *Компанияда олтурганда башыңыз кокустан катуу ооруп келсе, эмне кыласыз?*

а) эптеп чыдап отурам;

б) баш оорунун дарысын сурайм;

в) үйгө жөнөйм.

*12 Эгерде конокто олтурганыцызда телевизордон жаккан берүүнүн башталып калгандыгын билсеңиз эмне кыласыз?*

а) үй ээсинен телевизор коюшун суранам;

б) башкаларга жолтоо болбос үчүн коңшу комнатадан көрөм;

в) кербөй кала берем.

*13 Конокто олтурганда сизге кандай кырдаал жагымдуу?*

а) башкалардын көңүлүн ачып олтурган;

б) башкалар менин көнүлүмдү ачып олтурса;

в) мага баары бир.

*14 Конокто канча убакыт олтурушуңузду алдын-апа аныктап коймо адатыңыз барбы?*

а) жок;

б) кээде;

в) ооба.

*15 Газетанын кабарчысы интервью сураса эмне кыласыз?*

а) аны сезсүз жарыкка чыгарышын суранам;

б) жооп беруүдөн баш тартам;

в) мага баары бир.

*16 Жаман көргөн адамыңыз менен сырдашып көрүүгө кызыгасызбы?*

а) албетте;

б) айрым учурларда;

в) жок.

*17 Сиз үчүн жагымсыз болгон чындыкты сүйлөп жаткан адамдын оюна кошуласызбы?*

а) дайыма эмес;

б) эгерде менин оюма ылайык келсе;

в) жок.

*18 Эгерде бирөө менен талаш жүргүзүп калсаңыз, аны качан токтотосуз?*

а) канча эрте болсо, ошончо жакшы;

б) талаш эч кандай мааниге зэ болбой калса;

в) каршылашымды ишендирмейинче.

*19 Элдин алдына чыгып ырдай аласызбы?*

а) жан дилим менен;

б) эгерде суранышса;

в) эч качан;

*20 Жаңы жылды шаардын борбордук аянтында тосмой адатыңыз барбы?*

а) ооба;

б) жок;

в) туш келген жеримде тосом.

*Изшдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн төмөнкү «ачкычты» пайдаланасыз.*

| Жооп-тор | Суроолордун номери | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| А | 20 | 0 | 5 | 10 | 0 | 5 | 30 | 15 | 0 | 0 | 5 | 0 | 20 | 0 | 10 | 15 | 25 | 0 | 0 | 20 |
| Б | 5 | 5 | 10 | 0 | 5 | 15 | 5 | 5 | 5 | 5 | 10 | 5 | 5 | 5 | 0 | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 |
| В | 0 | 25 | 0 | 5 | 10 | - | 0 | o | 10 | 10 | 0 | 10 | 2 | 15 | 5 | 0 | 0 | 10 | 10 | 0 |

280-300 балл. Сиз берилген суроолорго көңүл койбой жооп бердиңиз же чын ниетиңиз менен жооп бербедиңиз. Мүмкүн болсо, кайрадан жооп берип чыгыңыз. Себеби, мындай көрсөткүчкө ээ болгон адамдын турмушта болушу мүмкүн эмес.

201-280 балл. Сиз бош убактыңыздьг адамдардын арасында гана өткөрүүнү каалайсыз. О.э. ар кандай адам топторунун эңсеген коногу жана маектеши боло аласыз. Сиздин сөздөрүңүз таасирдүү болуп, эң сонун уга билгич жана суйлөп бергич сапаттарына ээсиз. Мындай сапаттар сизди каалагандай эле компаниянын жандандыруучу адамына айлантат. Сизге кеңеш: сөзмер, шайыр десе эле бардык нерсени тамашага айландыра бербей, сүйлөгөн сездөрүңүзгө жоопкерчиликтүү мамиле дагы жасаңыз. Себеби, турмушта тамаша канчалык керек болсо, токтоолук, сыпайылык дагы ошондой эле керек болот.

101-200 балл. Сиздин коомдук турмушка болгон мамилеңизди аныктоо жеңил эмес. Бир жагынан сиз адамдар арасында болуу менен ырахат алсаңыз, экинчи жагынан адамдар арасына көнө албай кыйналып дагы чыгасыз. Бирок, чакыруу болгон жерлерге барбай кое албайсыз. Сиз жакшы көргөн адамдарыңыздын арасында отуруп гана өзүңүздү эркин сезесиз жана жагымдуу убактыңыздын көпчүлүгүн дагы ушул адамдар менен өткөрөсүз.

51-100 балл. Сиз жалгыздыкты сүйөсүз. Бош убактыңыздын көпчулүгүн дагы чоң компанияларда эмес, үй-бүлөлүк тар чөйрөдө өткөрөсүз. Мазмунсуз сүйлөгөн адамдарды аябай жаман көрөсүз. Атактуу адамдардын көпчүлүгүнүн ушул категорияга киргендиги тарыхтан белгилүү.

0-50 балл. Сиз өтө эле түнтсүз жана коомчулукка мүмкүн болушунча аралашпай жашоого аракеттенесиз. Ошондуктан, көпчүлүк адамдар сизди тамашаньгн обьектисине айландырып алышкан. Сизге берер кеңеш: адамдар менен көбүрөөк аралашууга, сүйлөшүп турууга аракетгениңиз. Себеби, биринчиден, айланаңыздагылар мүмкүнчүлүгүңүздү, жөндемүңүздү билишпегендиктен сизди төмөн баалашат, экинчиден адамдар арасында болуу сизге көп нерселерди үйрөтөт. Бул өзүңүз үчүн эле керек.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Мамиле жана өз ара мамиле жөнүндө түшүнүк.
2. Мамиле жана инсан.
3. Бул ыкманын келечектеги кесибиңдеги орду.

## Тема: Социалдык психологиядагы карым катнаш түшүнүгү

### 1. Коомдук турмуштагы карым катнаштын орду

Социалдык психологиянын эң башкы милдети болуп социалдык реалдуулукка өз ички дүйнөсүне ээ болгон жеке адамдын коомго мамыр-жумур болуп аралашуу механизимин ачып берүү саналат. Бул социалдык шарттардын инсандын ишмердүүлүгүнө таасир тийгизишинин натыйжасы канчалык экендигин түшүнүү үчүн өтө зарыл, бирок мунун татаалдыгы адамдын жүрүм-турумун алгач «социалдык эмес» кийин гана адам «социалдык» жүрүм-турум жасайт деп айтуу туура эмес, Алгач инсанды изилдеп, анан аны социалдык байланыштар системасына кошуп кароого болбойт. Инсандын езү бир жагынан социалдык байланыштардын «мөмөсү» болуп саналса, экинчи жагынан инсан социалдык байланыштардын жаратуучусу жана өзгөртүүчүсү болуп да эсептелет. Инсан менен социалдык байланыштар системасынын өз ара таасир этүүлөрү (макроструктурада - жалпы коомдо; микроструктурада - адамдарды курчаган чөйрөдө) бөлөк болуп ажырымда турган обьектилердин - нерселердин өз ара аракеттери (таасир этүүлөрү) эмес. Ушул айтылгандардан инсанды дайыма коомдук мамилелердин жалпы тутумунда, б.а., «социалдык контекстте» гана кароо керек. «Социалдык өңүт» инсандын сырткы дүйнө менен болгон реалдуу мамилелеринен көрүнөт. Психология илиминде мамиле, карым-катнаш маселеси чоң мааниге ээ болуп анын коомдогу орду, мааняси, табияты, милдети, кызматы орус илиминде В.Н.Мясищев тарабынан илимий негизде иштелген. Изилдөелөрде карым-катышка, мамилеге басым жасоо жаратылыш обьектилерин изилдеп үйрөнүүде аларды айлана-чөйрө менен болгон байланышына кароо керек деген жалпы методологиялык принциптин ишке ашышы болуп саналат, Адам үчүн мындай байланыш болуп *карым-катнаш, мамиле* саналат, анткени байланышта адам субьект, ишмер катары өзүн көрсөтөт. В.Н Мясищевдин айтуусунда, адамдын тышкы дүйнө менен болгон байланышында обьектилердин байланыштарындагы ролдору бекем түрдө бөлүштүрүлгөн. Айбандар да тышкы дуйнө менен байланышта болушат, бирок, Маркстын сөзү менен айтканда, айбандар эч нерсеге «мамиле жасабайт», эч нерсе менен «карым-катышта болбойт. Карым-катнаш, мамиле болгон жерде, ал карым-катнаш жана мамиле «мен үчүн» жасалат, башкача айтканда, карым-катнаш, мамиле дайыма адамдык мамиле

турундө берилет жана субьектинин активдүүлүгүнүн күчүнө жараша аныкталат.

Бирок иштин баары адамдын дүйнө менен болгон карыш-катышынын мазмуну, денгээли ар түрдүү: ар бир адам башка адамдар менен карым-катнашта болушат. Ошентип адам ар кандай жана ар башка карым катнаштардын субьектиси болуп калат. Мына ушундай көп кырдуу жана ар башкача карым-катнаштардыш арасынан негизги экөөнү айырмалап бөлүү керек. Алар - *коомдук* мамиле жана, В.Н.Мясищев айткандай, инсандын *«психологиялык»* мамилеси.

Коомдук мамилелердин түзүмү социология илими тарабынан изилденет. Социологиялык теорияларда коомдук мамилелердин ар кандай турлөрунүн өз ара (субординациясы) - экономикалык социалдык, саясый, идеологиялык ж.б. - мамилелери аныкталган. Жыйынтыгында алардын баары коомдук мамилелердин тутумун түзөт. Алардын атайын өзгөчөлугү болуп анда адам менен адам жен эле «жолугушпастан» жана бири-бири менен жөн эле «мамилелешпестен», ар бир адам белгилүү коомдук группанын (таптын, кесиптин же эмгекти белуштүрүүдөн келип чыккан бөлөк группалардын, саясый партиянын ж.б.) *өкүлү катары мамиледе* болушат. Андай мамилелер бирөөнү жактыруу же жактырбоонун негизинде курулбастан, коомдук системада ээлеген ордуна жараша мамиле жаралат. Ошондуктан андай мамилелер обьективдүү шарт менен шартталат, социалдык группалардын ортосундагы же ошондой социалдык группалардын өкүлү катары адамдардын өз ара мамилелешүүсү болуп саналат. Бул деген сөз коомдук мамилелердин *жеке инсандык мунөздө болбой - жаксыз (безличный) мүнөздө* болушун көрсөтөт: анын маани-маңызы коомдук мамиле конкреттүү инсандардын өз ара аракетгенүүлерүнөн эмес, тескерисинче, конкреттүү *социалдык ролдордун өз* ара аракеттенүүлөрүнөн ишке ашат.


***Социалдык** роль* дегенибиз - коомдук мамиленин системасында тигил же бул адамдын ээлеген белгилүү бир ордун аныктап көрсөтүү. Тактап айтканда, роль дегенде «коомдо норма катары кабыл алынган журүм-турумдун белгилүү үлгусүнө ылайык ошол позицияны тутунган ар бир адамдан ошондой жүрүм-турумдун аткарылышынын күтулуусү». Социалдык ролдордун жалпы нугунун түзүлүшү, адамдын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна көз каранды болбойт, себеби анын субьектиси адам эмес коом субьект болуп саналат. Социалдык ролдорду мындай түшүнүүдө укуктар менен милдеттерди («кутуү» термини менен берилет) баса белгилеп көрсөтүү мааниге ээ болбостон, социалдык ролдордун инсандын айрым социалдык ишмердүүлүүктөрунүн түрлөрү менен байланышы бар экендиги чоң мааниге ээ болот, Ошондуктан социалдык роль дегенибиз *социалдык ишмердүүлүктүн коомдук з[illegible] түрү жана инсандын жүрүм-турумунун ыктары* болуп саналат. Мындан сырткары социалдык роддор дайыма коомдук баалоону өзүнө камтып турат: айрым социалдык ролдорду коом колдоого алышы же четке кагышы мүмкүн (мисалы, «кылмышкер» деген роль колдоого алынбайт), к[illegible]а

колдобоо ар кандай социалдык группаларда айырмачылыктарга ээ болуп кээде ролду баалоодо тигил же бул коомдук группаны социалдык тажрыйбасына жараша башкача мааниге ээ болуп калышы мүмкүн. Бул жерде айта кетчү сөз, андай баалоодо тигил же бул конкреттүү адам эмес социалдык ишмердүүлүктүн туру жактырылышы же жак1ырылбашы мүмкүн. Ошентип адамдын ролу жөнүндө айтып жатып, ал адамды белгилүү бир социалдык группага «кошуп», ошол группа менен окшоштурабыз.

Чындыгында, ар бир адам бир нече социалдык ролдорду аткарат: ал бухгалтер, ата, профсоюздун, футболдук команданын мүчөсү ж.б. болушу мүмкүн. Айрым социалдык ролдор адам төрөлгөндө эле берилсе (мисалы: аял же эркек болуу), калгандарына турмуш жолунда ээ болот. Бирок социалдык ролдор өзү эле ар бир роль ээсинин ишмердүүлүгүнүн жана жүрүм-турумунун бүт езгөчөлүгүн аныктабайт: баары адамдын ролдун мазмунун өзүнө сиңиришине, өздөштүрүүсүнө жараша болот. Ролду өздөшгүрүү, анын мазмунун өзүнө сиңирүү ошол ролду алып жүргөн адамдын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүүнө жараша аныкталат. Ошондуктан коомдук мамилелер өз маани-маңызында ролдук, жаксыз мамиле болгондуктан, чындыгында, реалдуу көрүнүшүндө белгилүү «инсандык тускө» ээ болот, Талдоонун айрыш деңгээдеринде, мисалы, социологияда жана саясий экономикада андай «инсандык түс» жөнүндө ой чабыттатсак, анын реалдуу жашагандыгы көрүнөт. Ошондуктан айрыш билимдин өзгөчө тармагында, алсак, социалдык психологияда ал ар тараптуу кеңири изилдөөгө алынууга тийиш. Коомдогу инсандык жуз көрүнбөгөн мамиле системасында адам инсандык жүзүн сактоо менен, өз ара аракеттенүүлөрдө (таасир этүүлөрдө) жана карыш катнашда адамдар сөзсүз түрдө өзүнүн мүнөзүндөгү жекече өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Ошол себептен ар бир социалдык роль жүрүм-турумдуи турукту көрүнүүчү шаблонун, өзгөрүүсүз үлгүсүн берет деген сөз эмес, дайыма ошол ролдогу адамга өз жүзүн көрсөтүү «мүмкүнчүлүгүнүн» диапазонун» калтырат, аны шарттуу түрдө *«ролду аткаруу стиш* деп атоого болот. Мына ушул диапазон коомдун инсандык жуз көрүнбөгөн мамиле системасынын ичинде экинчи катардагы мамилелердин - *инсандар ортосундагы* же, В.Н.Мясищев айткавдай, психологиялык мамиленин негизи болуп саналат.

## 2. Карым катнаштын түзүмү

Карым **катнаштын** татаалдыгын эске **алып,** анын ар бир элементин талдоо оной болсун үчүн кандайдыр бир жол менен анын түзүмүн билүү керек. Карым катнаштын түзүмүн аныктоодо анын кызматтарын аныктаган сыяктуу эле, ар тарабынан кароого болот. Биз карым катнаштын түзүмүн өз ара байланышкан **коммуникативдик; интерактивдик** жана перцептивдик үч жагын (өнүтүн) бөлүп аныктайбыз. **Төмөнкү** схемада карым **катнаштын түзүмү чагылдырылат.**




*2-сүрөт Карым катнаштын түзүмү*

Карым катнаштын ***коммуникативдик*** жагы - тар маанисинде коммуникация, **баарлашып** жаткан адамдардын өз ара маалымат алмашуусу болуп эсептелет. Карым катнаштын *интерактивдик* жагы өнөктөштөрдүн ортосунда өз ара аракетенүүнү уюштуруу, **б.а.,** билимдерин, идеяларын гана бири-бири менен алмаштыруу эмес, аракетгерди да ***алмаштыруу*** болуп эсептелет. Карым катнаштын ***перцептивдик*** жагы — баарлашып жаткан **өнөктөштөрдүн** бири-бирин **таанып-билиши,** анын негизинде бири-бири менен өз ара **түшүнүшүүгө** жетишишүүсү. Албетте, бул терминдер шарттуу түрдө гана алынган, башка бөлүштүрүүлөрдө ушуга окшош **терминдер** да колдонулат. **Мисалы, Б.Ломов** карым катнаштын маалыматтык-коммуникативдик; жөнгө **салуучулук-коммуникативдик;** аффективдүү-коммуникативдик деп үч кызматын бөлүнүп көрсөтөт. Карым катнаштын ушул жакгарынын жана кызматтарынын мазмунун айрыкча **эксперименттик** деңгээлде талдоого алуу негизги милдет болул саналат. Албетте, реалдуу чындыкта бул үч жактын ар бири бири-биринен бөлүнүп жашабайт. **Мындай** бөлүштүрүү талдоону онойлотуу үчүн, айрыкча эксперименттик изилдөөлөрдүн тутумун түзүү үчүн түзүлөт. Бул жерде **айтылган** карым **катнаштын** жактары кичи группаларда, башкача айтканда, **адамдардын** түздөн-түз апака тузгөн шарггарында көрүнөт. Талдоонун атайын предмети болуп биргелешкен массалык аракеттерде, айрыкча чоң **группаларды, социалдык** кыймылдарды изилдел үйрөнүүдө, адамдардын бири-бирине таасир этүүлөрүнүн механизмдери жана каражаттары аныкталат.

## Тема: Карым катнаштагы маалымат алмашуу (карым катнаштын коммуникативдик өңүтү)

### 1. Адамдардын маалымат алмашуусунун өзгөчөлүктөрү

Коммуникация женүндө тар мааниде сөз кылсак, биргелешкен ишмердүүлуктүн жүрүшүндө адамдар бири-бири менен идеялары, кызыгуулары ар кандай маанайлары, сезимдери, алган таасирлери жөнундө (сез кылышат жана) маалыматгарды алмаштырышат. Алгач бул процесс биргелешкен ишмердүүлүктөн ажырагыс түрдө жургөн жана ишмердүүлүк аткарылган учурда көрүнөт. Кийин гана *психикалык өзүнчө кубулуш* катары бөлүнүп чыгып, анын өзгөчөлүгү болуп атайын каражатгарды жаратышы-семиотикалык өзгөчөлүктөргө ээ болушу - эсептелет. Адамдардын бири-бирине билгендерин айтып пикир алышуусу коммуникация - ***маалымат*** *алмашуу - процесси* катары түшүнүлөт. Ошондуктан адамдардын бүт маалымат алмашуу процесстерин маалымат теориясынын терминдери менен чечмелеп-түшүндүрүүгө болот. Мындай кадам жасоо методологиялык жактан туура болбойт. Айрым мүнөздүү өзгөчөүктөрү түшуп калгандыктан кээ бир кемчиликтери болсо да маалымат берүү процесси адамда маалымат алмашуу менен гана чектелбейт. Маалымат бир эле багытка коммуникатордон реципиентке жөнөтүлүшү («кайта байланыш» тушүнүгүнун киргизилиши абапдыг өзгөртпөйт) гана эске алынат. Мында дагы бир касиет байкалбай калат. Маалымат теориясынан адамдын коммуникациясына караганда маселенин сыртына гана кеңүл бурулат: маалымат кандайча берилет, ал эми адамдын карьгм катнашында бир гана маалымат берүү меиен чектелбей, маалымат *калыптанат, такталат* жана *өнүктүрүлөт* Карым катнаштын маалымат алмашуу өңүтүн мүнөздөөдө маалымат теориясынын айрым түшүндүрмөлөрунө таянганыбыз менен, эки адам маалымат апмашкан учурда маалымат алмашуу процессинии кандай түрдөгү атайын өзгөчөлүктергө ээ боло тургандыгын тактап алуубуз керек.

*Биринчиден,* маалыматты жөиөтүүчү бир нерседен маалыматты апуучу экинчи нерсенин ортосунда «маалыматтын жылып жүрүүсү». гана ишке ашпастан, эки активдүү субьектинин өз ара *мамшесине* туш болобуз. Алардын маалымат алмашуусу биргелешкен ишмердүүлүктү аткарууга алып келет. Башкача айтканда, коммуникация процессине катышкан эки адам бири-бирине маалымат жөнеткөндө өзүнүн гана эмес берки адамдын да жүйөсүн, максаттарын, кызыгууларын, установкасын эске алуу менен, В.Н.Мясищев айткандай, «*кайрылат»* Схема түрүндө **субьект-субьектин *мамилеси*** (S - 8) жүрөт. Жөнөтүлгөн маалыматка жооп иретинде экинчи адам тарабынан жаңы маалымат жөнөтүлөру күтүлөт. Ошондуктан коммуникация процессинде маалымат жөн эле жылып журбестөн, жок дегенде активдүү түрдө маалымат апмашуу жүрөт. Адамдардын маалымат алмашуусунда эң негизги өзгөчөлүк карым

катнашга катышкан ар бир адам үчүн маалыматгын маанилүүлүгу өзгөчө ролго, мааниге ээ экендигинде, себеби адамдар маанилерди гана «алмаштыруу» менен чектелбестен, А.Н.Леонтьев айткандай, алар *жалпы маани* табууга умтулушат. Буга маалыматты кабыл алуу менен гана жетишилбестен, маалыматтын *түшүнүлүшү, ацдап билиниши* менен жетишилет. Коммуникация процессинин маани-маңызы бири-бирине маалымат гана берип, маалымат алмашуу эмес, биргеликте нерсени тушүнүүгө жетишүү. Ошондуктан ар бир коммуникация процессинде ишмердүүлүк, карым катнаш жана таанып билүү биримдикте берилет.

*Экинчиден,* кибернетикалык аппаратгардан айырмаланып, адамдардын ортосундагы маалымат алмашууда белгилердин тутумунун жардамында баарлашып жатышкан өнөктөштер бири-бирине *таасир эте алышат.* Башкача айтканда, маалымат алмашуу сезсүз түрдө өнөктөштүн жүрүм-турумуна таасир этип, өзгөртүүгө багытталат, белги коммуникативдик процесске катышкан адамдардын абалын өзгөртөт, бул -жердеги маанисинде «карым катнашдагы белги эмгектеги эмгек куралы сыяктуу мааниге ээ болот». Карым катнашта коммуникативдик таасир этүү ушул процесстин катышуучуларынын биринин же экинчисинин журүм-турумун, нерсе жөнүндөгү түшүнүктөрүн, ой пикирин өзгөртүүгө багытталган психологиялык таасир этүү болуп саналат. Коммуникациянын натыйжалуулугу дагы ушундай таасир этүүнүн канчалык натыйжалуу болгондугунан көрүнөт. Ошондон улам маалымат алмашууда эки багыттагы - коммуникациянын катышуучуларынын мамилесинин тибин өзгөртүү жана алардын ортосунда ишенимдин пайда болуусу (же пайда болбоосу) процесси журет. Албетте, кибернетикадагы «таза» маалымат алмашуу процессинде булар жүрбөйт.

***Үчүнчүдөн,*** маалымат алмашуунун натыйжасы катары коммуникациядагы таасир этуүнун ишке ашуусу үчүн маалымат жөнөтүүчү (коммуникатор) менен маалымат алуучу (реципиент) бирдей жана окшош *коддун жана деккоддун тутумуна ээ болушу керек* Жөнөкөйлөтүп айтканда, «баары тең, бир тилде сүйлөшүүсу керек». Коммуникация процессинде коммуникатор жана реципиенттин орду алмашып тургандыктан, бул өтө зарыл маанилүү. Адамдардын ортосундагы ар кандай маалымат алмашуу да алар колдонгон белгилердин маанилери экөөнө тең тушүнүкту болгондо гана, адамдар бири-бирин түшүнүүгө жетишет. Бул кырдаадды түшүндурүүдө социалдык психология лингвистикадан *«тезаурус»* терминин (группа мүчөлөрүүнүн баары үчүн маанилердин тутумунун жалпы (түшүнүктүү) болушу) алып колдонот. Анткени сездөрдун маанилери белгилүү болсо да, аны адамдар социалдык саясый, курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша ар башкача түшүнүшөт. Ошондуктан баарлашып жаткандар тил каражаты аркылуу баарлашса, лексикалык жана синтаксистик тутумду гана эмес, карым катнаш кырдаалын дагы бирдей түшүнүүсу шарт. Буга ишмердүүлүктүн жалпы тутумуна коммуникация кошулганда гана жетишүүгө болот.

Айтьшган маалымат менен аны түшүнүүнүн ортосундагы айырмачылыкты Дж.Миллер төмөнкүдөй турмуш мисалында түшүндүрөт. Күйөөсү иштен үйүнө келсе, аялы: «Мен электрлампочкаларын сатып келдим», - деген сөздөр менен тосуп алса, күйөөсү бул сөздөрдүн маанисин түз эле түшүнбөстөн, сөздүн түпкү маанисин да түшүнүп, ашканадагы күйүп калган лампочкаларды алмаштыруу керек экендигин кошо туят.

*Төртүнчүдөн,* адамдардын коммуникациясында ***коммуникациялык*** *тоскоолдуктардын* өзгөчө түрлөрү бар. Ал коммуникация каналынын бузулушунан, коддон же декоддон болбостон, социадцык жана психологиялык мүнөздөгү тоскоолдуктар болуп саналышат.

Бир жагынан андай тоскоолдуктар карым катнаш кырдаалын бирдей түшүнбөөдөн келип чыгышы да мүмкүн. Тилдин ар башка экендигинен эмес, баарлашып жатышкан өнөктөштөрдөгү терең айырмачылыюардан улам келип чыгат. Ага *социалдык* (саясый, диний кесиптик) айырмачылыктардан адамдар бир эле түшүүнүктү башкача түшүнгөндөн гана эмес, дүйнө таанымдан, дүйнө түшүнүүдөн, дүйнөнү сезип билишинен да айырмалангандан келип чыгат. Андай тоскоолдуктар обьективдүү социалдык себептерден да келип чыгып, өнөктештөрдүн ар башка социалдык группаларга жана маданиятка тиешелүү болушу менен байланыщтуу болот. Ушулардан коммуникациянын карым катнаштын бир өңүтү экендиги даана көрүнөт. Кандай тоскоолдуктар болсо да, коммуникация процесси жүрөт. Анткени согушуп жатышкан душмандар да макулдашууга жетишүүгө аракеттенетэмеспи.

Экинчи жагынан коммуникациядагы тоскоолдуктар ***психологиялык*** мүнөздө болот. Ал айрым учурда баарлашып жаткан адамдын жекече өзгөчөлүгүнөн келип чыгышы мүмкүн (мисалы: етө тартынчаактыктан, ичимден таптык, тил табыша албастык, карым катнашдагы, мамиледеги тажрыйбасыздык, бири-бирин жактырбоо, ишенбөөчүлүк ж.б.). Ошондуктан азыркы социалдык психологияда *калп айтуу* жана *ишенүү* маселелери изилдөөгө алынууда. Мында кибернетикалык куралдардын ортосунда болбой турган карым катнаш менен мамиленин ортосундагы байланыш ачык көрүнет. Мына ушулардын баары адамдарды карым катнашга үйретүүнү уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоого, мисалы, социалдык-психологиялык тренингди уюштуруу шартында, мүмкүндүк берет.

Адамдардын маалымат алмашуусундагы мына ушуп саналып өткен өзгечөлүктөр аны бир гана маалымат теориясынын терминдерин колдонуп түшүндүрүү жана чечмелөө менен чектелип калууга болбой тургандыгын керсөтет. Жогоруда айтылгандарды эске алып, ал терминдерди жаңы мааниде колдонуу туура болог. Мисалы, коммуникация процессинин типтерин түзүүдө маалымат теорияоындагы «сигналдардын багыт алуусу» түшүнүгү колдонулат: а) *аксиалдуу* (лат. axis-ось-ок) коммуникативдик процесс-сигналдары айрым маальшат алуучуларга, б.а., айрым адамдарга жөнөтүлөт. б) *ретиалдуу* (лат. Rete-сеть-тор) коммуникация процесс-сигналы (адреске) адамдарга жөнөтүлөт.

Азыркы коомдо — маалымат каражаттарынан ретиалдуу коммуникативдик процесстерди изилдөөнүн мааниси өсүүдө. Себеби сигналдардын группага жөнөтүлүшү анын мүчөлөрүн ошол группага жөнөтүлүшү анын мүчөлөрүнүн ошол группагатиешелүү экендигин андан билүүгө түрткү берет, сигналдар жөн эле жөкөтүлүү менен чектелбей, коммуникативдик процесстин катышуучуларын *социалдык жактан багыттап* да турат. Мындан бул процесстин мазмунун ачып берүүдө маалымат теориясынын терминдери менен гана чектелүү жетишсиз болору керүнет. Коомго маалыматтын таралышы «ишенүү» жана «ишенбөө» аркылуу етөт. Туура маалыматка ишенбей, жалган маалыматка ишенип калышы, маалымат каналы ушундай фильтрден кандай кырдаалдарда тосулуп каларын билүү психология үчүн етө маанилүү. Ошондой эле таасирин күчтөтүүчү жана басандатуучу каражаттардын жыйындысын билүү пайдалуу. Андай каражаттардын жыйындысы фасцинация деп аталат. Маалыматты коштоп жүрүүчү ар кандай каражатты фон жаратат, андан негизги маалымат утат жана анын ишенбөөчүлүк фильтринен өтүүсүнө оңой болот. Маалыматтын музыка менен, түс менен, мейкиндик менен коштолушу фасцинацияга мисал болот. Маалымат эки типке — *түрткү берүүчү* жана *фактыны билдирүүчү* болуп — бөлүнөт. Түрткү берүүчү маалыматтар буйрук, кеңеш берүүдө, өтүнүчтө билдирилип, адамга кандайдыр бир аракет жасоого шыкак берет. Шыкактын түрлөрү көп. Анын бири *активдештирүү* — белгиленген багытта гана аракеттерди жасоого түрткү берүү. Дагы бири *интердикция* — айрым жагымсыз, керексиз аракетгерди жасабоого түрткү берүү. Акыркысы дестеблизация — макулдашышган аракеттердин жана ишмердүүлүктөрдүн аткарылышын бузууга багытталат.

Фактыны билдирүүчү маалымат - маалыматты *бшдирүү* формасы менен гана чектелет, түздөн-түз жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталбастан, кыйыр түрдө жүрүм-турумду, ишмердүүлүктөрдү өзгөртөт. Маалыматты билдирүүнүн мүнөзү ар кандай; кеңүл кош, «баары бир» түрдө же күчтүү ынаным менен маалымат берүү ж.б.

Азыркы педагогикада мугалимдин маалымат билдирүүсү канчалык деңгээлде ынандыруунун элементгерин өз ичине кошуусу жөнүндө талкуу жүрүүдө.

## 2. Вербалдык коммуникация. Кеп.


Коммуникация кандай каражаттар аркылуу жүргөндүгүнө, байланыштуу *вербалдык* (тил аркылуу) жана *вербалдык эмес* (тилсиз) болуп бөлүнөт.

Вербал - латын сөзү, кыргызча (кеп сөз) дегенди билдирет. Коммуникацияда белгилик система катары көп колдонулат. Кеп-коммуникациянын универсалдуу каражаты. Карым катнашда *вербалдык*

***коммуникациянын*** белгилер тутумун адамдардын кеби (речи) түзөт, б.а., тилдик бирдиктердин жана каражаттардын мааниге ээ болгон тутуму эске алынат.

Тил карым катнаш жүргүзгөн адамдардын ортосундагы коммуникацияны камсыз кылат. Информация адам максатка ылайык сөздөрдүн сөз тизмектерин тандап, тилдик талаптарга салып чечмелеп, реципиентке (информацияны кабыл алуучу адам) багытгайт. Реципиент кабыл алган информацияны чечмелеп түшүнүп, ошого жараша өзүнүн жүрүш-турушун өзгөртөт. Коммуникатор (информация берүүчү адам) менен реципиент жалпы иш-аракетги, максатты, жүзөгө ашыруу үчүн экөөнө тең түшүнүктүү тилде сүйлөшүш керек. Эгер биринин берген маалыматын экинчиси толук түшүнбөсө, ез ара түшүнүшүү, таасир этүү бузулат, иш максатына жетпейт. Кеп коммуникациянын эң универсалдуу каражаты болуп саналат, анткени ал аркылуу берилип жаткан маалыматтын мааниси жөнөтүлгөн адреске кемибей толук жетет. Ал үчүн баарлашып жаткан өнөктөштөрдүн карым катнаш кырдаалын түшүнүүсү, тезаурстун жалпы болушу шарт. Адам кеп менен байланышкан учурда, аны өз ара түшүнүшүүгө тоскоол болчу процесстер да коштоп турат. Алар эки типтеги маанини колдонуу мүмкүнчүлүгү: *денотивдик* (маанинин формалдуу аныктамаларда, дефиницияларда берүү: «балка» мык кагуучу курал) жана *коннотативдик* (маанилердин эмоционалдык байланышта колдонуу: «балка» — оор муздак нерсе), *полисемия бир* эле сөздүн көп мааниде чечмеленип колдонулушу) жана ***синонимия*** (бир эле нерсени, кубулушту түшүндүрүүдө ар башка сөздөрдү колдонуу). Ал эми ар *башка маданияттын өкүлдөрү* баарлашкан учурда бул процесстердин таасири да күчөйт. Кептин жардамында маалымат коддолот жана декоддолот маалыматг берүүчү (коммуникатор) сүйлөп жатып маалыматгы коддойт, ал эми маалыматты алып жаткан адам (реципиент) маалыматты угуп жатып декоддойт. Кепте ***текст*** аркылуу маалымат берилет. Текстте мамилеге жараша эки процесс — «сүйлөө» жана «угуу» — жүрөт, (вербалдык коммуникациянын психологиялык элементтери катары бул терминдерди И.А.Зимная кийирген) ( Зимная, 1991).

Сүйлөөчүнүн жана угуучунун *ырааттуу аракети* жакшы изилденген билдирүүнүн берилиши жана кабыл алынышы К — С — Р = коммуникатор — сүйлөө — реципиент ассиметриялуу болот. Муну схема менен берүүгө болот.




*3-сүрөт Билдирүүнү берүү жана кабыл апуу*

Коммуникатор үчүн маалыматтын мааниси коддоого чейин эле белгилүү болот, анткени «сүйлөөчү алгач белгилүү ойго-мааниге ээ, аны кийин белгилер тизимине айлантат. «Угуучу» болсо билдирүүнүн маанисин декоддоо менен *бир учурда* түшүнөт. Мындан биргелешкен ишмердүүлүк кырдаалынын маанисинин чоң экендиги ачык көрүнөт: аны андап билүү декоддоо процессинин ичинде жүрө тургандыгы, билдирүүнүн маани-маңызын кырдаалсыз түшүнүү мүмкүн эместиги көрүнөт. Айтылган сөздүн толук маанисин угуучунун түшүнгөндүгү «коммуникативдик ролдор» *алмашканда* гана коммуникаторго түшүнүктүү, ачык-айкын болот, б.а., реципиент коммуникаторго айланганда коммуникациядан кабыл алган маалыматты кандай түшүнгөндүгүн өз жообу аркылуу билдирет. Диалог же диалогдуу кеп ыраттуу түрдө «сүйлөшүү» коммуникациялык ролдордун алмашуусу аркылуу жүрөт жана кеп аркылуу билдирилген маалыматгын маани-маңызы аныкталат. Башкача айтканда, «маалыматтын өнүгүшү, кеңейиши, байышы ишке ашат. Бул кубулуштун эң орчундуу куралы болуп *кайра байланыш — бирөөнүн* билдирүүсүнө жооп кылып жөнөтүлгөн билдирүү - саналат.

Вербалдык карым-катнаш оозеки, жазуу түрүндө реалдашат.

Диалогдук кеп. Вербаддык коммуникациянын каражаты болуп сөз саналат. Сөз ачык же купуя айтылат, же (ичтен), жазуу түрүндө же дудуктар да өзгөчө жаңсоолор менен туюнтулат. Коммуникатордон реципиентке, тескерисинче реципиенттен коммуникаторго бериллүүчү маалыматтар оозеки, жазуу, диалог аркылуу монолог берилет. Кептин ар бир түрү коммуникация процессинде түрдүү салмактагы жүктү көтөрүп, карым-катнаштын калыптанышында ез салымы болот.

Кептин эң жөнөкөй жана карым-катнашта кеңири колдонулган курал диалог. Диалогдук кеп дайыма кепти реплика (каяша) какшык ж.б. у. сыяктуу маанай айрым фразалардын кайталанышы, кошумчалоо, түшүндүрүү ж. б. ыкмалар менен коштолот. Мындай маанилерди терең аңдоо коммуникаторлордун ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө байланыштуу. Диалогдо адамдын эмоциялык сезими чоң мааниге ээ. Ошондуктан таң

калууда, сүйүнүүдө, ачуланууда сөздүн мааниси, сүйлөмдүн интонациясы, өзгөрүп, рецепиентке берилүүчү маалымат башкача кабыл алынып, бузулуп калышы да ыктымал.

Монологдук кеп. Коммуникациялык процессте монологдук кеп аркылуу маалымат алмашууда негизги орунда турат. Монологдо бир адам еүйлөп, жалгыз индивидге же адамдар тобуна маалымат берилет. Ал диалогдук кепке караганда татаал келет. Берилүүчү ой алдын ала такталат, грамматикалык эрежелердин толук сакталышы, ойдун ырааттуу өнүгүшү зарыл. Монологдук кеп диалогдук кептен кийин калыптанат. Ал үчүн ой баяндалып белгилүү тажрыйбалары талап кылынат.

Вербалдык карым-катнаштагы кептин экинчи түрү - жазуу кеби, кептин бул түрү башка түрүнө караганда кеч пайда болот.

## 3. Вербалдык эмес коммуникация

Вербалдык эмес карым-катнашта тилдин ордуна, биринчиден, оптика кинетикалык белги системасы колдонулат. Мында маалымат беруүчү аны алып жүрүүчү каражат катары мимика (беттин монорикасынын өзгөрүүсү), пантомимика (дененин кейпи) эсептелет. Дененин түрдүү бөлүктөрүнүн маалыматтарынын мазмунуна жараша өзгөрүшү адамдардын маапыматтарга карата өз ар мамилелерин ачык чагыщдырат. Маалыматтарды мындай каражаттар менен берилишине субьектилердин ортосунда «белгисиз» субьектилердин өздөрү гана түшүнө турган маалыматтык масса пайда болот. Экинчиден вербалдык эмес карым-катнашты паралингвистикалык (үндүн сапаты, диапазону, тоналдуулугу), экстралингвистикалык (кептеги тынымдар), ыйлоо, жөтөлүү, сөздүн темпи, күлкү системалары ишке ашырат. Маалыматтардын мындай каражаттар аркылуу берилишинде адамдардын ортосундагы түшүнүшү күчөйт, маалыматтар такталып, анын нюанстары бир канча эсе жогорулайт.

Г.М.Андреева вербалдык эмес каражатгарга төмөнкү негизги белгилер системасын кошот:

1.Оптико—кинетикалык;

2. Паралингвистикалык жана экстралингвистикалык;

3. Коммуникациялык процесстин мезгилде жана мейкиндикте уюшулушу;

4. Визуалдык контакт.

Кеп сүйлөшүүнүн, баарлашуунун универсалдуу каражаты, ал аркылуу маалымат түздөн-түз берилет жана аз жоготууга учурайт, Вербалдык эмес каражатгар төмөнкү функцияны аткарат: кепти толуктоо, кептин ордуна колдонуу, карым-катнаш өнөктөрүнүн эмоционалдык абалдарын билдирүү.[7]

Е.В.Руденский вербалдык жана вербалдык эмес каражатгарды негизинен 5 группага бөлөт:

а) лингвистикалык (кептик)

---

[7] Г М Андреева Социальная психология М ,Сорос 2000 Стр 124

б) оптико-кинетикапык (жест, мимика, понтомимика)

в) паралингвистикалык (үндүн сапаты, анын диапозону, тонал-у)

г) экстралингвистиклык (пауза, күлкү, ый, кептин темпи)

д) мейкиндик мезгилдик (дистанция, карым-катнаш орду, мезгили жана кырдаалы) кептик каражаттар карым-катнаштагы жана мамиле учурундагы баарлашуунун мазмунун аныктоочу логико-маанилик линияны түзөйт. Бул линияны сөздүк таасир деп аташат. Сөздүк таасирдин сапаты жана натыйжалуулугу, анын коммуникативдик аракетчилдиги субьект канчалык деңгээдде кептин психотехникасын өздөштүргөндүгүнө байланыштуу. Кептин психотехникасы сүйлөшүү учурунун психологиялык шартына ылайык өз үнүн, дикциясын, интонациясын башкаруу болуп эсептелет.[8]

Эгерде лингвистикалык каражаттар сөздүк таасирдин мазмундуулугун аныктаса, паралингвистикалык жана экстралингвистикалык каражаттар анын көркөмдүүлүгүн аныктайт.

Л.И.Чернышова да Г.М.Андреева сыяктуу каражаттарды вербалдык жана вербалдык эмес деп чоң эки топко бөлөт. Бирок ал вербалдык эмес каражаттарды кеңирирээк изилдеген. Муну 4 группага бөлгөн· кинесика, паралингвистика жана экстралингвистика, таксеика жана проксемика. Анын ою боюнча, кинесикалык каражат карым-катнаш процессинде керүнүүчү регулятивдүү функцияны аткаруучу субьект өнектүн көрүнүп кабыл алынуучу кыймыл аракетгери. Ага мимика, поза, жест, көз-караш жана басуу езгөчөлүгүндө байкалуучу кыймыл-арактеттер кирет.

Паралингвистика жана экстралингвистикалык каражаттар адамдын үнү менен байланыштуу. Алар аркылуу адамдын психикалык жекечелигин аныктап, эмоционалдык абалын таанууга болот.

Паралингвистика — үндүн бийиктиги, тондун катуулугу, тембри, басым, күчү.

Экстралингвистикапык система - кепке паузанын адамдын ар түркүн психофизиологиялык көрүнүштөрүн: ый, жөтөл, күлкү ж.б. кирет.

Проксемикалык каражатка баарлашуу мезгилинде субьектердин ээлеген абалы жана ортолорундагы аралык кирет. Америкалык антрополог Э.Холл «проксемика» деген терминди киргюген, маанисин которгондо «жакындык» дегенди билдирет. Э.Холл сүйлөшүү мезгилиндеги адамдар ортосундагы аралыкты 4 түргө бөлгөн:

*Интимдүу аралык* (0-45 см ге чейин) - эң жакын адамдар сүйлөшөт;

*Персоналдык* (45-120 см ге чейин) - тааныш адамдар менен сүйлөшүү;

*Социалдык* (120-400 см ге чейин) — тааныш эмес адамдар менен же официалдуу сүйлөшүүлөрдө;

*Публикшык* (400-750 см ге чейин) — аудитория алдында чыгып сүйлөө.

Сүйлөшүп жаткан адамдардын мамилеси атаандаш же бири-биринен коргонуу мүнөздө болсо, анда алар бири-бирине карап олтурушат; жолдоштук маектешүүдө - уй мүйүз сыяктуу позицияда олтурушат;

[8] ЕВ Руденский Курс лекции по социальной психологии М ,Сорос 2001 стр-110

кооперативдик жүрүм-турумда столдун бир жагында болушат; ал эми көз каранды эмес адамдар диогоналдык абалды ээлешет.

Бир караганда вербалдык каражатка караганда вербалдык эмес каражат анча маанилүү эместей туюлат Бул пикирдин жаңылыш экендигин А.Пиз өзүнүн *«Дене кыймылынын тили»* деген эмгегинде көрсөткөн. Анын изилдөөсү боюнча маалыматтын 7% свз аркылуу, 38% үндүк каражаттар аркылуу, ал эми 55% вербалдык эмес каражаттар аркылуу берилери аныкталган.[9]

Мындайча айтканда кептик канал аркылуу нукура малымат кабар кетсе, вербапдык эмес канал аркылуу сүйлөшүп жаткан енөктөшкө болгон мамиле билдирилет.

## Тема: Карым катнашдагы өз ара аракеттенүү процесси (карым катнаштын интерактивтик өңүтү)

### 1. Интеракция жөнүндө түшүнүк

Интеракция - англис сөзү, кыргызча (өз ара таасир, бири-бирине таасир этүү). Адам өз алдына койгон максатты, бирөөгө берген убаданы же ишеничти аткаруу үчүн рецепиенттен өтүнөт, буйрук берет, түшүндүрөт. Ушул каражаттар менен рецепиентке таасир этет. Рецепиент коммуникатордон алган маалыматтарды кабыл алып, алардын маанилерин чечмелеп, ага жараша пайда болгон ички оюн кайрадан коммуникаторго берет. Натыйжада, интеракция процесси жүрөт.

Личносттук өз ара таасир этүүдө коом тарабынан иштелип чыккан, бир канча муундар тарабынан колдонулуп такталган социалдык нормалар (жүрүш-туруштун үлгүсү, регламенти), социалдык контролдоо зор роль ойнойт. Социалдык контрол тигил же бул адамдын, топтун жүрүш-турушун кубаттоо, жазалоо, ушак айың кылуу аркылуу социалдык норманы коом талап кылган чекте турат.

Социалдык норма интеракцияга өткөн адамдардын жүрүш -турушун, аракеттерин, кылык жоруктарын иретке салып, бирдей эрежелерди сактоого мажбурлайт. Социалдык нормапардын туура аткарылышы, жетеке алынышы интеракциялашкан адамдардыш ар биринин жашына, статусуна жараша тигил же бул курагына туура келбеген ролду аткарса, анда реципиент анын ролун аткарышына байланыштуу. Эгер улгайган адам өзүнүн социалдык нормасынан чыгып, туура эмес журүш-турушта турганын сезип, андан анча пайда жок экенин туюп, ага тескери жүрүш-туруштарды көрсөтүүгө мүмкундүк алат. Мындай абал тескери конфликтинин пайда болушуна шарт түзөт. Социалдык психология аны ролдук конфликт деп атайт. Интеракциалашкан личносттор бири-биринен ролдордун туура аткарылышын күтет, ага кызыгышуу. Бул албетте, социалдык нормалардын жөнгө салынып турушуна негиз болот.

---

[9] Давид Майерс **Социальная психология** Москва-Сорос 2002, стр 132

Карым-катнаштын перцептивдүү структурасы. Перцепция- латын сөзү, кыргызча "кабылдоо, кабыл алуу, же өз ара кабыл алуу" дегенди билдирет. Психологияда өз ара түшүнүшүү (взаимопонимание) же адамды адам кабыл алуу кубулушуна колдонулат.

Конкреттүү иш-аракеттин максатына жараша коммуникаторлордун информация алмашууга болгон керектөөсү карым-катнаштын башталышы болуп эсептелет. Информация-карым-катнашты башкаруунун негизги шарты, бирок ал өзүнөн өзү карым-катнашты башкарууга күчү жетпейт. Ал үчүн коммуникатордун ортосунда өз ара таасир этүүнүн болушу абзел. Карым-катнашта коммуникация, интеракция процесстеринин толук ишке кириши менен перцепция процесси өзүнөн- өзү аракетке келип, карым-катнаштын туура түзүлүшүнө жана туура аткарылышына негиз тузөт. Эгер муну конкреттүү чечмелесек: карым-катнаш жасашкан адамдар иш аракеттин аткарылышына карата ар биринин мүмкүнчүлүгүн, табигый дарметин салмактап, натыйжанын пайда-зыянын, социалдык норманын чегинде адамдардын статусуна туура келишин таразалап, бир бүтүмгө келишет. Андан соң өз ара түшүнүшүп, личносттук мамиленин бир түрүн тандап, бири-бирине болгон активдүүлүктү, пассивдүүлүктү, ак пейилдикти, терс мамилени көрсөте башташат. Ошентип, коммуникаторлордун ортосунда психологиялык атмосфера пайда болуп, иш-аракет эффективдүү жүрөт.

## 2. Өз ара аракеттенуүнүн табияты жана түзүмү

Карым катнащцагы өз ара аракеттенүү адамдардын биргелешкен ишмердүүлүктөрүн уюштуруу менен байланыштуу болгон, адамдардын ез ара таасир этүүлерү менен байланышкан карым катнаштын элементтерин мүнездөө үчүн колдонулуучу шарттуу алынган термин болуп саналат. Социалдык психологияда өз ара аракеттенүүлөргө байланыштуу маселелер мурдатан эле изилденип келе жатат. Адамдардын карым катнашуусу менен өз ара аракеттенүүсүнүн ортосунда байланыштын бар экендиги көзгө даана көрүнет. Алардын айырмачылыктарын ажыратуунун кыйындыгынан экспериментти так жүргүзүүдө да кыйынчылыктар жаралат. Айрым авторлор коммуникацияны тар маанисинде маалымат алмашуу катары түшүнүп, карым катнаш менен өз ара аракеттенүүнү бир деп эсептешет. Дагы башкалары болсо карым катнаш менен өз ара аракеттенуүнү айрым-айрым процесстер деп эсептеп, бирок алардын ортосунда айрым процесстердин коммуникативдик форманын мазмунга карата өз мамилеси бар деп түшүнөт. Кээ бир учурларда карым катнаш коммуникация, ал эми ез ара аракеттенүү интеракция катары өз алдынча жүрген процесс деп түшүнүлет. Алардын мындай болушу терминологиялык так эместиктерден да келип чыккан, мисалы, карым катнаш бирде кең, бирде тар маанисинде колдонулат. Карым катнаштын түзүмүн мүнөздөгөн схеманы колдонсок, башкача айтканда, карым катнаштын кең маанисинде инсандар ортосундагы

мамиледе жана коомдук мамиледе көрүнүүчү реалдуу нерсе катары, тар маанисинде маалымат алмашуу катары түшүнүлөт. Ошондуктан өз ара аракеттенүүнү карым катнаштын *башка өңүтү* катары эсептөө туура болот. Ал төмөнкүчө далилденет: эгер коммуникативдик процесс биргелешкен ишмердүүлүктүн негизинде пайда болсо, ишмердүүлүктү аткаруу үчүн билимдерди жана идеяларды алмаштыруудан бири-бирин түшүнүүгө, ишмердүүлүктү андан ары биргеликте уюштурууга, өнүктүрүүгө алып келет. Ишмердүүлүк көп адамдардын катышуусу менен жүрсө, ар бир адамды ишмердүүлүгү өз салымын кошууга түртөт. Ошондо өз ара аракеттенүүнү карым катнашда *биргелешкен ишмердүүлүктү уюштуруудеп* түшүнүүгө негиз жаралат.

Биргелешкен ишмердүүлүктү аткарууда маалымат алмашуу гана чоң мааниге ээ болбостон, «аракеттерди алмашуу» да чон, мааниге ээ болот. Кандай аракеттенүү керектиги уюштурулат. «Башка адамдын башында пайда болгон планга» ылайык келүүчү өз аракеттерин жасоого даярдануу чыныгы биргелешкен ишмердүүлүктүн аткарылышына алып келет.

«Өз ара аракеттенүү» дегенде карым катнаштын кайсы өңүтү каралат деген суроого карым катнаш маалымат алмашуу аркьшуу биргелешкен аракеттерди жасоону уюштурган, өнөктештөр үчүн жалпы болгон ишмердүүлүктү аткарууга алып келүүчү жагы деп жооп берүүгө болот. Бул айтылгандар коммуникациядан өз ара атакеттенүү ажырабай тургандыгын, ошондой эле бири-бирине окшош бирдей (айырмачылыгы жок) деп эсептөөгө болбой тургандыгы көрүнөт. Биргелешкен ишмердүүлүкгүн негизинде коммуникация уюшулат. Биргелешкен ишмердүүлүк аткаруу үчүн адамдарда бири-бири менен *маалымат* алмашып туруу жана *аракеттердин* өзүн бирдей кылуузарылдыгы келип чыгат.

Аракеттерди алмаштыруу процессинин психологиясынын мазмуну үч нерседен:

а) башка адамдын башында пайда болгон планды эске элып, аны өз планы менен салыштыруудан;

б) өз ара аракеттенип жаткандардын ар биринин кошкон «салымын» талдоодон;

в) ар бир өнөктөштүн өз ара аракетенүүгө аралашыш деңгээлине акыл калчоодон - турат.

Булардын ар бирине мүнөздөмө берүүдөн мурда өз ара аракетенүүнүн *структурасына — түзүмүнө* тоюолуп кетели. Социалдык психологиянын тарыхында андай түзүмдү сыпаттоо аракеттери көп жолу жасалган. Алардын кеңири тараганы *аракеттер теориясында* же *социалдык аракеттердин теориясында* ар бир жекече аракет актын сыпаттоого аракет жасалган. Буга социологдор (М.Вебер, П.Сорокин, Т.Парсонс) жана социалдык психологдор кайрылышкан. Алардын баары өз ара аракеттенүүнүн айрым элементтери катары адамдар, алардын байланышы, бири-бирине таасир этүүсү жана анын натыйжасынан келип чыккан өзгөрүүлөрдү белгилешкен. Дайыма милдет өз ара аракетгенүүдө жасалуучу аракеттин эң күчтүү жүйөсү эмне экендигин табуу болгон. Анын

кандайча ишке ашырылгандыгын Т.Парсонстун теориясынан көрүүгө болот. Ал социалдык жүрүм-турумдун түзүмүн сыпатгоочу категорияларды табууга аракеттенген. Социалдык ишмердүүлүктүн негизинде айрым бир аракеттерден турган инсандардын өз ара аракеттенүүсү жатат. Айрым бир аракет элементардык акт болуп, алардан аракеттердин тутуму түзүлөт. Ар акт өзүнчө бөлүнүп алынат, ажыратылат, алардын элементтери - а) аракетти аткаруучу; б) «башка киши» (аракет багыталган обьект); в) эрежелер (өз аракеттеүүнү уюштурулушунун эрежелери); г) баалуулуктар (аракеттин катышуучулары тутунган баалуулуктар); д) кырдаал (аракет аткарылуучу кырдаал). Адам ез муктаждыктарынын тутумуна негизделген жүйөдөн улам аракетке келет. Аракет жасап жаткан адам «башка кишиге» карап өз максатына умтулууга багыт алат жана кандай жооп аракеттер боло турганын күтөт. Андай багыттын 5 жуп түрүн бөлүп алып, ошого жараша өз ара аракеттенүүлөрдү түрлөргө бөлүштүрөт. Ушуга таянып, адамдьш бут ишмердүүлүгүн сыпаттоого болот деген божомол бар. Бул аракет ийгиликсиз болуп калган. Себеби аракеттин схемасы абстракттуу түзүлүп калгандыктан, ар түрдү аракеттерди эксперименттик жол менен текшерүүгө жана эмпирикалык жактан талдоого алуу мүмкүн эмес болгон. Концепцияны түзгөн адам тарабынан гана жападан жапгыз изилдөе жүргүзүлгөн. Анткени бул концепцияда аракеттин *мзмунун* табуу кыйын болгон. Ал эми бир бүтүн социалдык ишмердүүлук гана мазмунга ээ болот. Ошондуктан социалдык ишмердүүлүктү мүнөздеөден баштап, анан айрым жекече аракеттердин түзүмүн мүнөздөөгө өтүү керек [Леонтьев, 1972]. Парсонс сунуш кылган изилдөө багытында социалдык контекст эсепке алынбай калгай. Себеби социалдык ишмердүүлүктүн бүт өзгечөлүкгөрү жеке адамдын психологиясынан келип чыгат деп түшүндүрүлгөн.

Өз ара аракеттенүүнүн түзүмүн табуунун дагы бир аракети анын өнүгүү баскычтарын табуу менен байланыштырылып каралат. Мында өз ара аракеттенүү элементардык актыга эмес стадияларга бөлүштүрүлет. Муну поляк социологу Я.Шепанский сунуштаган. Социалдык жүрүм-турумду мүнөздөөдө Я.Шепанский үчүн негизги түшүнүк болуп социалдык байланыштар саналат. Ырааттуу түрдө алар а) мейкиндиктеги контакт; б) психологиялык контакт (Щепанский - өз ара *бири-бирине кызыгуу* деген терминди колдонгон); в) социалдык контакт (бул жерде бааралашуу ишмердүүлүгү); г) «өз ара аракеттенүү (өнөктештү аракетке келтирүү максатында системалуу түрдө туруктуу келген аракеттерди жасоо); д) социалдык мамиле (бири-бирин толуктаган аракеттерди аткаруу) [Щепанскии 1969, 84]. Мында «социалдык байланыштар» мүнөздөлгөндөй көрүнгөнү менен, өз ара аракеттенүү толук мунөздөлгөн. *Өз ара* аракетгенүүдөн алдында болуучу ырааттуу баскычтардын катарын түзүү өтө эле туруктуу эмес. Бул схемада мейкиндик жана психологиялык контакт жеке аракеттин өбөлгөсү катары көрүнөт. Биргелешкен ишмердүүлүк катары түшүнүлгөн «социалдык алаканын» өз ара аракеттенүүлөрүнүн өбөлгөсү катары эсептелиши абалды

өзгертөт. Өз ара аракеттенүү биргелешкен ишмердүүлүктү ишке ашыруу болгондуктан, анын мазмунун изилдөөгө мүмкүнчүлүк жаралат. Ушул схемага жакын схеманы орус социалдык психологу В.Н.Панферов сунуштаган.

Өз ара аракеттин түзүлүшүн сыпаттоого багытталган дагы бир көз караш болуп *транзак талдоосу* саналат. Транзак талдоосу өз ара аракеттенүүгө катышкандарды жөнгө салуу үчүн *позициясын жөнгө* салууну, өз ара аракетенүүнүн *кырдаалын* жана *стшин эске алууну* сунуштайт. Бул кез караш боюнча, өз ара аракетгенүүгө катышкан адам уч позициянын: *ата-эне, чоң киши, баланын* - бирин тутунат. Бул позициялардын социалдык роль менен байланышы жок. Өз ара аракеттенүүдөгү адам тутунган позицияны психологиялык жактан мүнөздөө (бала позициясы «Мага», ата-эненин позициясы «ушундай аткаруу (кылуу) керек», чоң адамдын позициясында «мага» жана «ушундай аткаруу (кылуу) керек» позициялары ез ара биргеликте болот). Транзакция *«кошумча» мүнөздө* болсо, өз ара аракеттенүү натыйжалуу ишке ашат. Башкача айтканда, адам бирөөгө чоң адамга мамиле жасагандай мамйле жасаса, ага беркиси да ошондой позициядан жооп берсе, алар бири-бирин туура түшүнүшөт жана өз ара аракеттенүүлөрү натыйжалуу болот. Эгерде бири чоң адамдын позициясынан мамиле жасаса, экинчи адам биринчи адамга карата ата-эненин позициясынан жооп берсе, өз ара аракетенүү бузулат же мамиле токтойт. Себеби транзакция кайчы түрүндө ишке ашкан болот. Турмушта кездешүүчү мисалдарды төмөнкүдөй схемада крсөтөбүз: Аялы күйөөсүнө «Мен колумду кесип алдым» (Чоң адамдын, чоң адамга жасаган мамилеси). Эгер күйөөсү «Азыр таңабыз» десе, ал да аялына чоң адамча мамиле жасайт (1). А эгер күйөөсү «Дайым эле сен бир нерсеге кабыласың, турасың» десе, ата-эненин позициясынан (2) Эгер «Колуңду кесип алсаң, мен эмне кылайын» десе баланын позициясынан (3) мамиле кылат, «кийинки эки позицияда өз ара аракетке келүүнүн натыйжасы төмөн болот. Ушундай эле сунуш П.М.Ершов тарабынан жасапган. Позиция көрсөтүүдө «үстүнөн кайра куруу» жана төмөндөн кайра куруу» терминдерин колдонгон. Натыйжалуулуктун экинчи көрсеткүчү болуп - өнектөштүк *кырдаалды* («маалымат алмашуудагыдай эле») туура түшүнүү саналат. Социалдык психологияда өз ара аракеттенүүнүн кырдаалын бөлүштүрүүнүн түрлөрү көп. Жогоруда А.АЛеонтьевдин бөлүштүрүүсүн айтып өттүк (социалдык багыттагы, нерсеге багытталган, инсанга багытталган кырдаал). М.Аргайл менен Э.Берн муну башкача бөлүштүргөн. Аргайл кырдаалдарды официалдуу социалдык окуя, кокусунан жолугуша калуу, иште жана тиричиликтеги формалдуу контакт, ассиметриялык кырдаал (окууда, жетектөөдө ж.б.) деп, ал эми Берн ар кандай ритуал-расмий, жарым расмий (көңүл ачууларда) жана оюн (кеңири мааниде интимдик) деп бөлүштүргөн.

## Тема: Карым-катнаш адамдардын бирин-бири түшүнүшүү процесси катары
## (карым катнаштын перцептивдик жагы)

### 1. Социалдык перцепция түшүнүгү

Баарлашып жаткан адамдар бири-бирин ар кандайча түшүнүсү мүмкүн: максатгарын, жүйөөлөрүн, установкаларын түшүнүү же түшүнбөй калуу менен гана чектелип калбай, анын баарын өзүнө алууга макул болуу аркылуу ошол максаттарга, жүйөөлөргө, установкаларга ортоктош болууга жетишет. Бирок ушул экөөндө тең карым катнаштын өнөктөшү кандайча кабылдап жаткандыгы чоң мааниге ээ. Башкача айтканда, бир адамды экинчи адамдын кабылдоосу карым катнаштын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана шарттуу түрдө баарлашунун *перцептивдик* жагы деп аталат. Карым катнаштын ушул жагын чечмелөөдөн мурда колдонулуп жаткан терминдерди тактап алуубуз зарыл. Бир адамдын экинчи адамы кабылдоосу көп учурда *«социалдык перцепция»* деп аталат. Бул терминдин ушул маанисинде колдонулушунда так эместиктер бар. Бул термин 1947-жылы Дж.Брунер тарабынан кабыл алууга карата «жаңы көз карашты» изилдеп жаткан учурда киргизилген. Алгач социалдык перцепция дегенде таанып билүү процесстеринин социалдык детерминацияланышы түшүнүлгөн. Кийинчерек изиддөөчүлөр, айрыкча социалдык психологияда бул түшүнүккө башкача маани беришип, социалдык перцепция дегенде *социалдык объектилерди* (адамдар, социалдык группалар, социалдык жалпылыктар) кабыл алуу процесси түшүнүлгөн. Ушул маанисинде бул термин социалдык-психологиялык адабияттарда колдонулуп келүүдө. Мында бир адамды экинчи адамдын кабылдоосу социалдык перцепцияга кирет, бирок бул түшүнүк ушул менен чектелип калбайт деп түшүнүлөт.

Социалдык перцепцияны толук көз алдыбызга келтирүүгө аракеттенсек, төмөндөгүдөй татаал, көп бутактуу схеманы алабыз.

Бул жерде *обьектиниш* гана ар кандай вариант көрсөтүлбөстен, кабылдоонун *субьектиси* да ар варианттарда көрсөтүлөт. Кабылдоонун субьектиси адам (А) болгондо өзү менен бир группада болгон адамды кабылдайт (1). Башка группадагы башка адамды кабылдайт (2), Өзүнүн группасын кабылдайт (3), башка группаны кабылдайт (4). Буга чоң социалдык жалпылыктарды кошпосок да, төрт түрдүү өз-өзүнчө бөлүктөргө ээ болгон процесстер келип чыгат.

Мындан да татаалыраак керүнүш кабылдоонун субьектиси жеке адам эмес группа (Т) болгон учурда келип чыгат. Социалдык перцепция процесстеринин жогорудагы тизмесинин катарына төмөнкүлөр кошулат: группанын өз мүчөсүн кабылдоосу (5}, группанын башка группа мүчөсүн кабылдоосу (63}, группанын өзүн-өзү кабылдоосу (7), группанын башка бөлөк группаны бир бүтүн нерсе катары кабылдоосу (8).

Ушул экинчи катар тизими салт катары эсептелбесе да, башка терминдик аталышта ушул процесстер социалдык психология тарабынан

изилденип келүүдө. Алардын баары эле баарлашып жаткан өнөктөштөрдүн өз ара бири-бирин түшүнүүсүнө тиешелүү эмес. Түшүнүктүрөөк жана тагыраак болсун үчүн социалдык перцепция жөнүндө сөз кылбастан, ***инсандар ортосундагы*** перцепция же инсандар ортосундагы *кабылдоо* же адамды адам каблдоосу жөнүндө сөз кылуу туура болот. Ушул процесстер тикеден -тике карым катнашда аралашып-жуурулушкан түрүндө ишке ашат. Башкача **айтканда,** бул жерде схемадагы (1) позициялар жөнүндө сөз барууда.

Мындан сырткары дагы бир маселеге кенири токтолуп кетели. Социалдык обьектилерди кабылдоо көптөгөн өзгөчө касиеттерге ээ. Ошондуктан «кабыл алуу» деген сөздү колдонуу так эмес болуп калат. (Ошондой ой-пикирлерден улам адамдарды кабыл алуунун перцепция терминин кыргыз тилинде «кабылдоо» деген менен берип жатабыз - **М.М)** Жалпы психологияда перцептивдик процесстерди түшүндүрүүдөн айырмаланып, башка адамдын образы-элесинин калыптанышы жөнүндөгү маселени түшүндүрүгө басым жасайт. Ошондуктан социалдык-психологиялык адабияттарда азыркыга чейин ушул процессти тагыраак сыпаттап түшүнүк берүү маселелеринин тегерегинде дагы эле изденүүлөр жүрүп жатат. Мындай изденүүлөрдүн негизги максаты инсандар бири-бирин кабылдоо процессине башка таанып-билүү процесстерин толугурак өлчөмдө кошуу аракеттери жасалат. Андай учурда көптөгөн изилдөөчүлөр французча аталышка кайрылышат ***(«connaissanse -d autrui»?),*** анын маанисинде «башка адамды кабып алуу» дегенге караганда, «башка адамды таанып-билүү; деген маани басымдуулук кылат. Орус адабиятында да «башка адамды кабыл алуу» терминининин ордунда «башка адамды таанып-билүү» термини колдонулат.

Терминди кеңирээк түшүнүү аракети башка адамды кабылдоонун жекече касиеттериндеги өзгөчөлүктөр менен байланышкан. Буга обьектинин дене түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү мүнөздөө гана кирбестен, жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр, анын **ниеттери,** ой-пикирлери, жөндөмдүүлүктөр, эмоциялар установкасы ж.б. жөнүндөгү түшүнүк-элестердин калыптанышы да кирет. Мындан сырткары бул түшүнүктүн мазмунуна кабыл алуунун субьекти менен обьектини байланыштырып турган мамилелердин түшүнүк-элесинин калыптанышы да кирет. Мына ушулар физикалык обьектилерди кабыл алууда мааниге ээ болбогон факторлор социалдык обьекти кабылдоодо кошумча факторлор катары мааниси чоң экендиги ачык көрүнөт. Мисалы, кабыл алуунун селективдүүлүгү (тандалмалуулугу) деп аталган касиети ушул жерде өзгөче так көрүнөт селекция процессине таанып-билип жаткан субьектинин ма ксатынын маанилүүлүгү, мурдагы тажрыйбалары кошулуп өз таасирин тийгизет. Обьект жөнүндөгү жаны таасирлер мурдагы таасирлердин окшоштугунун негизинде категоризацияланышы стереотипизация-лоонун жүрүшүнө негиз болот. Бирок бүт ушул

кубулуш экспериментерде физикалык обьектилерди кабыл алууда катталган болсо да, адамды адам кабылдаган учурда алардын мааниси дагы бир канча деңгээлге күчөтүлүп көбөйөт.

Инсандардын бири-бирин кабылдоосу карым катнаштын бир жагы болгондуктан кабылдоонун субьектисинин активдүү түрдө катышуусу чоң мааниге ээ болот. Ошондой эле субьектинин күтүүлөрү, каалоолору, ниеттери, тажрыйбаларынын ролу чоң болуп саналат жана перцептивдик кырдаалда өзгөчө детерминант болуп кызмат кылат. Бул айтылгандардын баары башка адамды таанып билүү, енөктөштү түшүнүү гана эмес, мамиленин өзгөчө түрүн түзүү аркылуу макулдашылган бирдиктүү аракеттерди жасоого жетишүү экендигин билдирет. Мына ошондуктан «социалдык перцепция» термини же тар маанисиндеги, «инсандар ортосундагы перцепция», «башка адамды кабылдоо» терминдери адабияттарда эркин жана бир топ кеңири метофоралык мааниде колдонулат. Акыркы изилдөөлөрдө жана жалпыг психологияда кабыл алууну белгилүү өлчөмдө кабыл алуу менен башка таануу процесстери жакындаштырылып түшүндүрүлүүдө. Жалпысынан айтканда, башка адамды кабылдоо деген анын тышкы белгилерин кабыл алуу жана аны инсандык сапаттар менен салыштыруу, ошонун негизинде анын жүрүм-турумдарын чечмелеп түшүндүрүүгө жетишүү дегенди биддирет.

## 2. Инсандардын бири-бирин кабылдоосунун механизмдери

Адам карым катнашда дайыма инсан катары өзүн күрсөткүндүктөн, башка адамдар тарабынан да инсан катары кабыл алынат. Адамдын жүрүм-турумун сырттан карап туруп, ал адамды «окуйбуз», анын тышкы белгилеринин маанисин чечмелейбиз. Мына ушунда пайда болгон адамдын образ-элеси карым катнаш процесин жөнгө салууда чоң мааниге ээ. Биринчиден, башка адамды таанып-билип жатып, таанып-билип жаткан адам өзү дагы калыптанат. Экинчиден, башка адамды так «окуй алгандыгына» жараша биргелешкен аракеттерди ийгиликтүү уюштуруу ишке ашат. Башка адамдын образ-элесин түзүү адамдын *өзүн-өзү ацдап* билүүсүнүн енүгүү деңгээлине жараша болот. Бул байланыш эки жактуу болуп саналат. Бир жагынан өзүнүн образ-элеси бай (көп касиеттер менен мүнөздөлсө) болсо, башка адамдын образ-элеси да бай болот. Экинчи жагынан башка адам канчалык толук чечмеленип ачылса (көп жана терең сапаттары менен мүнөздөлсө), ошончолук өзү жөнүндегү түшүнүгү да кеңири жана терең болот. Бул маселе өз убагында философиялык деңгээлде Маркс тарабынан койулган: «Адам бөлөк адамды күзгү катары карайт. Өзү Павел деген адамга өзүнө окшош адам катары мамиле жасап гана, Петр деген адам өзүнө адам катары мамиле жасай баштайт».

Психологиялык талдоо деңгээлинде ушундай эле ойду Л.С.Выготский айткан:

«Инсан өзүндөгү сапаттары аркылуу башка адамдарга инсан катары көрүнгөндүгүнөн гана өзүн инсан деп эсептейт». Ушундай эле формадагы идея Мидде да бар. Өз ара таасир этүүлөрдү талдоодо «мааниге ээ болгон башка адам» образын киргизген, бирок Мидде бул образ тикедентике өз ара аракеттенүү кырдаалын гана мүнөздөсө, ал эми Б.Ф.Поршневдин пикири боюнча, «Петр өзүнүн табияттын Павел аркылуу таанып билет, себеби Павелдин артында бири-бири менен тыгыз карым-катнаш тутумунда болушкан коом, көптөгөн адамдар турат».

Ушул айтылгандарды карым катнаш кырдаалында колдонсо башка бирөөнү таанып-билүү аркылуу адамдын өз образынын абстракттуу эмес, кеңири социалдык ишмердүүлүктүн жана өз ара аракетенүүгө аралашкан шартта гана, ишке ашат десе болот.

Адам башка адам менен өзүн салыштырууга, окшоштурууга биргелешкен чечимдерди жасоо аркылуу жетишет. Башка адамды таанып- билүүдө бир эле учурда бир нече процесстер - башка адамга эмоционалдык баа берүү, анын жүрүм-турумунун куралышын түшүнүүгө аракеттенүү жана ошолордун негизинде анын жүрүм-турумун өзгөртүүнун стратегиясын аныктоого жана өзүнүн жүрүм-турумунун стратегиясын түзүүгө жетишүүгө аракеттенүү кошо жүрөт. Мына ушул процесстерге жок дегенде эки адам катышат жана алардын ар бири активдүү субьект болуп саналат. Ошондуктан өзүнүн башкага салыштырып окшоштуруу эки жактан тең жүрөт: өнөктөштөрдүн ар бири бири-бирине өздөрүн окшоштурушат. Өз ара аракеттенүүнүн стратегиясын түзүүдө апардын ар бири башка бирөөнүн муктаждыктарын, жүйесүн, установкасын гана эске-көңүлгө алуу менен чектелбестен, өзүнүн да муктаждыктарын, жүйөөлөрүн установкаларын, башка бирөө аны кандай түшүнүп жаткандыгын да эске апат. Булардын баары - башка бирөө аркылуу өзүн-өзү аңцап билүүсүн талдоо — *индентификация, эмпатия, рефлексия, казуалдык атрибуция жана стереотипизация* аркылуу ишке ашат. Алардын ар бирине кеңири токтолобуз.

*Идентификация* - латын сөзү, кыргызча "окшоштуруу, бирдей деп билүү" маанисин берет. Идентификация түшүнүгүн илимге З.Фрейд киргизген, патологиялык депрессияны, түш керүүнү түшүндүрүүдө колдонгон. Психология илиминде идентификация түшүнүгү төмөндөгү маанилерди өз ичине алат.

1. Түзүлгөн эмоционалдык байланыштын негизинде субьектинин башка индивидге же группаларга биригүү, кошулуу, аракети, башкалардын ички дүйнөсүн өзүнүкүндөй эсептеө. Мындай аракет даяр жүрүш- туруш үлгүсүн тууроодо, колдонууда көрүнөт.

2 Өзүвдөгү адамдык касиетгерди башка адамдарга жашайт деп кабыл алуу.

3. Тигил же бул иш аракетке, кырдаалга кабылганда өзүн башка адамдын абалында кармоо.

4. Өзүн башка бирөөлөр менен окшоштуруу, теңештирүү, ошолордоймун деп сезүү.

Идентификация аркылуу башка биреелөрдү кабыш алуу, аны үйрөнүү, таануу процесси жүрөт. Ал карым-катнашты калыптандырууда башкарууда негизги орунду ээлеп, башка адамды таанып-билүүнүн түшүнүүнүн эң жөнөкөй ыкмасы. Бул жалгыз ыкма эмес, бирок турмуш кырдаалында адамдар башка бирөөнүн ички абалын билүүдө жана түшүнүүдө езүн анын ордуна коюп көрүп, ал адамды таанып билүүгө, түшүнүүгө жетишет. Бул планда идентификация башка адамды таанып билүүнүн жана түшүнүүнүн бир ыкмасы катары көрүнөт. Идентификация процесси жана анын карым катнаш процессиндеги ролу көптөгөн эксперименттик изилдөөлөрдө текшерилген. Алсак, мазмуну жагынан жакын жана окшош болгон идентификация менен *эмпатиянын* ортосунда тыгыз байланыш боло тургандыгы аныкталган.

*Эмпатия* да башка адамды түшунүүнүн бир ыкмасы болуп саналат. Мында башка бирөөнүн көйгөйлөрун рационалдык түшүнүү эмес, анын көйгөйлөрүнө эмоционалдык жооп берүү - аны менен кошо кубануу, кайгыруу ж.б. - түз маанисинде эске алынат. Эмпатия түшүнүү дегенге каршы турат, бул жерде термин метофоралык мааниде гана колдонууда: «эмпатия» - деген эффективдүү түшүнүү дегенди билдирет. Анын эмоционалдык табияты башка адам, баарлашып жаткан өнөктөшү кабылган кырдаал ойлонулбастан, сезилип-туюлат. Эмпатия механизми белгилүү өлчөмдө идентификациянықындай эле: анда да, мында да езүн башка бирөөнүн ордуна кое билүү кырдаалы, нерсеге анын көз карашы менен карай билүү. Бирок нерсеге башка бирөенүн көз карашынан кароо үчүн сөзсүз эле өзүн башка биреөгө окшоштуруу зарыл эмес. Эгер мен өзүмдү башка бирөөге окшоштурсам, өзүмдүн жүрүм-турумумду, өзүмдү окшоштурган башка бирөө жүрүм-турум түзүп жаткандай жүрүм-турум түзем. Эгерде ага карата эмпатия менен мамиле жасаган болсом, мен *анын жүрүм-турумун эске алам* (сезим *менен мамиле кылам,* бирок өзүмдүн жүрүм-турумумду таптакыр башкача - өзүм каалагандай - уюштурам). Анысында да, мунусунда да башка адамдын жүрүм-турумун көңүлгө, эсепке алуу ачык көрүнөт, бирок биргелешкен аракеттеринин натыйжасы ар башка болот. Себеби анын позициясынан туруп, баарлашып жаткан өнөктөшү түшүнүп, ошого жараша аракеттенүү-бир нерсе, бирок түшүнүп, анын көз карашьш көңүлгө алып, ага сезим менен мамиле жасап, башкача, өзү каалагандай аракет жасоо - башка нерсе. Ушул эки учур тең дагы бир маселени чечүүнү талап кылат. Берки өнөктеш «мени» кандай түшүнөт, себеби «биздин» өз ара аракеттенүүбүз ошого жараша аныкталат. Рефлексия түшунүгү философияда колдонулган маанисинен айырмаланып, социалдык психологияда адамдын баарлашып жаткан өнөктөшү аны кандай кабыл алып, түшүнуп жаткандыгын андап билиши менен шарттaшкан. Бул деген башка адамды жөнөкөй эле билүү жана

түшүнүү эмес, башка адамдын «мени» кандайча түшүнүп жаткандыгын билүү болуп саналат. Өзүнчө эле бир нече чагылышкан татаал күзгүдөн бири- бирин көрүү «терең, ыраттуу бири-бирин чагылдыруу аркылуу чогуу аракетгенип жаткан өнөктөшүнүн ички дүйнөсүн ачып көрсөтүп, ошол ички дйнөдө берки биринчи адамдын ички дүйнөсү да көрүнөт»

Социалдык психологияда рефлексия көптөн бери изилденип келүүдө. Рефлекция (латын сөзү, кыргызча "артка кайрьшуу, өзүн өзү таануу") - субьектинин өз психологиялык деңгээлин өзү таануу аракети. Ал бир жагынан маалыматка ээ болуу, экинчи жактан өзүн өзү таануу гана абалдары болбостон , адамдын өзүнүн личносттук касиеттерин, эмоцияналдык реакцияларын, когнитивдик деңгээлин башка адамдардын кандай кабыл алуусун анализдөө процессин да билдирет.

Рефлексия жөнүндө окуунун узак тарыхы бар. Р.Декард "рефлекция адамдын өзүн тышкы чөйрөден абстракциялап, ички оюнун айланасында көңүл топтоо жөндөмдүүлүгү"- деп түшүнгөн. Д.Ж.Локк сезүү менен рефлекцияны өз ара ажыратып караган, рефлекцияны маалыматтын өзгөчө булагы катары санаган. Адамдын ички тажрыйбасы тышкы тажрыйбага караганда сезүү органдарынын тике катышынан пайда болот деген.

Өткөн кылымдын акырында Дж.Холмс Джон жана Генри деген адамдардын мисалында диадалык карым катнаш кырдаалын сүрөттөп, сыпаттоо аркылуу бул карым катнаш кырдаалында алты адам катышат дейт. Джон - кандай болсо ошондой (Холмс: «Джонду кудай кандай жараткан болсо ошондой»); Джон - өзүн өзү кандай көрүп таанып билсе ошондой Джон; Генринин көз карашында пайда болгон Джон. Ушундай эле үч позиция Генриде да болот. Кийинчерээк Т.Ньюком жана Ч.Кули кырдаалды алты адамга жеткирген. Джондун өз образынын Генринин ан - сезиминде кандайча элестетүүсү. Ушундай эле процесстин Генриде да бар болушу мүмкүн. Мындай өз ара чагылдырууну көбөйтө берсе болот. Бирок эксперименттик иэилдеөлөр практикасында бул процесстин эки денгээли гана колдонулуп (изилденип) келүүдө. Жалпысынан рефлексия модели төмөнкүдей болот:

А жана Б өнөктөштер бар. Алардын ортосунда коммуникация А-Б түзүлөт жана кайра байланыш бар. Б нын Ага жөнөткөн маалыматка жасаган реакциясы Б — А. Мындан сырткары А менен Б да өзү женүндөгү образы бар. А' жана Б' нын башка адам жөнүндөгү образы. А да Б жөнүндөгү - Б" жана Б да А жөнүндөгү — А". Коммуникативдик процессте өз ара аракеттенүү төмөнкүчө ишке ашат: А Б га кайрылып, А' катары Б" сөз сүйлөйт. Б Б' катары А га жооп берет. Анын реалдуу турмуштагы А га жана Б га дал же жакын келерин изилдөө керек, анткени А да Б да дал келбөөчүлүктөрдүн бар экендигин билбейт. Себеби А-А", Б жана Б" ортосунда каналдар жок. Карьш катнашдагы ийгилик А-А'-А" жана Б-Б'-Б" канчалык ажырым аз болсо, ошого жараша болот.

Андай дал келүүнүн маанисин оратор менен аудиториянын өз ара аракетгенүүсүнүн мисалында да көрсөтүүгө болот. Эгерде оратор (А) өзү жөнүнде (А'), угуучулар жөнүндө (Б"), айрыкча аны угуучулар кандай

4

кабылдап жаткандыгы жөнүндө туура эмес түшүнүккө ээ болсо, (А") анда ал аудитория менен түшүнүшө албайт, өз ара аракеттенүүлөр да жок болот. Мындай татаал комплексти бири-бирине **жакындатуу** - атайын аракеттерди талап кылган **өтө татаал** процесс. Андай каражаттардын бири социалдык психологиялык тренингдин бир түрү болгон, перцептивдүүлүк жөндөмдү арттырууга **багытталган** тренинг (Петровская **1989)** эсептелет.

Казуалдык **атрибуция (кырг.** себеп ыйгарам) - инсандардын бири-бирин кабылдоо механизмдеринин арасында өзүнүн маанилүүлүгү жана көптөгөн теориялык жана эксперименттик изилдөөлөрдө иштелгендиги боюнча өзгөчө орунда турат. Каузалдык атрибуция дегенибиз башка бирөөнүн жүрүм-турумунун чыныгы себептери тууралуу маальшат жок болгондуктан, анын жүрүм- турумунун себептерин түшүндүрүү үчүн белгилүү маалыматтарды, касиеттерди ж. б. ал адамга таңуулоо *(жабыштыруу - **приписывание)*** процесси болуп саналат. Карым катнашта, мамиледе өнөктөш болуп жаткан адамдын жүрүм-турумунун себептерин билүү муктаждыгы анын аракеттерин, жүрүм-турумун *чечмелөөнү* каалоодон улам келип чыгат. Башка **адамдын** жүрүм-турумун чечмелөө анын себептерине негизделип жүргүзүлет. Күндөлүк турмушта болсо, адамдар бири-биринин жүрүм-турумунун чыныгы себептерин билбейт, билсе да чала билет. Ошондуктан жетишпей жаткан маалыматгарды табуу үчүн адам өзү билген жана өзүндө бар (белгилүү бир сапаттарды, касиеттерди) башка адамга таңуулоо механизмдерин ишке салат. Таңуулоо (жабыштыруу) бөлөк адамды **кабылдап** жаткан адамдын мурдагы тажрыйбасындагы же башка бирөөлердүн жүрүм-турумундагы кайсы бир үлгүлөргө окшош болуп дал келип калгандыктан же ошондой кырдаалга өзү дуушар болуп **калса,** кандай жүйөлөр пайда **болорун** талдоого алууга негизделип (мында идентификация механизми да кошумча болуп кетет) жасалат. Кандай болгондо да атрибуциялоо жолдорунун толгон-токой тутуму ишке ашат. Таңуулоонун өлчөмү жана деңгээли эки көрсөткүчкө - аракеттин *типтүүлүгүнүн* же *кайталангыстыгынын* **деңгээлине** жана анын **социалдык** *«жагымдуулугуна»* же *«жагымсыздыгына»* — көз каранды болуп саналат. Биринчи учурда типтүү жүрүм-турум (мисалы, экзаменде студент эч нерсе айталбай жатса да, окутуучунун ага карата **чыдамкайлык** менен мамиле жасоосу) ролдук үлгүлөргө **ылайык** түзүлгөн жүрүм-турум эрежелери болгондуктан, аны бир жактуу чечмелөө оңой. Тескерисинче, кайталангыс **(уникальное)** жүрүм-турум (студенттин начар жообуна окутуучунун жер тепкилеп жинденүүсү, кыйкыруусу) ар кандай чечмелөөгө жол берет жана ар кандай себептерди, **өзгөчөлүктөрдү** белгилеп таңуулоого мүмкүнчүлүк түзөт. Ушундай эле экинчи учурда социалдык жагымдуу» жүрүм-турум дегенде социалдык жана маданий нормаларга дал келген жүрүм-турумду бир жактуу жана оңой түшүндүрүүгө (улуу адамга жол бошотуу) болот. Ушундай эрежелерди жана нормаларды бузуу **(кары** кишини түртүп жиберүү) -социалдык **«жагымсыз»** жүрүм-турумду түшүндүрүүнүн диапазону кеңири. Мындай жыйынтык,

С.Л.Рубинштейндин оюю боюнча, башка адамды үйрөнүүдө кеңүмүш шартта таанып билүүнүн «бүгүлгөндүгү» жүрүм-турум эрежелери, үлгүлөрү бузулган шартта «бүгүлбөгөндүгү» менен дал келет. Атрибуция теориясында жоопкерчиликти түшүндүрүү теориясынын көптөгөн эксперименттерине негизделип, алар инсандар ортосундагы мамиленин негизги мазмунун түзөт жана алардын практикалык мааниси бар деген жыйынтык чыгарылган (Муздыбаев, 1983). Бул жыйынтыкка баардыгы эле макул болгону менен, айрымдар атрибуция процесси менен инсандын бири-бирин таанып билүүсүн окшоштурууга, бирдей деп билүүгө мүмкүн эмес дешет.

Инсандардын кабылдоосундагы эң кеңири тараган механизмдеринин бири *стереотипизация* болуп, ал кең маанисинде бардык социалдык перцепция процессин коштоп жүрөт деп айтылат.

«Социалдык стереотип» деген термин биринчи жолу У.Липпман тарабынан 1922-жылы кийирилген. Ал бул терминди терс сапатта мүнөздөп, үгүт иштери жалган, так эмес түшүнүктөрдөн турат деген ойду айткан. Стереотип деген сөз- кең маанисинде адамдын же кайсы бир кубулуштун туруктуу келген образы, аны менен мамилелешкен учурда «кыскартышган түрдө» пайдаланышат.

Адамдар бири-бирин таанып билгенде, стереотиптерди пайдаланышат. Адатта стереотип кыска убакытта тажырыйбага ээ болгондо, жетишсиз маалыматтын негизинде жыйынтыкка келүүгө аракеттенгенде пайда болот. Көбүнчө стереотип адамдын кайсы топко же группага тиешелүүлүгүнө жараша жаралат. Ошондуктан адамдын кайсы кесипке тиешелүүлүгүнө жараша анын сапаттарын мүнөздөйбүз. «Бардык мугалимдер тантык, көп сүйлөшөт» ж.б.у.с. Мына ошондон стереотиптештирүү мурдагы тажрыйбага таянып, айрым окшоштуктарга негизделип, жыйынтыка келүү аракети катары көрүнөт.

Адамдардын бири-бирин таанып билүү процессинде стереотиптештирүүнү пайдалануусу эки түрдүү натыйжага алып келет. Бир жагынан башка адамды таанып билүү процесси белгилүү өлчөмдө *жөнөкөйлөштүрүлөт*. Бул учурда стереотип обьектини баалабайт, башка адамды кабыл алууда эмоционалдык жактыруу жана жактырбоо деген болбойт. Жөн гана адамдардагы белгилүү деңгээлде билинген же билинбеген сапаттарды жана касиеттерди штамп менен алмаштырып, ал адамдын образын түзүүгө алып келет. Ошондо адамдын так образы түзүлбөйт, бирок ал адамдын кабыл алуу процессин кыскартууга жардам берет.

Экинчи учурда сапаттарды аныктоо менен гана чектелбей, ага баа берүү аракеттери да жасалганда стереотиптештирүү нерсе жөнүндөгү алдына ала эле түзүлгөн сокур ынанымдын пайда болушуна алып келет. Эгерде ой жүгүртүү чектелген мурунку тажырыйбага негизделсе, ал эми ал тажырыйба терс мүнөздө болсо, бардык жаңы кабыл алынып жаткан анын өкүлү терс сапаттар менен таанып билинет. Көптөгөн эксперименттик изилдөөлөрдө стереотиптер айрыкча лабораториялык шартка караганда

реалдуу шартта адамдардын бири- бирин тура түшүнүүсүнө терс таасирин тийгизе тургандыгы далилденген. Айрыкча этникалык стереотиптер өтө кеңири тараган, мында кайсы бир этникалык топтун өкүлү жөнүндө чектелген маалыматтын негизинде ошол группа жөнүнде жыйынтыкка келинет. Ушул жогоруда айтылгандар инсандардын бирин-бири таанып билүү процессинин табиятынын татаалдыгы, адамды адамдын кабыш алышынын тактыгын изилдөөнү талап кыла тургандыгын көрсөтөт.

## 3. Инсандардын бири-бирин кабылдоосунун эффектилери

Инсандардын бири-бирин кабылдоосунун мазмуну субьектинин жана обьектинин мүнездүү өзгөчөлүктөрүнө көз каранды болот. Себеби алар өтө тыгыз өз ара аракеттенүүде болушат жана аиын эки жагы бар: бири-бирине баа берүү жана чогуу болуудан улам бири-биринин мүнөзүндөгү айрым сапаттарды өзгөртүү. Мына ушуга байланыштуу изилдөөлөр да эки топко бөлүнөт.

Биринде кабыл алып жаткан адамдын мүнөзүндөгү езгөчөлүктөрдүн ролун аныктоого аракеттер жасалат: мында кандай сапаттардын мааниси чоң жана алар кандай кырдаалдарда көрүнөт? ж.б.у.с. Себеби, С.Л.Рубинштейн айткандай кабыл алып жаткан субьекти башка адамды «окуйт». Бул «окуунун» мазмунуна адамдын тышкы көрүнүшү «текст» болуп саналат, ошого жараша «окулат», алардын баары чечмеленип, мааниге ээ болот. Андай «окуу» өтө тез, автоматтык деңгээлде жүрөт жана аны чечмелөө ошол окуп жаткан адамдын өзгөчөлүгүнө жараша аныкталат. Айрым адамдар башка бирөөлөрдүн тышкы келбетине, денедеги өзгөчөлүктөрүнө кеңүл бура тургандыгы, ал эми айрымдар болсо түздөн-түз адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн кабылдоого аракеттенээри, башкача айтканда, таңуулоо механизмин көбүрөөк колдоно тургандыгы аныкталган.

Башка экспериментик изилдөөлер кабыл алынуучу обьектинин өзгөчөлүктөрүн аныктоого багытталган. Инсандардын бири-бирин таанып билүүсүнүн ийгиликтүү жана ийгиликсиз болуусу кабыл алынып жаткан обьектиге жараша болот. Адамдар жекече психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан, ошондой эле аны башка бирөө кабылдап жаткан учурда, адамдын чоң же кичине «ачылыш» мүмкүнчүлүктөрү ар башкача. Ошондуктан «түнт» же «ачык-айрым» деп адамдар мүнездөлөт. Бардык эксперименттик изилдөелөр өтө маанилүү болгон маселелерди - инсандардын бири-бирин кабылдоосунун эффектилеринин - биринчи көргөндөгү (установка) эффекти, алгачкы жана жаңы маалымат эффекти, стереотиптештирүү эффектилерди иликтөөгө алат.

Алгачкы таасир (установка) эффектиси А.А.Бодалевдун эксперименттеринде негизделген жана ал бейтааныш адам жөнүндө алгачкы таасир, түшүнүктөрдүн калыптанышында чоң роль ойной тургандыгы аныкталган (Бодалев, 1982). Студентгердин эки тобуна бир эле адамдын

сүретү көрсөтүлгөн. Сүрөттү көрсөтүүдөн мурда сүретгөгү адам биринчи топтогу студенттерге өтө жаман кылмышкер, экинчи топтогуларга ошол эле сүрөттөгү адамды өтө чоң окумуштуу деп мүнездемө берилген. Ар бир топтогу студентгерге сүрөттөгү адамдын портретин сөз менен мүнөздөп, анын элесин тартуу сунуш кылынган. Биринчи топтогулар төмендегүдөй мүнөздөмө берген: көзүнүн ичке кирип турушу өтө каардыгын керсөтөөрү, ээгинин алдыга чыгып турушу илим жолундагы кыйынчышыктарды жеңип өтүүдегү эркинин күчтүүлүгүн билдирет деген ж.б., жоопторду беришкен.

Ушундай эле эксперименттер сүрөт керсөтүү аркылуу «мугалим» жана «актриса» установкаларын калыптанышын изиддөөдө да жүргүзүлгөн. Көптөгөн эксперименттер өтө маанилүү болгон биринчи таасирдин канчалык деңгээлде так боло тургандыгы жана анын так образ кандай мөөнөт ыңгайлуу жана кандай факторлор кошумча таасир этээри илимий адабияттарда талкууланган. Ушул маселелерди ар тараптан талдоого албай туруп, инсандардын бири-бирин кабылдоосунун ийгиликтүү болушун алдын ала божомолдоп айтууга мүмкүн эмес.

Ореол *эффектисинде* алдын-ала адам жөнүндө алынган оң жана терс мазмундагы маалыматтарды реалдуу турмушта ошол адамды кабылдоодо колдонулат. Кабылданып жаткан сапаттар ошол адам женүндө алдын ала түзүлгөн образга барып кошулат жана адамдын элеси «жасалат». Мурдатан бар болгон образ ореоланын ролун аткарат, ошондон кабыл алынып жаткан обьектилер адамдын чыныгы сапаттары, мүнөзүндегү өзгөчөлүктөрү кабыл алууга тоскоолдук гана кылат. Ореола эффектинин оң таасири тийгенде адам өтө жакшы сапаттарда мүнөздөлүп, белгисиз сапаттарына да оң баа берилет, тетирисинче, терс таасирлер ошол эле адамды терс баа берүүлөргө жана терс сапаттар менен мүнөздөөгө алып келет. Эксперименттик изилдөөлрдө кабыл алынып жаткан адам жөнүндө аз маалымат болсо жана баалоолор, ой-ггикирлер адептүү сапаттарга байланышса, ореола эффектиси өтө күчтүү таасир этип, ачык көрүнө тургандыгы далилденген. Бул өзгөчөлүктөр башка адамды кабылдап жатканда, өзүнүн таасирин тийгизип, айрым сапаттарды бозомук кылып, айрымдарын жарык кылып көрсөтүп, адамды туура змес кабылдоого алып келет. Бир экспериментe балдардын эки тобуна баа берүү сунуш кылынган. Балдардын бир тобу «сүймөнчүк», экинчилери «сүймөнчүк эмес» балдардан түзүлгөн. «Сүймөнчүк» (бир аз жылдыздуу) балдар тапшырманы аткарууда атайылап каталарды кетирсе да, — ал эми «сүймөнчүк эмес» балдар ишти катасыз аткарса да. Кабыл алып жаткандар «сүйменчүк» балдарга оң бааны (сапаттарды) ал эми «сүймөнчүк эмес» балдарга терс бааны (сапаттарды) беришкен. Бул деген социалдык психологиядагы белгилүү дал келүү теориясынын идеясына ылайык адамдарга мындайча ой мүнөздүү: «жаман адамдар жаман сапаттарга ээ», «жакшы адамдар жакшы сапаттарга ээ» ж.б. Мына ошондуктан адамдын жүрүм-турумунун себептерин жана мүнөзүндөгү өзгөчелүктөрүн тануулоо менен тушүндүрүүдө ушул

жогорудагы модель колдонулат: жаман адамдарга дайыма жаман, терс жүрүм-турумдар, ал эм жакшы адамдарга дайыма жакшы жүрүм-турумдар жабыштырылат. Адатга, кайсы бир сапаты менен өзүбүздөн *артыкчылыкка* ээ болгон адамдардын жакшы сапаттарын ашыкча көбөйтүп же жогорулатып жиберебиз.

Башка бир экспериментте кабыл алынып жаткан адамдын дене түзүлүшүндөгү жагымдуу белгилердин, касиеттердин анын психологиялык жана мүнөздүк өзгөчөлүктерүнө алынып етүшүн аныктоого багытталган. Эркектерге сулуу, орточо сулуу жана көрксүз аялдардын сүрөтү көрсөтүлүп, аялдардын мүнөздөрүн кандай экендиги женүндө айтып берүү сунуш кылынган. Сулуу аялдар гана *чынчыл, тец сапмактуу – оор басырыктуу, элпек жана камкор, адамга кунт коюп мамиле кылуучу* сыяктуу сапаттар менен мүнөздөлгөн. Ошентип, ореола эффектиси айрым сапаттарды бозомук кылып, айрымдарын ачык кылып, баарлашып жаткан адамды «окуп жатканда» өзүнчө эле фильтрдин ролун аткарат.

*«Эн алгачкы»* жана *«жацы» маалыматтардын* эффектилери да инсандардын бири-бирин таанып билишин татаалдантат. Булар адам тууралуу маалымат берүүдө белгилүү *ырааттуулуктун* чоң мааниси бар экендигин көрсвтөт.

Алгач берилген же көрсөтүлгөн маалымат «алгачкы», ал эми кийин, эң акырында көрсөтүлген берилген маалымат «жаңы» деп аталат. Бул кубулуштардын көрүнүшү төмөнү эксперименттен билебиз. Бир адам студенттердин төрт тобуна көрсөтүлгөн. Биринчи топтогу студенттерге ал адамдын экстраверт, экинчи топко ал адамдын интроверт экендиги айтылып, үчүнчү топко алгач экстраверт, кийин интроверт деп тааныштырган, төртүнчү топко ушул эле маалымат тетирисинче айтылган. Төрт топтогу студенттерден сунуш кылынган инсандык сапаттарга таянып, ошол бейтааныш кишини мүнөздөп берүү талап кылынган. Биринчи, экинчи топтогуларда эч кандай чаташуу болгон эмес. Ал эми үчүнч, төртүнчү топтогулар бейтааныш адамды мүнөздөөдө сунуш кылынган маалыматтын иретине ылайык мүнөздөмө беришкен. Алгачкы берилген маалымат күчтү таасир этээри аныкталган. Бул эффект «алгачкы эффект» деген атты алган жана бейтааныш адамды кабыл алганда, таасир тийгизе тургандыгы аныкталган. Тескерисинче, тааныш адамды кабыл алганда «жаңы эффект» күчтүү таасир этет. Башкача айтканда, адам жөнүндөгү эн акыркы, бир кыйла жаңы маалымат аны кабылдоого өтө күчтүү таасир этет. Башка адам жөнүндөгү маалыматтын кандайча берүү ыңгайлуу экендиги бир жактуу чечилген эмес. Айтылган эки эффектинин «атаандашуусу» жүрбөйт. Э. Аронсон айткандай, «айрым өзгөчөлүктөрдү эске албаганда, «жакшы көргөн бутунду биринчи кадам таштат» деген акылман сөзү ушул жерде иштейт».

## 4. Карым-кятнаш тренингиси

Карым-катнаш процесси өзүнө таандык мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ. Анын ички табияты, пайда болуу жолдору, андагы ык, машыгуулар, маалыматтар, түрдүү адамдарда түрдүүчө көрүнөт, бардык адамдарда бирдей кездешкен универсалдуу жалпы жоболор жоктой сезилет. Бирок карым-катнаш процессинде да башка психикалык процесстердей эле, жалпы жоболор типтүү белгилер бар. Ал көрүнүштер тренинг методу аркылуу шилденет. Тигил же бул иш-аракетти аткарууга керектүү ык-машыгууларды, маалыматтарды үйрөнүү зарылдыгы тренинг ( англис сөзү, кыргызча " машыгуу, бышыгуу" ) методун пайда кылган. Тренинг методу социал психология илиминин колдонмо бөлүгүндөгү группалык методдордун тобуна кирет. Ал метод езүн-өзү үйренүү , карым-катнашка керектүү ык, машыгууларды калыптандыруу жана группадагы өз ара таасир этүү өзгөчөлүктерүн үйрөтүү сыяктуу маселелерди өз ичине алат.

Тренингдин базалык элементи катары группалык дискуссия, ролдор оюнунун түрдүү модификациялары эсептелет. Тренинг адамдар менен көп иштеген кесип тармактарында карым-катнашка өтүү жоддорун, өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү, үйрөнүү максатында атайын уюуштурулган дискуссиялык, ролдук оюундардын негизинде ишке ашат.

## Тема: Конфликт

## 1. Конфликт жөнундө тушунүк

Мамилелер чөйрөсү карама-каршылыктарга, кагылышууларга жана назик ички процесстерге толгон дүйнө. Адамдар ортосундагы мамилелер дайыма эле таза боло бербейт. Бул болсо мамилелердин татаалдашуусуна өбөлгө түзөт жана мамилелешүүнүн кризистик абалдары пайда болот, кагылышууларга, пикирдин келишпөөчүлүгүнө түртөт, мамилелешүүдөгү конфликтгердин пайда болуусуна алып келет. Ошондуктан биз талкуубузду конфликт деген эмне, анын пайда болуу табияты жана туртку берүүчү факторлор жөнүндө сөз кылуу менен баштайбыз.

Конфликт - (лат. сөзү *Cohfliktus*) — бул карама-каршылыкты түшүндүргөн форма. Конфликт жөнүндө социал психологдор, каршылашка карата нейтралдуу максаттагы күрөш (У.Козер), психикалык чыңалуу жана антогонисттик душмандык (В.Оберт, К.Финк), өз максатына жетүүдөгү каршылаштардын күрөшү (П.Коэн, П.Э.Кандель) деген аныктамаларды берип келишет.[10]

Конфликт - бул баалуулуктардын, кызыгуулардын жана макеаттардын дал келбестигинен пайда болгон чыр-чатак (Д.Бернард), атаандашуу

---

[10] Н В Гришина Психология конфликта Санкт-Петербург 2002 Стр 82

(Р.Даренфорт). Конфликт — бул каршылаштардын мамилелерине чекит коюучу же улантып кетүүгө түрткү берүүчү күч (Г.Спенсер).

Көпчүлүк психологдордун көз караштарына таянсак, *конфлихт* - бул адамдардын кызыкчылыктарынын, пикирлерининн, идеалдарынын, каалоолорунун ж.б. карама-каршылыгынан пайда болуучу жана өз ара мамиледен көрүнүүчү социалдык-психологиялык терс кубулуш болуп эсептелет.

Психология конфликтти коомдогу жагымсыз көрүнүштердүн бири катары эсептеп, өз ара аракеттенүүнүн өзгөчө формасы жана субьектилердин карама-каршы тенденцияга ээ болгон аракеттеринин көрүнүшү катары карайт. Конфликттерди психологиялык жактан изилдөө өзгөчөлүгү бир эле учурда чыр-чатак кырдаалын жана анын чыр чатактын катышуучуларынын ан-сезиминде чагылышын талдоого алат. Ушунун негизинде конфликттердин жалпы теориялык маселелерин талдоого, анын табиятын психологиялык феномен катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Чындыгында конфликт психологиялык карама-каршылыктардын формасы (карама-каршылыктардын аң-сезимде көрүнүшү), же бул сөзсүз гүрдө чыр-чатактуу аракетгердин да болушун көрсөтөт. Ар кандай конфликттердин татаалдыгын жана көп кырдуулгун сыпаттооо конфликтгин ажырагыс белгилери болуп саналат деген жыйынтыкка алып келет.

Мамилелер чөйрөсүндө конфликттердин жана карама каршылыктардын пайда болуп туруусу бул табигый көрүнүш. Бул учурда он жыйынтыкка жетүү үчүн кырдаалды сезе билүү жана карым-катнашты башкара бштүү талап кылынат. Р.Даренфорт мамиленин конфликтүү моделин төмөндөгүдөй деп берген:[14]

Мамилелер чөйрөсү дайыма езгөрүүдө турат.

Бардык мамилелер чөйрөсүндө жалпы конфликтке алып келүүчү келишпестиктердин элементтери жашайт.

Коомчулуктагы адамдардын үстүнөн болгон басмырлоо жашап келет, бул албетте мамилелерге таасирин тийгизет, жабыркаган тарап өзүнүн басмырланган жагдайына каршы күрөшүп келет.

Конфликттин түзүмү ар башка авторлор тарабынан ар кандайча аныкталганы менен, андагы чыр-чатак кырдаалы, катышуучулардын позициясы, обьект, «инцидент», чыр-чатактын өнүгүшү жана чечилиши негизги элементтер катары бардык авторлордун бөлүштүрүүсүндө камтылган. Конфликтин тибине жараша бул элементтер озүн ар башкача көрсөтүшөт. Ар кандай конфликт терс мааниге ээ болот деген кез караш атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө жокко чыгарылган. Конфликт боюнча көрүнүктүү теориячы М.Дойчтун эмгектеринде конфликт деструктивдик жана продуктивдик болуп эки түргө бөлүнөт.

*Деструктивдик конфликттин* аныктамасы турмушта колдонулган аныктамасына туура келет. Конфликтин бул түрү өз ара мамилени бузат: көбүнчө конфликт аны жараткан себепке көз каранды болбой өнүгүп кетет,

---

[14] Р Даренфорт Основы конфликтологии М ,2001 стр-176

инсанга өтүп кетип, адамда стресстерди жаратат. Ал өнүгүш өзгүчөлүгүне ээ болот. Катышуучулардын санын көбөйтөт, жаман сөз айттырат. Башкы белгиси (эсколациясы), каршылашуунун күчөшү, каршылаштын сапаттарын, касиеттерин жана өз ара аракетгенүү кырдаалдары, алдын-ала эле өнөктөшүнө каршы ынанымда болуу, каршылаш адамдан туура эмес (жалган) сапаттарды кабыл алуу күчөйт. Андай конфликтти чечүү, жоюу, басуу өтө кыйын.

*Продуктивдүү конфликт* инсандардын шайкешсиздигинен, батышпоочулугунан эмес, адамдардын бир маселеге, нерсеге ар башка көз карашта карагандыгынан, аны ар башкача чечүү жолун тандагандан келип чыгат. Мындай учурда конфликт маселени ар тараптан түшүнүү башка көз караштьі коргогон өнөктөштүн мотивацияларынын калыптанышына алып келет. Ал «легитимдүү» катары кабыл алынат. Башка аргументгердин бар экендигин моюнга алуу конфликт ичинде биригүүнүн, өз ара аракеттенүүнү элементтерин жаратат, достук маанайды пайда кылат. Конфликти жөнгө салууга, жаңыча чечүүгө жол ачылат.

Козер конфликттин жалпы көрүнүшүн төмөндөгүдөй деп керсөтөт:

1. Конфликлтин себеби;
2. Конфликттин курчтугу;
3. Конфликттин узактыгы;
4. Конфликттин функциясы.

Инсандар ортосунда, дегеле коомдук мамилелерде өз ара мамиленин ийгиликтүү жүрүшүнө үч фактор түздөн-түз таасирин тийгизет:

- Түшүнүшүү;
- Эмоцияга алдырбоо;
- Маалымат алмашуу,

Конфликттик кырдаалдарда булар оңой эле унутулуп калат да, пикир келишпөөчүлүктөрдүн натыйжасында мамилелерге чекит коюлганга чейин барат. Ошондуктан өз ара мамилелешүүдө эң алгач конфликттин келип чыгуу себептеринин психологиялык жагын карап көргөнүбүз оң. Азыркы мезгилде бул проблеманын үстүнөн иштеген бир катар окумуштуулар конфликттин төмөндөгүдөй пайда болуу булактарын ажыратып көрсөтүп жүрүшөт:

-Ой-пикирлердин, көз караштардын дал келбестиги б.а. сиздин жана экинчи тараптын көз карашындагы чоң айырмачылыктар;

-Түшүнүшүүнүн өзгөчөлүгү, б.а. адамдар мамилелешүү учурунда бири-бирин түшүнүше алышпайт;

-Өзүнүн мүмкүнчүлүгүн жана жөндөмдүүлүктөрүн туура эмес баалоо;

-Кандай гана болбосун үстөмдүк кылууга умтулуу;

-Түшүнүктөрдөгү жана көз караштардагы консерватизм, эскирген салтка таянуучулук;

*-Артыкча принципиалдуулукжана тте сөздук,*

-Сындоого жакындык;

-Личностгун эмоционалдык сапаттарынын кээ бир жыйындылары.

Айрыкча талаш-тартыш маселелер талкууланган учурда сүйлөшүүнүн эрежелерин сактабагандык да конфликттин чыгуусуна чоң себепкер болгондугун байкап жүрөбүз. Мисалы:

1. Аргументтерди, фактыларды келтиргенде каршылашын ынандыра алуучу далилдерди колдоно албагандык;

2. Эгерде келтирилген далиддер четке кагылса, анда мунун себептерин издебөөчүлүк жана сүйлөшүү учурунда аны бетке тута берүүчүлүк;

3. Каршылаштын келтирген күчтүү далилдерине акарат келтиргендик, тескерисинче анын олуттуулугун белгилеп, туура түшүнгөндүгүн билдирбегендик;

4. Аргументтери шериктештин айткандары менен дал келбесе, анда аны шериктештин далилдерине жооп бергенден кийин гана келтирбегендик;

5. Аргументациянын темпин шериктештин темпераментинин өзгөчөлүгүнө жараша ылайыкташтырбагандык;

6. Артыкча ишендире берүүчүлүк сокку берүүгө алып келиши мүмкүн экендигин эске албагаидык. Шериктешине үстөмдүк кыла берүүчүлүк (бул албетте таарынычты пайда кылат).

Конфликт десе эле, ал трагедия эмес, конфликттин да жашоодо орду бар. Конфликтсиз жашоо - бул иллюзия. Кайсыл гана окуу мекемесинде, ишканада жана үй-бүлөдө болбосун жаңы эскинин үстүнөн күрөшүүгө аракеттенет, эски көз караштар, адаттар, терс догматикалык ой-пикирлер сынга алынат. Күрөшүүнүн ар түрдүү ыкмалары конфликтгик кырдаалдарды жаратат, карама каршылыктарды курчутат, терс эмоциялдык абалдарды пайда кылат.

Күнделүк турмушта адамдарды бири-бири менен келишпөөчүлүк абалга такаган кырдаалдар көп эле кездешет. Тузүлгөн келишпөөчүлүк абалды жанжалга айлантпоо адамдардын маданиятына, интеллектине ж.б. сапаттарына көз каранды. Конфликтик абалда жаңжалды болтурбай чыгып кетүүнүн жолдору барбы, аны кандайча пайдаланууга болот деген суроого дагы деле жеткиликтүү, ынанарлык жооптор изделип келет, бирок белгилүү болгон нерсе конфликтик кырдаалдарда адамдар жүрүм-турумдун белгилүү бир стилдерин колдонушкандыгында.

Бардык эле адамдар бул жолдорду бирдей пайдаланбайт б.а. ушулардын бирөөсүн кырдаалга ылайык келбесе деле колдоно беришет. Натыйжада проблемадан ийгиликтүү чыгып кете албай калышат. Ал эми эң жакшы жол бул кырдаалга жараша ылайыктуусун пайдалана билүү болуп эсептелет.

Кийинки мезгилдерде мамилелешүү сферасындагы конфликттер өтө олуттуу проблемаларды жаратып келет. Мунун негизги эле себеби коомдогу тез өзгөрүүлөр, ал өзгөрүүлөргө болгон адамдардын даяр эместиги, мамилелешүүдөгү жүрүм- турумдун стратегиялык багыттарын туура эмес колдонгондук ж.б.у.с. менен жогоруда айтылган ойлорго толуктоо катары көрсөтүүгө болот.

## 2. Окуу жана тарбия жумушундагы конфликттер, алардын табияты жана жоюунун негиздери

Бүгүнку күндө мектептерде иштегеңдердин, б.а. педагогдордун көпчүлүгүнөн: «Бүгүнкү күндө балдар менен иштөө өтө кыйындап баратат...» деген сөздөрдү угууга мүмкүн. Жок, андай эмес, бул жерде мугалим жана тарбиячы коомдун өнүгүүсүнө карата өзүн өзгөртүп туруусу зарыл. Эң негизгиси мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу, проблемаларды талапка, коомго ылайык чече билүү, окуу тарбия процессиндеги негизги фигуранын пайда болушу деп түшүнсек болот.

Белгилүү психолог Н.В.Кузьмина белгилеп кеткендей, педагогикалык карым-катнаш бул коомдогу тарыхый түшүнүк жана ар бир педагогикалык карым-катнаштагы тарыхый тип, мамлекеттик, педагогикалык, тарыхый максаттарды иш жүзүнө ашырууга багытталат.[16] Бул система педагогикалык коллектив уюштурган окутуу жана тарбиялоонун негизинде турат. Педагогикалык карым-катнаштын спецификасы биринчи кезекте анын обьектиге багытталуусунун негизинде көрсөтүлөт. Ал личностту өнүктүрүүгө гана эмес, билимди өздөштүрүүгө жана ушунун негизинде чыгармачылыкты өнүктүрүүгө багытталат. Ушуну менен байланыштуу педагогикалык карым-катнаш үч багыт менен мүнөздөлөт:

*1 Окутуу процессиндегимамиле,*

*2 Окуучуларга болгон мамиле,*

*3. Предметтиөздөштүрүүгө болгон мамиле*

Педагогдун эң негизги сапаттарынын бири болуп, балдардын өз ара аракеттенүүлөрүн уюштура билүүчүлүк эсептелет, ал үчүн сөзсүз түрдө педагогикалык карым-катнаш керек. Педагогикалык карым-катнаш сөзсүз түрдө ар бир мугалимдерде өздөштүрүлгөн негизде болушу зарыл. Эң кызыктуусу окуу, тарбия материалынын жемиштүүлүгү, окутуу жана тарбиялоодо таасирдүүлүк методдун активдүүлүтү педагогикалык карым-катнаш менен дал келүүсүндө. Айрыкча эмгек жолун жаңы баштаган мугапимдер мектеп коллективи, окуучулар менен мамилелешүүдө төмөндөгүдөй кыйынчьшыктарга дуушар болот.

- Байланыш түзө албоочулук;
- Окуучулардын ички психологиялык абалын түшүнө билбөөчүлүк;
- Сабак учурундагы иретгүүлүктүн өз деңгээлинде болбошу;
- Педагогикалык тапшырмаларды жана ез ара мамилени туура жолго кое албастыгы; -
- Кептик карым-катнаштагы кыйынчылык;
- Жекече психологиялык абалын башкара билуудөгү кыйынчылык.

[16] Зимняя А И Педагогическая психология М ,1998 Стр - 208

Мына ушундай катачылыктарды кетирбөө үчүн мугалим өзүнүн сөзүн мүнөздүү жесттер менен жетектеп, сүйлөө тонун өзгөртүп, көңүлдү эч качан чөктүрбөөгө аракеттерди жасаш керек.

Окутууда үч максаттын чечилиши жогорку мазмунга ээ. Алар: окутуучулук, тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк. Окутуунун максаты ез ичине төмөндөгүлөрдү камтыйт.

— Окуучулар менен чыныгы психологиялык байланыш түзүү, окууга түрткү берүүчү мотивацияны калыптандыруу, окуучулар коллективинде биргелешип психологиялык ой жүгүртүүнү камсыздоо;

- Ал эми тарбиялоодо болсо педагогикалык мамилени чыңдоо, мугалим менен окуучулардын арасында психологиялык байланыштарды түзүү, окуу иш аракетиндеги жетишкендиктерди жогорулатуу, личностгун багытталуусун өнүктүрүү ошондой эле, окуучулар коллективинде личносттор аралык мамилени калыптандыруу эсептелинет;

- Өнүктүрүүдө психологиялык ситуацияларды, проблемаларды кое билүү, личносттун өзүн-өзү тарбиялоону, өз билимин өстүрүүнү стимулдаштыруу, ошондой эле окуучулардын индивидуалдык, типологиялык өзгөчөлүгүн жана жаңы жаралууларды пайда кылуу мүмкүнчүлүгүн түзүү менен бирге алардын эркин ойлоосун жана интеллектуалын өстүрүү болуп саналат. Окуу жана тарбия процессинде адамдын жүрүм-турумун баамдай билүү, аны психологиялык жактан туура түшүнүү, ага туура баа берүүгө мүмкүндүк түзулүшү зарыл, Адамды адам туура кабыл алмайынча, туура мамиленин түзүлүшү мүмкүн эмес.

Окуу, тарбия процессинде эки субьекттин (мугалим жана окуучу) мамилечилдигин жана чыгармачылыгын изилдөөде мамилелешүү проблемалары негизги мазмунга ээ. Мисалы, жаңы билим менен байланышка киргенде адам үчүн жаңы илим катары сезилет жана дайыш эле адамга түшүнүктүү боло бербейт. Ушул жалпы шарттар жана принциптердин негизинде проблемалуу жана кыйынчылык ситуациясы келип чыгат.

Т.М.Кудряцевдин айткандарына макул болууга болот. Ал: «Кайсыл жерде проблемалык кырдаал келип чыкса, ой жүгүртүү ошол жерден башталат; башкача айтканда эгер проблема жок болсо, ой жүгүртүү да жок» - деген.

С.Л.Рубинштейн адамдын айлана-чөйрөнү таанып билүү маселесин үйрөнүүдө ушундай деген жыйынтыкка келген. «Бардык ар кандай эле кырдаал мазмуну боюнча өзүнчө проблемалуу, чынында эле турмуштагы эң майда ар түрдүү жөнөкөй эле кырдаалдардын ар кандай кыйынчылыгы, шарттардын жетишсиздиги, альтернативдүү түрдө чечилиши боюнча өзүнчө проблема болот».[1] Окуу, тарбия процесси - балдарды мектеп жашында чыдамдуулукка үйрөтүү, бул адамдардын ортосундагы мамиледе керек эмес конфликттерди четтетүүгө эркин кез караштьі жана бири-бирин сыйлоо атмосферасын түзүүгө багытталган. Кепчүлүк чыр-чатактар мамиле

[1] Рубинштейн С Л Проблемы общей психолгии –М Педагогика 1976

кылуунун маданияттуулугу менен чечилип калышы мүмкүн. Мамиле кылуунун маданияттулугунда оройлук, кемсинтуу, кыйкырып сүйлөө, кемчиддикке көңүл буруп туруп алуу сыяктуу терс сапаттар болбойт. Ошон учүн тарбия берүү сферасында иштеген адамдар гуммандуу, мазмуну боюнча социалдык маданияттуу мамиле кылууга жана коомдук мамиленин калыптанышына өзгөчө көңул буруш керек.

Ар кандай адамдардын чоң же кичине коллективиндей эле мекгеп коллективинде дагы социалдык мамиленин ар кандай түрлөрү жана формалары пайдаланьшат. Биз бул жерден массалык карым-катнашка көнул бурабыз. Педагог өзүнүн ишинде ар бир бала менен гана эмес, балдардын коллективи менен, ар түрдүү группалар менен мамиле кылат. Ошондуктан педагог окуучулардын гана психологиялык езгөчелүгүнө көңүл бурбастан группанын, бүт коллективдин социалдык-психологиялык өзгөчөлүгүнө көңүл бурушу зарыл. Коллектив бул жөн гана жакшы уюшулган группа эмес. Аны А.С.Макаренко: «Коллектив - бул адамдарды турмуштук максаты, кыймыл аракети, ошондой эле коомго пайдалуу максаттар менен бириктирип турат. Мектеп коллективинин негизги коомго пайдалуу жагы болуп, балдарга илимдин негизин уйрөтүү жана социалдык коомдук граждандарын тарбиялоо болуп эсептелет. Ошол максатта мектеп коллективдери коом болуп түзулүшөт, өздөрүнүн структурасы иш аракетинин максаты жана ишке ашыруунун негизги формаларын иштеп чыгышат. Бул коллективдин мүчөлерү педагогдор жана окуучулар атайын кызматтык мамилеге киришет» - деген.

Мектептеги карым-катнаштын максаты бир гана билим берүү болуп эсептелбейт, анын башка негизги максатына коомдук иштерди уюштуруу, коллективдеги жөндөмдүүлукту, өз ара колдоону өнүктүрүү болуп эсептелет. Мектепте массалык карым-катнаш тез жана эффективдуү коомдук информацияны жеткирүүчү форма катарында пайдаланылат.

Ал эми мугалим менен окуучунун ез ара таасир этүүсу педагогикалык жагдайларды чечуү аркылуу уюштурулат.

Педагогикалык жагдай окуу группасындагы реалдуу кырдаал менен окуучулардын таасир этүү жөндөмдуүдуүлүгу женүндө чечимди кабыл алууну эске алуудагы окуучулардын өз ара карым-катнашы менен карым-катнаштын топтолгон системасын аныктайт.

Педагогикалык жагдайлар мугалимдердин алдында окуучулардын ишмердүүлүгүн башкаруунун маселесин бир топ ачык, так, даана коет. Аны чечүүдө мугалим окуучунун кез карашында кое билүүсү керек, анын ой жугуртуүсүндө имитацияланышы керек, топтолгон жагдайларда окуучунун кабыл алуусунда түшунүүсү кандай, эмне учүн ал дал ушундай нерсени жасады ж.б. байкап туруу зарыл.

Педагогикалык кырдаалдарда мугалим окуучунун конкреттуү кылык жоругундагы аракетинин себептери боюнча аны менен байланыгшка чыгат.

Педагогикалык кырдаал жөнөкөй жана татаал болушу мумкүн. Биринчиси, мектепте окуучулардын жүрүм-турумун уюштуруу аркылуу алардын карама-каршылыгына учурабастан эле мугалимдерде чечилет. Окуу

күнүнүн агымында мугалим ар түрдүү себептер боюнча окуучулар менен өз ара карым-катнаштын кеңири диапазонуна кошулат: жаңжалдарды токтотот, окуучулардын ортосундагы талаш-тартыштарды чечет, аларга эскертет, сабакка даярданууга карата окуучулардын аракетине жардамдашат, окуучулардын ортосундагы сүйлешүүлөргө кошулат, кээ бир учурларда тапкычтыгы да пайда болот.

«Өспүрүм балдардын экөө (7-класстын) танаписте өз ара жаңжалдашып жатышкан. Алардын тегерегинде бүт балдар топтолушкан, аларды токтотуу үчүн жаш мугалим келген, бирок мугалимдин сөзү эч нерсени чечкен жок, кыскасы жаңжал тереңцеп кете берди.

Бир мугалим кабинеттен кандайдыр бир нерсени кармап чыгып келе жаткан, караса иш жаман, алар сөздү кабыл албай жатышат. Ал эмнени алып келе жатса, ошону полго таштап жиберген. Мугалим катуу үн чыгарды эле, бардыгы күтүлбөгөн нерседен ордуларында катып калышты. Балдар жаңжалын токтотушту, үн чыккан жакка бурулушту да, бирин бири жалтандап карап коюп ажырап кетищти».

Татаал жагдай мугалим менен окуучунун чоң маанидеги эмоционалдык абалына ээ, кырдаал ага катышкандар менен топтолгон карым-катнашка мүнөздүү, бул учурда окуучуларга катышып жаткандар таасир этет, жыйынтыгында мугалимдин практикалык мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен, көптөгөн факторлордон көз карандылыктагы окуучулардын жүрүм-турумунун себебин болжолдоо кыйынчылыгы боюнча белгилүү бир деңгээлде ийгиликтүү чечүү мүмкүнчүлүгүнө дайыма ээ.

«Класста Кубан аттуу окуучу тартипсиз, үй тапшырманы аткарууну токтоткон. Чындыгында бала жөндөмдүү, бирок көптөгөн предметгер боюнча «экилер» пайда боло баштаган, аны менен сүйлөшүү ага эч кандай таасирин тийгизген жок. Мугалим ал үчүн эч ким эмес, анын ички дүйнөсүндө жашабайт. Бул окуя ушул окуу жылын толугу менен камтыды: мугалим тарабынан дагы, окуучу тарабынан дагы эмоционалдуулуктар алынып ташталды. Бир жолу окуучунун апасы мектепке келип мугалимден жардам сурап кайрылды. Көрсе Кубандын атасы ичип алып, үй-бүлөсүндө чатак чыгаргандыктан кебүнчө апасы менен баласы үйүндө түнөшпөйт экен. Бул жөнүндө кабардар болгондон кийин мугалим Кубанга карата болгон мамилесин езгөрттү. Мугалим анын тагдырына кош көнүл эместигин ал сезди. Ошондон кийин ал окуусу менен жүрүм-турумун дайыма ондой баштады. Өкүнүчтүүсү, биз көбүнчө окуучунун жүрүм-турумундагы жаман нерселерди гана көрөбүз жана анын себебин эч качан аныктабайбыз».

Мугалимдик аракет педагогикалык жагдайларды чечүүдө окуучулардын жекечелигин жана алардын жекече болуусун көбүрөөк аныктайт. Мугалим бул учурда окуучу менен кармашууда жеңүүчү болуп чыгууга умтулат, өзүнө жана чоң адамдарга карата баланын карым-катнашын, мугалимдер менен болгон мамилелешүүсүн өзгөртүп, кырдаалдан окуучуну алып чыгып кетүүгө кам көрбөйт. Мугалим менен окуучу үчүн ар түрдүү кырдаалдардан чыгып кетүүсүндө, башка адамдарды жана өзүн-өзү таанып-билүүсүндө мектеп негизги орунда болушу зарыл.

Психологияда конфликт карама-каршы абалдын багытгары-нын кагылышуусу, терс эмоционалдык кайгыруу менен байланыштуу, адамдардын группасынын же индивиддердин личносттор аралык карым-катнашынын же личносттордун арасындагы өз ара таасир этүүсүндө, аң-сезимдин айрым бир алынган эпизоддорунда (керүнүштөрүндө) бири-бири менен батышпоочулуктун тенденциясында, карам-каршы багыттардын кагылышуусу болуп саналат.

Окуу, тарбия процессинде конфликт көбүнчө мугалимдин өзүнүн позициясын ырастоого умтулуусу катары жана окуучунун ишмердүүлүгүн, кылык-жоругун туура эмес баалоодон, адилетсиз жазалоого каршы жүргүзгөн тажрыйбасыз аракетгеринин натыйжасында пайда болот.

Танаписте, сабакта мугалимдин талабы менен мектептин жүрүм-турум эрежелерин ар күнү аткаруу окуучу үчүн чындыгында бир топ эле кыйын, ошондуктан жалпы тартиптеги анча-мынча тартип бузуулар табигый нерсе: анткени мектепте баланын турмушу окуу менен гана чектелбейт, талаш-тартыш, капалануу, көңүлдүн алмашуусу, бакырык менен кыйкырык ж б.у.с. нерселер менен коштолуп турат.

Баланын жүрүм-турумун туура башкаруу, түзүлгөн кырдаалдан чыгып кетүү, кылдаттык мамилени жана аракетти талап кылат. Кылык-жорукту баалоодо шашкалактык көбүнчө катачылыкка алып барат, мугалим аркылуу жасалган адилетсиздик окуучуда дайыма кыжырланууну пайда кылат жана мына ушунун негизинде педагогикалык кырдаал конфликтке алмашат.

«Мектептин жалпы линейкасында дежурствонун бир жумалык жыйынтыгы чыгарылды. Кокусунан 10-класстын окуучусу Бакыттын адресине эскертүү айтылып кадды, көрсө ал дежурстводо турган окуучуну түртүп өтүп кетиптир. Тартипсиздик етө деле маанилүү эмес, бирок линейкага чейин бул маселе боюнча окуучуга эскертүү жасалган эмес. Бакытты бул айыбы үчүн бүт мектептин окуучуларынын ортосуна чыгарышты (биринчи жаза) жана 8- класстын окуучусу менен бирге дежурныйлыкты белгилешти (экинчи жаза).

Мындай нерсеге 8-класстын окуучулары күлүштү, ал эми 10-класстын окуучулары жана Бакыт жазалоонун тартибине ушунчалык кыжырланышып, ачууланышты Бакыт тартиптүү, мектепте жана класста кадыр-баркка ээ окуучу эле. Сабактан кийин жалпы мектептик жаштардын чогулушу болду, андан соң директор олимпиада боюнча жеңишке ээ болгондорго грамота тапшырды. Грамота Бакытка да берилди, бирок директор өзүн алып жүрүүнү билбейт деген зекүүнү баштагандыктан, Бакыт грамотаны алуу үчүн барган жок, он биринчи класстын окуучулары бул учурду кол чабуулар менен коштоп ийишти. Бул нерсеге чыдабаган директор он биринчи класстын мындай тартипсиздиги үчүн урушуп жемелөөнү баштады, ошентип эки жактуу күрөш пайда болду да калды. Конфликт тереңдеп кетти.

Директордун жүрүм-турумундагы мындай мотивдик кабыш алууну түшүнүү кыйын болду. Анын аракети жөнөкөй эле кырдаалды жогорку класстын окуучулары аркылуу конфликтке айландырууга алып чыкты,

Көшентип бул конфликттин негизинде бардык мугалимдерге тарбиялык иштерди алып баруусу олуттуу пландаштырылсын деген тапшырма жүктөлүп салынды».

Педагогикалык ишмердүүлүктөгү кырдаал менен конфликттин ортосунда так чек ара жок, мына ушундай болгондуктан окуучулар өзүнүн позициясын дайыма эле айта албайт, өзүнүн тууралыгы көмүскөдөгү актыгында калат. Дипломдуу, жогорку адис деп таанылган мугалимдер окуучулар менен макулдашпастан туруп өз ара таасир этүүдө өзүнүкүн дайыма туура деген тенденциядагы позициясын колдонушат жана аны жандалбастыкта коргошот.

Окуу, тарбия жараянындагы конфликт окуучулар менен мугалимдин ортосундагы өз ара карым-катнаштын системасын узак мезгилге бузат, мугалимде өзүнүн ишине канааттанбоочулугу пайда болуп, терең стресстик абалды пайда кылат. Мындай абалда педагогикалык иштин ийгилиги окуучулардын жүрүм-турумунун көз карандылыгындагы аң-сезимде күчөп, мугалимдин, окуучулардын «ырайымдуулугунун» көз карандылыгындагы абал пайда болот.

В.А.Сухомлинский мектептеги конфликттер жөнүндө мындай деп жазат: «Педагог менен коллективдин, мугалимдер менен ата-энелердин ортосундагы, педагог менен баланын ортосундагы конфликттер мектептеги чоң бактысыздык. Көбүнче мугалим бала жөнүндө адилетсиз ойлонгондо конфликт пайда болот. Бала жөнүндө адилеттүү ойлонсоң конфликт болбойт. Конфликтти токтото билүү - мугалимдин педагогикалык даанышмандыгынын бирден бир негизги бөлүгү. Конфликтти эске салууда, педагог бир гана аны алдын албастан ошону менен бирге коллективдин тарбиялык күчүн түзүүсү керек» .

## 3. Окуу, тарбия жумушундагы конфликттердин түрлөрү

Конфликтогендик потенциалдардын арасында педагогикалык жагдайлардагы конфликтти төмөндөгүчө бөлүштүрүүгө мүмкүн;

1. Ишмердүүлүктүн кырдаалындагы конфликт. Окуучунун окуудагы тапшырмасын аткаруусу, жетишүүсү, окуудан сырткаркы ишмердүүлүктүн себептери боюнча пайда болот;

2. Жүрүм-турумдун (кылык-жоруктун) кырдаалындагы конфликт. Окуучу мектептеги жүрүм-турумдун эрежелерин бузгандыгы, көбүнче сабактан жана мектептен сырткаркы учурларда пайда болот.

3. Мамилелик кырдаалдагы конфликт. Окуучу менен мугалимдин эмоционалдык личносттук карым-катнаштык сферасында жана педагогикалык ишмердүүлүктүн процессиндеги мамиленин сферасында пайда болот;

Жогорудагы саналган окуу, тарбия жагдайларындагы пайда болгон конфликттердин көптөгөн керүнүштөрү мугалимдердин күнүмдүк жумушунда кездешип турууучу көрүнүш ошондуктан бул конфликпердин ар бирине токтолуп өтсөк:

*Ишмердүүлүктун кырдаалындагы* ***конфликт.*** Окуу ишмердүүлүгүндөгү себептер боюнча кырдаалдар көбүнчө сабакта мугалим менен окуучунун ортосунда, мугалим менен окуучулардын группасынын ортосунда жана окуу тапшырмасын аткаруудан окуучунун баш тартуусу аркылуу пайда болот. Бул нерсе ар түрдүү себептер боюнча чыгышы мүмкүн: чарчоодон, окуу материалдарын өздөштүрүүнүн кыйынчылыгынан, үй тапшырманы аткарбаганды-гынан, көбүнчө иште кыйналып жатканда конкреттүү жардамдын ордуна мугалимдин туура эмес эскертүүсүнөн. Мына ушуга типтүү мисалдарды келтиребиз.

«VII класста математика сабагы жүрүп жатат. Доскага эки бала чакырылган, алар жекече карточка боюнча иштеп жатышат. Башка балдар мугалимдин жетекчилиги астында тапшырманы аткарышат. Балдардын ичинен бирөө, тапшырманы аткарууда кайсы бир нерсесинен кыйналып жаткандай: жазгандарын тынымсыз өчүрөт, балдардын чыгарып жаткандарын тынымсыз карап жатты, экинчи окуучу ишенимдүү түрдө тапшырманы аткарууда. Балдар тапшырманы аткарышты, аны айтып да, түшүндүрүп да беришүүдө. Мугалим сабакты аткаруудан кыйналып жаткан окуучуунун жанына келди да: «Мынаке, Мурат дайыма артта калат, эч нерсени өздөштүрө албайт!» Мурат ордунан турду да: «Анда, өзүңүз окуңуз!» - деп кыйкыра класстан чыгып кетти. Бала класс жетекчисине келип, математика сабагына катышпай тургандыгын айтты. Окуу ишмердүүлүгүнө байланышкан мындай кырдаалдар мугалимге болгон баш ийүүчүлүктү, сыйлоочулукгу жоготоорун жана конфликттик курч абалды пайда кылаарын байкайбыз. Жогорудагыдай конфликттер көп учурда окуудан кыйналган окуучулардын ортосунда же окуучулар менен окуу учурунда гана байланышып алар менен жекече мамилелешүүгө барбаган мугалимдердин ортосунда байкалат.

*Жүрүм-турумдун кырдаалындагы* ***конфликт.*** Мугалим окуучунун жүрүм-турумун туура баалабай катачылык кетирген же туура эмес жыйынтык чыгарган педагогикалык кырдаалда конфликттик абалдын пайда болуусу күтүлөт. Бала жөнүндөгү жеткиликтүү маалыматгын жоктугу, баланын чөйрөсү менен болгон мамилесинен кабардар болбогондук анын жүрүм-турумун баалоодо катачылык кетирүүгө алып келет.

«Класстагы балдар эртең мененки сабак башталгандан тартып эле кыздарды физика жана дене тарбия сабактарынан кетип калууларын өтүнүп жатышты, анткени кызыктуу фильмдин акырын көрүп айтып келүүлөрүн сураныштьі. Төртүнчү сабактан кийин кыздар сабактан кетип калышты, бирок үч кыз кайрадан кайтып келишип сабакка катышышты. Экинчи күнү класс жетекчи ата-энелерди мектепке чакырып кыздардын жоругун айтып уяткарды. Ата-энелер класс жетекчинин сөзүн кубатташты, кыздарынан жооп күтүштү. Кыздардан жооп болбоду. Акырында Айжан ордунан турду да: «Айтыңыздарчы биз эмне кылуубуз керек эле? Анткени сабактан кыздар баарыбыз кетели деп сүйлөшкөнбүз. Эгерде биз кетип калбаганыбызда балдарга болгон мамилебиздин терс жагын көрсөтмөкпүз, ишеничин актай алмак эмеспиз. Деги ушундайбы?». Ата-энелер мындай жооп болушун

күгкөн эмес, алар кыздарын кечирим сурайг деп ойлоипсон эле. Класс жетекчи достук жөнүндө диспут өткөрүүнү сунуштады, бирок бул кыздардагы кызыгууну туудурбады».

***Мамилелик*** *кырдаалдагы конфликт.* Мамилелик конфликттер мугалимден түзүлгөн кырдаалды туура чечпегендигинен пайда болот. Мамилелик конфликттер личностук мүнөзгө ээ, кеп убакыт бою окуучунун мугалимге карата жек көрүүчүлүк сезиминин ойгонушуна алып келет. Мугалим класс менен мамилелешүү учурунда ортодогу тоскоолдуктарга кабылат. Окуучу менен гана эмес бүтүндөй класс менен болгон конфликттик кырдаал окуу, тарбия процессине терс таасирин тийгизүү менен катар эле мугалимге болгон сыйды, урматтоону жок кылаары шексиз. «Химия сабагы жүрүп жаткан. Артта отурган өспүрүм календардын жипчесин колуна киргшип алып айлантып ойноп жатты. «Токтот! » - деген мугалимдин сөзүнө, «Мен сшге эмне кылып жатам?»- деген жооггу укту. «Ооба, сен эч нерсе кылган жоксуң. Текшерүү ишген «эки» деген бааны аласың. Үйдө даярданбайсың. Сабакта тынч отура албай, тартштги бузасың. Дегеле сен жүрүм-турумуң менен баарыбызды чарчаттың. Үйүңө жөнө да, эртең менен мектепке апаңсыз келбегин!». Бала ордунан атып турду да, кыйкыра ыйлаган бойдон үйүнө жөнеп кетти. ...Баланын энеси үч ай мурда каза болгон эле. Мугалимдин катуу мамилесин кечирүү бала үчүн оңой болгон жок». Мектептеги гуммандуу мамиле мугалимден конфликт учурунда өз позициясынын үстүнөн көбүрөөк эмгекгенүүнү жана ар бир конфликтти сабаттуу аналгодеөнү талап кылат.

**Окуу,** тарбия процессиндеги конфликттердин кээ бир өзгөчвлүктөрү.

Алардын ичинен төмөнкүлөрдү белгилеп чыгууга болот:

- мугалимдин педагогикалык кырдаалды туура чечүүдөгү профессионалдык жоопкерчилиги: анткени мектеп - бул коомдун модели, окуучу адамдар ортосундагы мамилелерден социалдык нормаларды өздөштүрөт;
- конфликттин катышуучуларынын ар түрдүү социалдык статуска ээ болушу (окуучу - мугалим), ошондуктан конфликтик учурда жүрүм турумдук позиция ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт;
- конфликт учурунда куррактык жана турмушгук тажрыйбадагы позициянын ар түрдүүлүгү, катышуучулар кетирген катачылыкты жоюуда жоопкерчиликти сезүүнүн эки башка тепкичинде болушат;
- конфликттин катышуучуларынын окуяны ар түрдүүчө кабыл алышы (конфликт «мугалимдин көзү менен», жана «окуучунун көзү менен»);
- конфликт учурунда башка окуучулардын күбө катары катышышы, ангкени ар бир конфликгин тарбиялык мааниси бар экендигин мугалим эске алышы керек;

- мугалимдин профессионалдык позициясы конфликги чечүүдө демилгени өз колуна алууну милдеттендирет, о.э. окуучунун кызыкчылыгын калыптанып келе жаткан личност катары биринчи орунга кое билүүсү керек;

- конфликти чечүүдөгү мугалимдин ар бир катачылыгы жаңы конфликттердин жана кырдаалдардын жаралышына түрткү берет;

- окуу, тарбия процессиндеги конфликтгерди ийгиликтүү чечүүгө караганда аны алдын-алуу жеңилирээк;

Чындыгында конфликттик жагдайлардын түзулуүсүн алдын алууга болобу, мамилелешүү учурунда демилгени өз тарабына еткөрүп алуунун кандайдыр бир туруктуу, текшерүүдэн еткөрүлгөн ыкмалары барбы? Ушул аспекгиден алганда конфликттик жагдайларды, анын келип чыгуу себептерин туура аналюдөө, качан, кангип сүйлөө керек, карым-катнашгын вербалдык эмес каражаттарын колдонууда жана окуучуну уга билүүдө эмнелерди сунуштоо керектиги боюнча атайын көрсөтмөлөр берилбесе да, педагогикалык тажрыйбада зарыл деп эсепгелинген төмөндөгүдөй ыкмаларды сунуш кылууга болот:

- класс менен алгачкы карым-катнаш түзүүнү уюштуруудагы оперативдүүлүк; »

- уюштуруучулук жол-жоболордун (саламдашуу, отургузууж.б.) чыныгы инсандык карым-катнашка оперативдүү түрдө өтүү;

— алгачкы карым-катнаш учурундагы уюштуруучулук жана мазмундукучурларынынортосундагыкөндөйлүктүнболбошу;

- оперативдүү түрдө класс менен социалдык-психологиялык биримдиккежетишүү, коллективдиксезимдикалыптандыруу;

- айрым бир начар окуган окуучуларга карата сигуациялык, негативдик шарттарды жокко чыгаруу;

- бүтүндөй эле класс менен толук байланышты түзүү;

- карым-катнашгын алгачкы этабында коллективдин көңүлүн бура турган максаттарды жана милдеттерди коюу;

— өте так жана өзүнө тарта турган максаттарды коюу жана ага жетүү ыкмаларын үйрөтүү;

- окуучулар менен карым-катнаш керектөөсүн жарата турган ез ара түшүнүшүүгө жетишүү.

Мындан сырткары мугалимдин конфликт учурундагы жүрүм турумун баалоодо айрым бир психологиялык методикаларды сунуштоо талап кылынат, мындан өз жүрүм турумун текшерүү менен айрым бир психологиялык кеп кеңештерди тажрыйбасывда колдонуусуна өбөлгө түзүлөт. Мисалы:

а) Өз каалоосу менен өзүн жандуу кармайт.

б) Инициативдүү, өзүнүн оюн көркөм айтып жеткире албайт.

в) Катышуучулардын жүрүм-туруму эркин, каршы пикир айткандарды жек көрөт, езүнүн эркин манералары көрүнүп турат, окуучуларын дайым катуу контролдо кармайг.

г) Ачык, өзүнүн оюн так айткандан коркпойт, өзүнүн кемчилдиктерин көрсөтөт, бир гана («престиж») жасалга женүндө ойлойт, кандай болсо да өзүнүн социалдык ролун кармоого аракет кылат.

д) Мамилеге курч жана чечкиндүү пайда болгон проблемаларды жеңил эле чечет, курч эмес проблемаларды жана конфликттерди биле албайт.

е) Өзүн окуучулар менен сылык мамиледе кое алат, проблема жана конфликттерди окуучулар менен бирдикте чечет, сүйлөп жаткан окуучунун оюн бөлүшет, аны туура түшүнөт.

ж) Активдүү, дайыма мамиле түзөт, классты дайыма пассивдүү тонуста кармайт, өз алдынча мамилелешүүгө уруксат берет.

Беш балддуу система менен мугалимдин жүрүм-турумун, мамилесин баалаңыз. Өзүңүздүн койгон бааңыз менен сиздин коллегаңыз койгон бааны салыштырыңыз. Анан экөөнүздөр биргелешип, ошол мугалимдин айгкан сөздөрүнө, жасаган иштерине анализ жүргүзүңүз.

## Конфликтке жакындык сапаттарды аныктоо ыкмасы

Эгерде конфликтин пайда болуу себепгерине ой жүгүртө турган болсок, ал дайыма эле тузүлгөн кырдаалга же шартка эмес инсандын өзүнө дагы жараша болот. Мис: айрым адамдар болбогон нерселер үчүн деле конфликт жарата беришет.

Адамдын конфликтке жакын же алыс экендигин аныктоо үчүн ушул тестти сунуш кылууга болот. Ар бир суроонун мазмунун түшүнүү менен өзүңүзгө ылайык келген 3 жооптун бирин тандайсыз.

1 *Коомдук транспортто бейтааныш адамдар ызы-чуулуу талаш жүргүзүп жатса, эмне кылат элеңиз?*
   а) унчукпай кете берем;
   б) талаш маселе жөнүндөгү оюмду кыскача билдирем;
   в) жандилим менен талашка кошулам.

2 *Жыталыитарда жетекчишерди сындап сүйлөйсүзбү?*
   а) жок;
   б) ишенимдүү фактылар жетиштүү болсо гана;
   в) жетекчилерди гана эмес, аларды жактап сүйлөгөндөрдү да кошуп сындайм.

3. *Жолдошторуңуз менен талаш-тартыш жүргүзөсүзбү?*
   а) эгерде таарынбай турган болушса;
   б) маанилүү суроолор боюнча гана;
   в) сөзсүз, талаш-тартыш менин жакшы көргөн нерсем.

4. *Үйүңүздө тузу кем тамак жасашса, сиз эмне кыласыз?*
   а) жок нерседен чуу көтөрбөйм;
   б) унчукпай туздун идишин колго алам;
   в) жок дегевде күнөөлөрүн эскертип коем.

5. *Көчөдө бараткандa бутуңуздубирөө тепселеп алса, эмне кылат элеңиз ?*
   а) унчукпай башты чайкап кете берем;
   б) акырын жүрүңүз деп эскертем;
   в) оозума кирген сөз менен урушам.
6. *Эгерде жакындарыңыздын бирөөсү сизгежакпаган буюм сатып апса, сиз эмне демексиз?*
   а) унчукпайм;
   б) мага жакпагандыгын маданиятту билдирем;
   в) жанжалга чейин барам.
7. *Лотереядан жолуңуз болбосо, эмне кыласыз?*
   а)экинчи катышпайм деп өзүмө сөз берүү менен унчукпай калам;
   б) капаланбайм, бирок кийинки сапар утам деп эсептейм;
   в) көпкө чейин көңүлүмдү чөгөрөт.
8 *Эгерде үйүңүздөгүлөр музыканы катуу чыгарып коюшса, эмне кыласыз?*
   а) унчукпай угуп отурам;
   б) мага тынчтык беришин өтүнөм;
   в) сүйлөнүп барып өчүрөм.
9. *Телефонду бошотпой узакка чейин сүйлөшө беришсе, эмне кыласыз?*
   а) унчукпай сүйлөшүп бүтүшүн күтөм;
   б) мен дагы сүйлөшүүнү күтүп жаткандыгымды эскертем;
   в) колунан трубканы алып коем.
10. *Узун кезектетурганда, алдыңыздагылардын бирөөсү таанышын катарга (өз жанына) кошуп алса сиз эмне кыласыз?*
   а) эч нерсе дебейм;
   б) кезектин акырына барып күтүп турушун эскертем;
   в)экөөсүн тең эскертем.

Ар бир: а) жооп 4 балл; б) жооп 2 балл; в) жооп 0 балл менен бааланат.

Андан кийин бардык баллдар суммаланат.

31-40 балл - сю ортодогу тынчтыкты, достукту сактоого умтулган адамсыз. Ошондуктан сиз үйүңүздө болсун, жумушта болсун талаш-тартышган, биреөлөрге сын айтуудан качасыз. Айлана -чейрөңүздөгүлер мывдай сапаттарды байкашса, сшди көңүлчөөк, ар нерсеге макул боло берме адам катары эсегггеши да мүмкүн.

18-30 Сгоди конфликтке барбайг деп айтууга болбойг. Бирок аргасыздан, башка жол калбаганда гана конфликтке барууга мажбур болосуз. Мис.: жалпы тартипги сактоо, өз көз карашыңызды коргоо үчүн же укугунузду тебелетпеө учүн ж.б. Мыңдай сапат айлана-чөйрөдөгүлердү сю менен эсепгешүүгө жана сюге урматтоо менен мамиле жасоого аргасыз кылат.

17 ге чейин балл алсаңыз анда, конфликт жана талаш-тартыш сиздин сүйгөн адатыңыз. Бирөөлөрдү сындаганды жаныңыздай сүйөсүз, ал эми

өзүңүздүн дарегиңизге чаң жугузгуңуз келбейт. Сиздин оройлугуңуз жана ачууңузду кармай албагандыгыңыз **адамдардан** гана **алыстатат.**, Башка эч кандай пайдасы жок. Ошондуктан айрым мезгилдерде үйүңүздөн да, жумушуңуздан да сизге орун жоктой сезилиши мүмкүн. Айланаңызга жасаган мамилеңиздин мүнезүн өзгөртүүгө аракетгенбесеңиз болбойт.

## Конфликтүү абалдан чыгуунун жолун издөө ыкмасы

Күндөлүк турмушта адамдарды бири-бири менен келишпөөчүлүк абалга такаган кырдаалдар көп эле кездешет. Түзүлгөн келишпөөчүлүк абалды жаңжалга айлантпоо адамдардын маданиятына, интеллектине ж.б. сапаттарына көз каранды. Америкалык психолог К.Н.Томас келишпөөчүлүк абалдан жаңжаяды болтурбай чыгып кетүүнүн төмөнкү беш жолун көрсөткөн:

1. Атаандашуу; 2. Ыңгайланышуу;
3. Компромисс; 4. Качуу;
5. Кызматташуу.

Бардык эле адамдар бул жолдорду бирдей пайдаланбайт, б.а. ушулардын бирөөсүн кырдаалга **ылайык** келбесе деле колдоно беришет. Натыйжада, проблемадан ийгиликтүү чыгып кете албай калышат. Ал эми эң жакшы жол бул кырдаалга жараша ылайыктуусун пайдалана билүү. Адамдын кайсы стилди көп колдонуусун аныктоо үчүн ушул ыкманы пайдаланууга болот.

- Атаандашуу, мында индивид экинчи бирөөнүн укугун бузуу менен ага зыян келтирүү аркылуу ийгиликке жетүүгө умтулат.
- Ыңгайланышуу, мында индивид өз **кызыкчылыгын** канааттандырыш үчүн керек болгон адамга жакындашат.
- Компромисс, мында мамилелешүү үчүн өз ара макулдашууга барат.
- Качуу, мында өз ара мамилени сактоо үчүн жаңжалдашуудан качат.
- Кызматташуу, мында экинчи бирөөнү толук кубаттап, **альтернативалык** жолду издейт.

**Бул** көрсөтүлгөн ыкманы колдонуп керектүү проблеманы чечүүдө изилденүүчүлөр төмөндөгүдөй инструкция боюнча иш жүргүзүүлөрү керек.

Текстеги ар бир суроонун мазмунуна жараша үч баллдык системада балл коюу менен жооп бериш керек. Мында: **“-”** белги андай жумушка таптакыр барбайм дегенде коюлса, **“+”** белги мындай нерсени жасашыш мүмкүн же жасайм дегенде коюлат. Ал эми "0" билбейм деген же ортозаар абалда калганда коюлат.

Бул ыкманы ишке киргизүү үчүн төмөнкүдөй суроолорго жооп берүү талап **кылынат.**

1) Айрым учурларда талаш маселени чечүүнү башка адамдардын мойнуна алышына мүмкүндүк түзөм.
2) **Талашканга** караганда, ал адам менен **жакындаштыра** турган жактарыбызды издейм.
3) Талаш учурунда компромисстик чечимдерди табууну издейм.

4) Мени менен сүйлөшүп жаткан адамдын кызыкчылыгына жараша өз кызыкчылыгымды жокко чыгарам.
5) Дайыма өз кызыкчылыгымды биринчи канааттандырышка умтулам.
6) Айрым учурда талап кылынбаса деле ез кызыкчылыгымды жокко чыгара берем.
7) Бирөөгө өз оюмду таңуулабайм.
8) Талаш маселени чечүүдө кимдир бирөөлөрдөн кубаттоолорду күтөм.
9) Пайдасыз ойлордон алыс болууга аракеттенем.
10) Өзүмө жагымсыз болгон абалдан качам.
11) Талаш маселелерди дароо чечпестен, анын акырындык менен өзу чечилишин күтөм.
12) Бирөөну өзүмө кошуп алыш үчун, ал талап кылган кээ бир кемсинтүүлөрүнө барам.
13) Талаш маселени чечиш үчүн алдын ала анын келип чыгуу себептерин изилдеп көрөм.
14) Менин каалоомо дал келбеген чечимдерге тынчсызданбашка аракеттенем.
15) Жалпы мамилени сактоо үчүн тынчсызданган адамды сооротууга аракеттенем.
16) Урушуп жаткан адамдарды көргөнүмдө кошулуп кетемби деп корком.
17) Талашып жаткан адамдын өз оюнда калышына мүмкундук берем.
18) Чечим чыгарып жатканда мен орточо позицияны сунуш кылам.
19) Бардык иштин оюмдагыдай болушу үчүн бардыгын мажбурлайм.
20) Мен өз оюмду айткандан кийин гана башкалардын оюн сурайм.
21) Бир ишти аткарыш үчүн өз оюмдун логикалык мүмкунчүлүгү жогору экендигин далилдөөгө аракетгенем.
22) Эгерде талаш маселе аны ыраазы кыла турган болсо, мен анын оюндагыдай чечилишине макул болом.
23) Эгерде ал мени кубаттай турган болсо, мен анын оюндагыдай чечилишинемакулболом.
24) Алдын ала биздин көз карашыбыздын эмнеден айырмалана тургандыгын билип, андан кийин гана сөз баштайм.
25) Экөөбузгө тең ыңгайлуу болгон жолдорду издейм.
26) Келишим түзүп жатып, келишимден сырткаркы жактарга дагы көңүл бурам.
27) Чечиле турган маселелерге мен ар дайым жан дилим менен мамиле жасайм.
28) Ишимдин онунан чыкпай тургандыгын билсем дагы өз оюмдан эчкачанкайтпаймын.
29) Мен өз оюмдун туура экендигин далилдөөгө жан талашып аракеттенем.
30) Бирөөнүн аддында бечара болуп керүнгүм келбейт.

Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн төмөнкү **«ачкыч»** колдонулат жана ар бир стили боюнча баллдар өз өзүнчө суммаланат.

| № | *Стилдери* | ***Суроолордун*** *номери* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тең тайлашуу | 5 | 19 | 21 | 28 | 29 | 30 |
| 2 | Ынгайланышуу | 2 | 6 | 7 | 15 | 22 | 26 |
| 3 | Компромисс | 3 | 12 | 17 | 18 | 23 | 25 |
| 4 | Качу | 1 | 9 | 10 | 11 | 14 | 16 |
| 5 | Кызматташуу | 4 | 8 | 13 | 20 | 24 | 27 |

**Кайсы** стилден көп балл топтосоңуз, сиз үчүн ошол стиль мунөздүү.

Атаандашуу стили. Статистикалык **маалыматтар** боюнча адамдардын конфликттүү кырдаалдагы аракетиндеги эң көп тараган стиль. Болжол менен 70%ти түзөт. Бул стиль бир тараптын гана жеңишке ээ болуусуна негизделет. Атаандашкан тараптар биринчи кезекте өздөрүнүн жекече кызыкчылыктарын канаатгандырууга умтулушат. Бул стилди көп колдонгон б.а. атаандашууну жакшы көргөн адамдар күчтүү эркке ээ, өз кадыр баркына ишенген жана бийликчил болушат. Жакшы көргөн **адамыңыз** менен атаандаша көрбөңүз. Болгону ортодогу мамиленин бузулушуна гана алып келет, Жетишээрлик бийликке ээ болбогон учурларда дагы колдонууга болбойт. Себеби, сизге караганда чоңураак бийликке **ээ** болгон адамдар менен **атаандашсаңыз,** өзүңүздүн аракетиңиздин туура экендигин далилдеп берүү оңой-олтоң нерсе эмес. Анын үстүнө өзүңүзгө дагы **зыян** келип калышы ыктымал. «Бийлик бар жерде зордук бар» деген сөз жок жерден **айтылган эмес**.

Ыңгайланышуу стили. Бул стиль айрым учурларда конфликттен чыгуунун жападан-жалгыз жолу болуп калат. Алсак, каршы тараптын керектигин канааттандыруу турмуштук чечүүчү мазмунга ээ болуп калганда же ага «боор ачыган» мезгилдер ж.б. Себеби, сиз бул стилде проблеманын башка бирөөнун пайдасы үчүн чечилишине мүмкүндүк берген болосуз, бирок өз **кызыкчылыгын** жокко чыгаруу дегенди билдирбейт. Болгону кызыкчылыкты канааттандыруу кийинки мезгилге сүрүлөт.

Компромисс стили. Бул стил кайчы пикирди жаратпоо үчүн өз ара жол берүүчүлүккө негизделет. Ушул планда караганыбызда **кызматташуу** стилине жакындашып кетет. Бирок, бул стилде проблема үстүртөн чечилет же таптакыр эле чечилбеген бойдон калат. Себеби, компромисстик чечимде басым **маселени** чечүүгө эмес, тараптардын кызыкчышыктарын жарым-жартылай болсо да **канааттандырууга** жасалат. Компромисстик стиль эки тарап тең бир эле нерсени каалап, бирок экөөнүн тең каалоосун бир мезгилде орундатууга мүмкүн болбой **калган** кырдаалдарда эффективдүү жыйынтыкты берет б.а. таптакыр куру жалак калгандан көрө аз да болсо бир нерсе алып калайын дегенде колдонулат.

**Качуу стили.** Бул стиль адатта проблемага тараптардын тикеден-тике кызыкчылыгы жок болуп калганда же проблеманы чечүүнү зарыл эмес деп тапкан учурларда колдонулат. Ошондуктан бул стилде эчкандай проблема чечилбейт, болгону кийинкиге калтырылат. Качуу стили каршы тарапта жанжалкеч, орой, арызчыл адамдар болуп калганда жакшы натыйжа берет.

**Кызматташуу стили.** Бул стиль калган стилдерге караганда эң татаалы болгону менен эң эффективдүүсү деп эсептелет. Анткени, сиз кызматташуу менен опоненттериңизден өнөктөш шериктерди жаратасыз. Бул албетте, эки тарапка тең пайдалуу. Проблемага мындай мамиле жасоо айрыкча, жекече турмуштагы ийгиликтерге алып келет.

***Бышыктоо үчүн суроолор***

1. Конфликт жөнүндө түшүнүк. Конфликттин пайда болушундагы личносттук сапаттардын таасири.
2. Конфликти жоюнун жолдору жана ыкмалары.
3. Бул ыкмалардын келечектеги кесибиндеги ордy.

## Тема: Социалдык кичине группалардын психологиясы

### 1. Социалдык группалар жөнүндө түшүнүк

Адамдардын карым - катнашы дифференциалдык мүнөзгө ээ. Ар бир жеке адам түрдүү сандагы адамдар менен катнашып, түрдүү байланышта, мамиледе (субьективдүү, интимдүү ж.б.) турат. Ал адамдар алибеtте, тигил же бул группаларга таандык. Мындай группалардын өздөрүнүн борбордук иш аракеттери, бири-бири менен бекем мамилелери, өздөрүнө мүнөздүү ички установкалары жана саясаты болот. Группанын ар бир мүчөсү ал ички тартипти сактоого умтулат. Ошентип адам түрдүү микро, макроколлективде күн кечирет, өнүгөт, өсөт.

Группа (италия тилинен которгондо «топ» дегенди билдирет) – деп белгилүү бир өзгөчөлүктөрү менен өз ара жалпылыкка ээ болушкан жана ошол эле өзгөчөлүктөрү менен башкалардан айырмаланып турган адам топторун айтабыз. Андай өзгөчөлүктөр катары адамдын курагы, кесиби, улуту, жынысы ж.б. эсептелиши мүмкүн.

Адамдар ортосундагы карым-катнаш контактуу жана шарттуу групаларда өтөт. Контактуу группалардын түрлөрү түрдүү авторлордо түрдүүчө аталып, түрдүүчө түшүндүрүлүп келүүдө. Анын кеңири тараган түрү төмөнкүлөр:

- өз ара жекече мамиленин жакындыгына карай контактуу группалар алгач кичинекей жана алгачкы группа делип экиге бөлүнөт.

- контактуу группалар пайда болу принцибине карай шартуу, реалдуу, формалдуу, формалдуу эмес болуп 4 түрдөн турат.

- личносттун группанын нормасына болгон мамилесине жараша контактуу группалардын референттик, корпорациялык, коллективдик деген 3 түрү белгилүү.

Психолог Г.М.Андреева группаны шарттуу жана реалдуу деп 2 чоң топко бөлүп жүрөт. Реалдуу группанын өзү лабораториялык жана чыныгы группалар деген эки түргө ажырайт. Чыныгы группанын өзү да чрң жана кичине группалардан турат. Ал эми чоң группа өз ичине уюшулган жана уюшулбаган группаларды камтыйт. Кичинекей группа коллективтерден пайда болуучу группалардан турат. Көп учурда кичинекей жана лабораториялык группалар мазмундары боюнча дал келишет. Уюшулбаган группаларга аудиториялардагы жана көңүл ачуучу жайлардагы кандайдыр бир себептер менен биригишкен элдин топторун кошууга болот.

Уюшулган группалар болсо социалдык, этникалык, кесиптик курактык деген группаларга бөлүнүп келүүдө. Чоң группалар кичинекей группаларга караганда өздөрүнө мүнөздүү социалдык жүрүш-турушка, башкаруучу салттарга адеп-ахлактык үрп-адаттарга ээ.

## 2. Кичинекей группаларды классификациялоо

Кичинекей группаны составы боюнча анчалык көп эмес, тикеден тике карым -катнашта, болуп бирге эмгектенишкен же бирге жашаган адамдардын топтору түзөт. Анын курамыщдагы адамдар өз ара эмоционалдык назик мамиледе турушат. Мындай группалык топ адамдардын өмүрүнүн акырына чейин созулат. Кичинекей группаларга алгачкы социалдык касиеттерге ээ болгон үй-бүлө, эмгекте, окууда ж.б. шарттарда түзүлгөн достук мамилелер кирет. Кичинекей фуппалар ар качан чоң коллективтин ичинде жашашат, анын иегизги составдык бөлүгү болуп саналат. Кээде тарыхый инсандардан түзүлгөн кичинекей группалар коомдогу олуттуу өзгөрүүлөргө таасир этет. Мисалы, 1884 - жылдын августунда Париждеги К.Маркс менен Ф.Энгельстин тарыхый жолугушуусу ж. б.

Кичинекей группалар үчүн төмөнкүдөй негизги өзгөчөлүктөр мүнөздүү

- Коллективдин бардык мүчелөрү бири-бири менен өз ара психологиялык таасир этүүдө турушат.
- Бири-биринин мүнөзүн, жүрүш-турушун, жетишкен, жетишпеген жактарын жакшы билишет.
- Коллективдин мүчөлөрү өз ара эмгек процесси ишкер маанай, жалпы максаттарынын бирдейлиги аркылуу биригишет.
- Колективдин өз ара мамилесин башкарган коллективдик рух, группалык норма калыптанат.

Кичинекей группалардын ички мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдеедөгу негизги проблема катары алардын жалпы саны жана жогорку, төмөнкү чектери саналат. Америкалык изилдөөчүлөрдүн божомолдоолоруна караганда, эгер жер шаарында 3,2 миллиярд адам жашаса жана андагы ар бир киши 5-6 миллиярдды түзөт.

Көп учурда кичинекей группалардын төмөнкү чеги 2 ден 7ге же 2ден 3кө чейинки адамдарды камтыйт, ал эми жогорку чеги катары 7ден Юго, 15ке, 20га, 30га, 40ка чейин жетет.

Адам топторун официалдуу жана официалдуу эмес деп атоо америкалык окумуштуу Э. Мэйонун атактуу Хоторин шаарында жүргүзгөн эксперименттеринен башталат. Бул эки кичинекей группа бири-биринен ички мазмуну жана пайда болу мүнөзү боюнча айырмаланат.

Формалдуу группа рационалдуу так максатка, функцияга ээ болуп, иерархиялык (тепкичтүү) структурадан турат. Аларга өндүрүштүк бригадалар, үй-бүлө, түрдүү коомдук, өкүмөттүк уюмдар, спорттук командалар, жашыруун уюмдар кирет. Формалдуу группа башкаруучу (жетектөөчү) жана кол алдында иштеген адамдардын топторунан түзүлөт. Алардын ар биринин укугу жана милдети буйрук аркылуу апдын ала белгиленет, бекитилет. Ар биринин иштөө, мамилелешүү, укуктук сферасы бар, ошол чекте эмгектенүүгө өз ара официалдуу мамилелешүүгө аракет жасашат.

Формалдуу эмес группанын саны 2ден 3Oга чейинки адам топторун камтыйт. Андагы адамдар такталган максаттарга, статустарга белгилүү бийиктикке жана башка атрибуттарга ээ эмес. Группанын курамына кирүү, андан чыгуу эркин. Группанын мүчөлөрү бири-бирин жакшы билишет, тез көрүшүп турушат, ишенигтүү мамиледе болушат. Тууганды белгилер мекен мүнездөлбөйт.

Формалдуу эмес группалардын да башка группалар сыяктуу ички структурасы ез ара мамилелердин нормалары, чектери бар. Мындай группаларга кошуналаш, бирге иштеген, сүйүү мамилелери бар адамдардын топтору мисал боло алат. Формалдуу эмес группа жөнүндөгү окуунун пайда болушу тарыхына байланыштуу бир окуяны 1923- жылы К.Мейого Филадельфия шаарындагы текстиль комбинатынын башчысы жумушчулардын өз каалоолору менен иштен көп кетип жатуу себебин аныктоо өтүнүчү менен кайрылган. Мисальг, * жалпы фабрика боюнча жумушчулардын иштен бошонуп кетүүсү 5- 6% ке жеткен. Жыл ичинде 100 кишиден 40 гана адам калган.

Э.Мэйонун байкоосунда, фабрикадагы эмгектин монотондуулугу, бир эле жумушчунун иште. бир несе станокторду тейлеп, ары-бери көп басып, тез чарчагандыгы себеп болгон.

Э.Мэйо фабриканын жалпы иши менен таанышкандан кийин, радикалдуу сунуш катары бир жумушчу күнүнде жумушчуларга 10 минуттан 4 жолу тыныгуу берүүнү сунуштаган. Мындай тыныгуу жумушчулардын үчтөн бирине гана берилип, калгандары мурунку тартипте эле иштеген. Натыйжада жумушчулардын өз каалоолору менен иштен кетүүлөрү токтогон же кескин азайган. Алардагы иш учурунда жана иштен кийин чарчоо, иштен көңүл калуу сыяктуу терс көрүнүштөр кескин жоюла баштаган. Мындай абал тыныгуу алган жумушчуларда гана эмес цехте иштеген бардык жумушчуларда байкалган. Жумушчулардын өз каалоолору менен иштен бошонуу өтүнүчтөрү төмөндөп, эмгек тартиби, ишке болгон мамилелери кескин жогорулаган.

Э.Мэйо бул өзгөрүүнү танапистин таасиринен башка да жумушчулардын ортосундагы өз ара личносттук мамилелердин пайда

болгондугу жаиа көңүл жакын (башка цехте иштешкен) адамдар менен ой бөлүшүү мүмкунчүлүгү түзүлгөндүгү менен байланыштырган. Биринин ишке болгон жөндөмдүүлүгүн экинчиси өзүнүн личносттук мамилеси аркылуу көтөргөн. Мындай абал фабриканын жалпы иш өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына оң таасирин тийгизген.

Диффузиялык группа. Диффузия- латын сөзү, кыргызча «таралыш». Мындай группаларды түзген адамдар биргелешкен иш-аракетти аткарышпайт, жалпы бир багытка, максатка ээ эмес. Мисалы катары психологиялык эксперимент жүргүзүү үчүн бирин-бири таанybаган адамдардын (көчөдөн, студентгик группаларынан, остановкадан ж. б.) түзүлгөн адам топторун келтирүүгө болот.

Конформисттик группа. Конформизм- латын сөзү, кыргызча «окшошкон, шайкеш» деген мани берет. Психологияда конформизм адамдардагы конфликт чыгарбоо үчүн бирге иштеген жолдошунун же жалпы группанын ички оюна макул болуп багынган көз карашын, жүрүш-турушун кескин өзгөртүүдөн баш тартып, коллективдин жалпы ой толгоосу менен өзүнүн жеке позициясын тендештирүү езгөчөлүгүн туюндурат. Конформизм жеке личность менен коллективдин ортосунда конфликт чыкканда жана аны жок кылуу аракетинде байкалат. Бул кубулушту
С. Аш изилдеген.

Корпорациялык группа. Корпорация - латын сезү, кыргызча «бирикме» маанисин туюндурат. Корпорациялык топто турган адамдар авторитеттүү кишинин башчылыгында максималдуу борборлошуп, башка группалардан максаттары, көз караштары боюнча кескин айырмаланышат. Алардын көз караштары, мүдөөлөрү коомдун койгон талабына карама-карышы турат. Буга сектанттык, рекеттик, хулигандык топтор кирет.

Референттик группа. Референтгик группа деген түшүнүктү илимге 1942-жылы америкалык окумуштуу Г. Хейман киргизген.

Практикада коллективдин айрым мүчөлөрү жалпы жамаат, анын ой пикири менен эсептешпейт. Ал үчүн коллективде авторитет боло турган личность жок, баарына кайдыгер теңсинбей мамиле жасайт. Коллективдин максаты, кызыкчылыгы, иш-аракети, ички тартиби, аны өзүнө тартпайт, ага кызыгууга аракеттенбейт. Бирок адам баласы эч качан адам коомунан (группаларынан) ажырап, андан обочолоп күн кечирбейт, ой-пикири, мүдөөсү, иш-аракети боюнча дал келген адам топтору мечен карым-катнашта мамиледе турат. Ошол топто өзүн эркин сезип, табигый ички дарметин толук ачууга мүмкунчүлүк алат. Адамдардын мындай топтору референттик группалар деп аталат.

Коллектив (латын сөзү, кыргызча чогулткуч) - конкреттүү коомдук максат менен бириккен адамдардын топтору. Бирок ар кандай эле адам топтору, мисалы, бир вагондо бараткан жүргүнчүлөр, убактылуу бир иш-аракетти аткаруучулар (көчөгө бак тигүүчүлөр ж.б.) коллективди түзө бербейт.

Практикада коллективдин максатына жана мазмунуна карай эмгек, окуу, аскер ж.б. уюшуу формасы боюнча уюшулган, стихиялуу составына карай балдар, аялдар, жаштар коллективдери деген түрлөрү кездешет.

Коллективдин өнүгүшү, калыптанышы обьективдүү сырткы субьективдүү ички шарттарга жараша болот. Обьективдүү шарттарга коллективдин материалдык ресурусу, алдына койгон максаты, коллективди курчап турган чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрү, ал эми субьективдүү факторлорго адамдардын составы, жөндөмдүүлүктөрү, мүнөздөрүнүн өзгөчелүктөрү жана өз ара мамилелери кирет. Ошондой эле коллективдин калыптанып өнүгүшүнө жетекчи тарабынан коюлган талаптын мүнөзү, коллективдин мүчөлөрүнүн аны кабыл алышы чоң роль ойнойт.

Коллективге коюлган талап өнүккөн сайын, коллектив да анны менен жарыш өнүгүп калыптана берет. Коллективдин өнүгүшүнүн биринчи этабында талапты жетекчи коет, талаптын мүнөзүнө, гумандуулугуна карай адамдар бири-бири менен биригишет. Адамдардын жана жетекчи менен жамааттын мүчөлөрүнүн ортосунда туруктуу эмес тышкы байланыштар пайда болот.

Коллективдин өнүгүшүнүн экинчи этабында коллектив жиктелет: жетекчинин талабын колдоп-кубаттаган алдыңкы аң –сезимдүү активтер пайда болсо, экинчиден жетекчинин, коллективдин жалпы максатына каршы болбогон, демилге да көтөрбөгөн кайдыгер караган пассивдүү топтор келип чыгат.

Коллективдин өнүгүшүнүн үчүнчү баскычында коллективди түзгөн адамдар бири-бири• менен синтезделет, интеграцияланат. Мында коллективдин жалпы максатына жана башка сапатгарына анын мүчөлөрү оң мамиле жасайт, толук колдойт.

Коллективдин өнүгүшүнүн төртүнчү этабында коллективди түзгөн адамдар бири-бирине талап кое башташат, жалпы максат ар биринин өзүнүн максатындай кабыл алынат.

## Окуучулардын коллективин үйрвнүу

«Коллектив» түшүнүгү көпчүлүк учурда жетишерлик так эмес пайдаланылат. Мисал катары алсак, педагогикалык мугалимдердин коллективи, мектептин, класстын, окуучулардын коллективи деп айтуу кабыл алынган, чындыгында эле тигил же бул окуучулардын группасы, мугалимдердин коллетиви деп айтылган маселенин өзүн бекемдебейт. Анткени коллетив - бул бир эле убакта жана бир эле мейкиндикте топтолгон, каалагандай элдердин группасы боло бербейт. Мындай группаны диффузиялык же группа -конгломераттык деп айтабыз Болжолдуу диффузиялык группа (мисал катары) мурда түздөн-гүз тааныш эмес, жаңы келгендер же жаңы класстагы балдардын группасын айтабыз.

Каалагандай группа эки багытта өнүгүшү мүмкүн: оң жана терс болуп. Оң багыты — коомдун баалуулугунда, терс болсо, коомго карама-

каршылыктуу. Окуучулардын группасынын оң багытта өнүгүшү төмөнкү этаптар аркылуу өтөт.

1. Диффузиялык группа. Бул группанан мүчөлерүнүн ортосундагы карым-катнаш мамилеси, өз ара аракеттениүүсү, туздөн-туз группалык ишмердүүлүктүн баалуулугунда, маанилүүлүгүндө максатында калыптанат, мазмунуна көз каранды эмес. Группалык ишмердүүлүк таптакыр жок болушу да мүмкүн, ошондой эле аларга катышкандардын арасында көз карашы боюнча биримдик болушу мүмкүн эмес. Группанын мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара карым-катнаш контакттын тездеши көзүнө жылуу учуроочулук катарында ж.б.у.с. Мына ушундай факторлордун негизинде гана жыйналат. Диффузиялык группага мисал катары, дискотекадагы жаштар, палатадагы оорулуулар, абитуриенттер, автокассада кезекте турган адамдар болушат. Мына ошондуктан, диффузиялык группадагы личносттор аралык карым-катнашта биригишкен ишмердүүлүкгүн мазмунунан көз каранды эмес, бирок анын өзү кепчүлүк учурда жок болот.

2. Ассоциациялык группа. Личносттор аралык карым-катнаш группалык ишмердүүлүктүн баалуулугу, максаттуулугу менен мазмуну бир топ орточолонгон жана бул группанын ар бир мүчөсүнө маанилүү. Диффузиялык группадан айырмачылыгы, ассоциациялыкта личносттор аралык карым-катнаш белгилүү бир тартипте пайда болот, өнүгөт жана биргелешкен ишмердүүлүктө ар биринин катышуунун денгээли менен салымына көз каранды. Ошону менен бирге эмоционалдык карым-катнашка (мисалы симпатия менен антипатиялык карым-катнашта) дагы дале болсо ээ болушат. Бул группага мисал катары короодогу (сыртгагы) балдардын командасы, кайсы бир байгелер, сыйлыктар үчүн мелдешке катышкандар, агитбригада ж.б. кирет.

3. Коллектив. Бул өнүккөн группанын жогорку деңгээля. группалык ишмердүүлүктүн баалуулугу, максаты, мазмуну жана таасирдүүлүгү личносттор аралык карым-катнашта болот, ал эми группалык ишмердүүлүктүн өзү бир гана группанын ар бир мүчөсү үчүн гана маанилүүлүктө болбостон, жалпы коомчулук үчүн да маанилүү. Бул учурда, коллективдин мүчөлерүнүн алдында эки максат турат, алар көбүнчө көбүрөөк коомдук баалуулукка ээ болгонунун тандашат.

Ошону менен бирге бардык коллективди бирдей деп эсептөөгө болбойт. Психологиялык көз караштa алар бири-бири менен айырмаланат. бирөөсү бир топ калыптанган, биримдүү, башкасы - азыраак. Ушул жерде табигый суроо туулат: Коллективдин калыптануу деңгээлин аныктоого мүмкүн болгон көрсөткүч кандай? Бул суроого көрүнүктүү психолог А.В. Петровскийдин жетекчилиги астында иштелип чыккан теориялык концепциясы жооп берген жана жакшы коллектив жаман коллективден төмөнкү мүнөздөр боюнча айырмалана тургандыгына макул болсо болот:

1. Группанын биримдиги. Бул жерде группанын өнүгүү деңгээли менен личносттор аралык карым-катнаштын көрсөткүчү өтө маанилүү. Жада калса, интиутивдик түшүнүктө, диффузиялык группанын биримдиги өтө төмөн, ал эми коллективде жогору. Көпчүлүк батыш психологдору бул

көрсеткүчтү группанын эмоционалдык — психологиялык мүнөзүнүн көрсаткүчүндө гана эсептешип, аны коммуникативдик бириккендикте жооп беришет. Ошондуктан биримдиктин коэффициенти группанын мүчөлөрүнүн саны менен алардын өз ара таасирдин тездигинин негизинде деп алар эсептешет. Бирок, мындай түшүнүк биримдиктин түзүлүү механизиминин өзүн түшүнүүгө мүмкүндүк бербейт.

Азыркы мезгиде психология биримдиктин көрсөткүчүндө группанын багыттык –баалуулугунун биримдүүлүгү эсептелет (БББ) т.а обьектиге карата карым-катнаш боюнча группанын пикири, баасы, установкасы дал келүү даражасы жалпысынан группа үчүн бир топ маанилүү. Ошондуктан бирмдиктин индекси обьект группанын бардыгы үчүн карым - катнаштык маанидеги ой-пикирдин жыйынтыгына дал келүүсү (туура келүүсү) боюнча аныкталат.

2. Экинчиден коллективге интегративдик мүнөздөмө - ***коллективдүү*** *өзүн-өзү аныктоо.* Бул конфликт кырдаалда группалык басымга каршы турушу менен анын идеалы коллективдин мүчөлөрүнүн арасында гана пайда болот. Башка сөз менен айтканда (коллективдин ичиндеги өз ара таасир этүүнүн шартында) , группанын басымында эмес, каалагандай социалдык таасирлерге карата алардын мамилесинин жардамы менен коллективдин ндеалынын артында гана чечилүүчү болуп эсептелет. Бул учурда индивид коллективде өзүн-өзү аныктоосунда коллективдин адеп - ахлактык асылдуулугун гана коргобостон, ошону менен бирге коллективдин максаты менен мамилесин да коргойт.

Коллективдүү езүн-өзү аныктоо кубулушу комформизми (группалык басымга баш ийүү) менен нонконформизмге («бунтарство») карама-каршы коллективде, коллективдин мүчөлөрүнүн арасында коллективдүү өзүн-өзү аныктоо, мисалы, диффузиялык группага караганда мажирөө личностторго ишенимдүү таасир этүүсү жашайт. Иштин негизинде, коллектив үчүн коллективдин идеалынын аркасында, анын максаты менен багыттык асылдуулугунун негизи эсептелет, бирок группада жогорку абалды ээлегендерге, конкретгүү адамдарга ошол минутадагы багыты эмес.

3. Үчүнчү көрсеткүч - ***эмоционалдык идентификация,*** т.а. группанын башка мүчөлөрү менен өзүн окшоштуруу, алардын ийгилиги менен ийгиликсиздигин кошо алып жүрүү, эмоционалдык жылуулук. Анын жаралышынын жогорку деңгээли - эмоционалдык идентификациянын аракети (таасир этүүсү).

Чыныгы коллектив үчүн группалык эмоционалдык идентификациянын аракетинин мүнөзү, т.е. мындай окшоштуруу группанын мүчөлөрүнүн бирөөсүнүн кайгыруусун, группанын максаты менен фрустрациялык аракетинин кесилишин жандандырууну бир эле мезгилде ишмердүүлүктүн багытынын мотиви катарьгада башкалар кабыл алат.

*4.* Акырында, коллективке интегративдик мүнөздөмөсү - *группанын мүчөлөрүнүн кабыл алуусундагы анын эталондуулугу.* Алардын бул ишениминде алардын коллективи жакшы эталонго жакын.

Башка сөз менен айтканда, эталондук - бул өзүнүн группасын канаатандырат. Эталондуулуктун көрсөткүчү канчапык жогору болсо, коллективдин өнүгүү деңгээли да ошончолук жогору.

Эмне үчүн мугалим коллективди мүнөздөгөн бул терт көрсөткүчтү билүүсү зарыл? Баарынан мурда алар тарбиялоо маселесин туура коюусу, андан соң алардын чечиминин эффективдүүлүгүн баалоодо турат.

Качан гана мугалимдин окуу иши жөнүндө сөз жүргүзгөнүбүздө эреже катарында, аларга баа берүү жеңил. Бул жерде адатта критерия төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөрдүн санында, предметтер боюнча (жалпы жана сапаттык) жетишүүнүн катарында, мектептик, шаардык, райондук ж б.у.с. олимпиадаларда жеңүүчү жана приздердин санында, методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууну даярдоонун саны, программалык колдонмолор ж.б у.с. катарында чыгат. Ошондой эле тарбиялык ишти баалоо көпчүлүгүндө субьективдүү мүнөздү апып жүрөт, ошондуктан педагогдордо көптөгөн ызалануу туура эле пайда болот. Коллективдин биримдигинин өзгөрүүсү, коллективдүү өзүн-өзү аныктоосу, группалык эмоционалдык идентификация, эталондук коллективде анын мүчөлөрүн кабыл алуу ж.б.у.с. өзү эле мугалим класста тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчүнүн кызматын аткарат.

Ошондуктан ушул багыттын феномендерин үйрөнүүчү методикаларды карайбыз.

## «Менин класстагы абалым» ыкмасы

Мектеп-эң маанилүү коомдук мекеме, ал адамдын бүткүл турмушун: анын балалык чагын, өспүрүм курагын камтыйт. Кийин ал адам езүнүн жетилген курагында балдарынын, неберелеринин окуусу боюнча кайрадан мектепке келет. Бул мекеме — баланын үй-бүлөдөн тышкаркы, езүнө окшогондор менен укук жана милдеттерди бөлүшүп, жашоо-турмуштун алгачкы тажрыйба-таалимин ала турган жай. Бул жерде окуучу өзүнүн өзүмчүлдүгү үчүн сокку алат, эмоцияларга каныгат, өзүнүн башка адамдар менен жалпылыгын сезет. Бул-бала белгилүү бир эрежелерге баш ийүүнүн зарылдыгына түшүнө турган, өзүнүн жана башка адамдардын жорук-жосундарына баа бере билүүгө, өзүнүн кадыр-баркын сактоого үйроно турган жай.

Мектептин окуучуга кандай таасир көрсетүп жатышы мамлекеттин мектепти каражат менен каржьшоосунун көлөмүнө гана эмес, класстагы психологиялык климатты түзө турган мугалимдер менен окуучуларга да байланыштуу болот. Алсак, класстын психологиялык климатынын жагымдуу болушуна инсандагы эгоизм, таш боордук, менменсинүүчүлүк. өзүм билемдик, жагынуучулук, өң карамалык сыяктуу ж.б. сапаттар зыян келтирет. Класстагы психологиялык климат баланын класстагы абалын аныктайт. Муну аныктоо үчүн ушул ыкманы пайдаланып көргүлө.

Өзүңөрдүн жүрүм турумуңарга ылайык келген жоопторду тандап алгыла да, жалпы упайыңардын суммасын эсептеп чыгаргыла.

1. *Мектепке эмне үчүн барасыңар?*
а) ата-энем мажбурлашат;
б) баары барат, ошондуктан мен да барам;
в) окуганды жакшы көрөмүн;
г) жашоо турмушка даярданыш үчүн;
д) бардык жагынан биринчи болгум келгендиктен.

2. *Эгерде "кыйын чыкмалардан" же отличниктерден кимдир бирөө "эки" алса, мен:*
а) табам канганын ачык эле билдирет элем;
б) ичимден кубанат элем;
в) кайдигер калмакмын;
г) боорум ооруйт эле;
д) жапаланганга угуза сүйлөп, көңүлүн жубатмакмын.

3. Эгерде класстагы мага жакпаган окуучулардан кимдир бирөө мектептин дубалын булгаса, анан "тергөө" жүрүп, менден шек санап калышса, мен:
а) күнөөлүүнүн ким экенин ачык айтмакмын;
б) муну ким жасаганын тымызын билдирмекмин;
в) айыптууга күнөөндү мойнуңа ал деп кеңеш бермекмин;
г) ар кандай "өкүмдү" унчукпай кабыл алмакмын;
д) "күнөөкөрдүн" ролун сыймык менен аткармакмын.

4 *Эгерде мага (дептеримден көчүрүп алууну өтүнсө, карыз акча сураса, бир нерсени бөлүшкүн десе, классты тазалагтга жардамдаш десе ж.б) өтүнүчтөр менен кайрылса, мен:*
а) таптакыр баш тартамын (же мага мындай өтүнүчтөр менен эч ким кайрылбайт);
б) эптеп көнүлүн оорутпагыдай шылтоо таап, кутулууга эракеттенем;
в) аткарамын, бирок мен да ага дароо же бир аз кийинчерээк етүнүч менен кайрыламын;
г) эреже катарында, сураганын аткарамын;
д) аткарамын, бирок акысына эч нерсе сурабай турганымды ачык билдиремин.

5. *Класс үчүн бир нерсеге (спорттук мелдештерге, өздүк көркөм чыгармачылыкка, конкурска, ж.б.) катышуу керек болгондо, мен:*
а) мени чакырышпайт;
б) катыш деп суранышса катышамын;
в) катышамын, бирок өзүмдүн шартымды айтып, "ансыз да бардыгына катышып жатпаймынбы, каягына жетишем" деп эскертип, анан катыщамын;
г) менин пайдам тие турган жерде кыйыктанбай катышам;
д) класстын ар-намысы үчүн бардык нерсеге катышып, башкаларга өрнөк көрсөтөмүн.

6. *Мен жөнүндө кеп-сөз болуп, мага карата сын тикир айтылганын уксам, мен*

4

а) эсте тутам да, келечекте дал ошондой жооп кайтарам;
б) кайдигер болуп көңүл бурбаймын;
в) кейиймин;
г) өзүмдү өзүм мыскылдоо менен чектелемин;
д) сынды ыраазылык менен кабыл алып, кемчилик-теримди ондоого тырышамын.

7. *Эгерде топтун арасында жаман жорук-жосун (сабакты үзгүлтүккө учуратышты, мушташты ж.б.) жасасам, мен.*
а) күнеөмдү башка бирөөгө оодара салууга аракеттенем;
б) жалгыздап, эптеп шылтоо таап, жазадан кутулууга аракетгенем;
в) себебин түшүндүрүп, эгерде күнөөлүү болсом, аны мойнума алам;
г) башкаларды коргоп, бүт күнөөнү ез мойнума аламын.

| Баллдарды кою үчүн төмөнкү ачкычты пайдаланг ыла*Жооп тор* | *суроолордун номери* | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| А | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Б | 3 | 3 | 1 | 1 | 3 | 3 | 3 |
| В | 5 | 3 | 3 | 3 | 3 | 5 | 5 |
| Г | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 | 7 |
| Д | *1* | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | - |

Эгерде, силер 7-19 чейинки упай алсаңар, анда:

Силер класста классташтарыңарды коркутуп-үркүтүп, күчүңөргө "сыйынган" немесиңер же тескерисинче, өзүңөрдүн кулк-мүнөзүңөргө жараша чабал, бечара байкушсуңар.

Биринчиден окуучулардын көпчүлүгү силерди сыйлабай тургандыгын, бирок, коркушаарын билүүгө тийишсиңер. Силер жанында жок кезде, алардын баары жеңилдей түшүшөт, аларды тоготпогонсуп түр көрсөткөнүнөр менен класста кыйнальш эле жүрөсүңөр. Бирок, кептөгөн адамдык кубанычтардан куру калып жатканыңарды билип эле турасыңар. "Чыныгы" турмушуңар мектептен тышкарыда өтүп жаткан болот. Силердин абалыңар өтө коркунучтуу - өзүңөрдүн курагыңардагы ар бир адамга зарыл керек болгон нерседен - кадыресе адамдык карым катнаштан куру жалак калып жатасыңар.

Экинчиден өзүңөрдүн "Мениңердин" жоктугу, башка бирөөлөрге толук баш ийүү - бул, эреже катарында, жалкоолуктун, эркиңердин жоктугунун, өзүңөргө езүңөр кош көңүл мамиле жасаганыңардын

натыйжасы. Баарынан мурда кулдун психологиясынан кутулуу керек. Окууну колго алгыла.

Учунчүдөн, башка бирөөлөрдү туурабай, өзүңөрдө болгон бардык жакшы сапатыңарды көрсөткүлө, бирөөлөрдүн мактаганын күтпөй, аракет кыла бергиле, кадыр-барк өзү келет. Анын үстүнө турмуш дегенибиз мектеп менен эле бүтүп калбайт.

Эгерде силердин упайыңар 20-37 аралыгында болсо, анда: ютасстагы абалыңар кадыресе эле экен. Силер менен алака түзүп, карым катнашта болуп. бир нерсе үйрөнсө болот. Мектептеги жолдошторуңар силерди жетишерлик ишенимдүү жолдош, турмушка өз көз карашы бар, кызыктуу адам катарында сезишет. Бул болсо көп учурда кадыресе адамдык өз ара мамилелерди пайда кыла турган нерсенин өзү. Ошондуктан классыңарда жетишерлик ыңгайлуу шарт бар. Досторуңар деле өз классташтарынар болсо керек.

СУНУШ. Акыл-эстүү жана токтоо болууну уланта бергиле, бирок, бул аракетиңерди жарыя кылууга умтулбагыла.

Эгерде силердин упайыңар 38ден ашса, анда: Силер менен карым катнашта болуу анчалык оңой-олтоң боло койбойт, анткени силер башкалар менен болгон мамилеңерде езүнөрдүн чарк чамаңарга карабай, баарынан акылдуу, мыкты көрүнүүгө, класста үстөмдүк кылууга умтуласыңар. Муну эреже катарында, эч ким жакшы көрбөйт, Силердин айрым бир татыктуу сапатыңарга айланаңардагылар урматтоо менен карашат, бирок достук сунушунарды эч кимиси кабыл алгысы келбейт.

СУНУШ. Мыкты болуп керүнүүгө умтулбай, мыктынын өзу болууга умтулгула. Өзүңерду өтө эле көкөлөтүп менменсине бербегиле, сабакта жооп бергенде куру фразалардан качкыла. Билимиңерди дагы терендете бергиле, адамдар менен болгон мамилеңерде ак ниетгүу болгула.

Төмөнкү текстин мазмунун өз алдыңарча талкуулап кергүлө.

Тогузунчу класста жакшы эле окуган кыз физикадан «2» алып калат. Көпкө чейин басылбай өпкөлөп ыйлайт. Анан үйүнө келип асылып өлүп калат. Болбогон жорук болду, эки деген баа үчүн кыздын өмүрү кыйылды да, калды. Көрсө, бул «2» акыркы тамчы экен. Өзүн-өзү өлтүрердөн бир жарым жума мурда ал кат жазып коюптур, Жан дүйнөсү жарылып турганда жазган экен. «Мен өзүмдү адам санында жок жан катарында сезгим келбейт... Жашоо турмуш эң сонун сыяктанып көрүнчү эле, керсө андай эмес экен. Муну мен өтө кеч түшүндүм. Мен да өзүмдү кимдир бирөөнүн берилип сүйгөнүн каалаймын. Ушул үчүн мен эми өлушүм керекпи?» Силер кандай ойлойсуңар?

Бышыктоо үчүн суроолор:

1. Адамдын коомдук статусу жана кадыр-барк жөнүндө түшүнүк жана аларга таасир тийгизүүчү факторлор.
2. Бул изилдөө ыкмасынын келечек кесибиндеги орду.

## Социометрия ыкмасы

Социометрия методун америкалык психиатр жана социол психолог Дж. Морено негиздеген. Социометрия методу личносттор аралык жана группалар аралык мамиленин өзгөчөлүктөрүн өнүгүү деңгелин, конкреттүү группанын мүчөлөрүнүн социалдык- психологиялык батышуучулугун ж.б. изилдөөгө мүмкүндүк берет. Ар кандай эле социалдык группада официалдуу эмес структуранын болору белгилүү. Бул структурада личносттор аралык мамиледеги симпатия, антипатия, өз ара баа берүү процесстери калыптанат. Натыйжада группанын официалдуу эмес структурасында өз ара колдоочулук, өз ара таасир тийгизүүчүлүк, популярдуулук, лидерлик сыяктуу жана башка көрүнүштөр келип чыгат. Социометрия методу дал ушул официалдуу эмес структурадагы көрүнүштөрдү, психологиялык кубулуштарды үйрөнүүгө негизделген.

Социометриялык изилдөө төмөнкүдөй тартип боюнча жүргүзүлөт. Эскерте кетүүчү нерсе, бул жерде анонимдүүлүктү сактоого мүмкүн эмес, мындай болбосо изилдөөнүн эффективдүүлүгүнө терс таасирин тийгизип коюшу мүмкүн. Ошондуктан экспериментатордун симпатияны-антипатияны билдирүү жөнүндөгү талабы, группанын айрым мүчөлөрүн тынчсыздандырып, ички кыйналууларды пайда кылып изилдөөгө катышпай эле коюга ниеттендириши мүмкүн. Бирок группанын ар бир мүчөсү өзүне жакындыгына, симпатиясьша, ишенгендигине ж.б. жараша группанын мүчөлөрүнөн тандоого милдетгүү.

Социометриялык изилдөө эки формада жүргүзүлүшү мүмкүн. Биринчи формасында изилденүүчүнүн канча адамды "жагат" же "жакпайт" деп тандоосуна эч кандай сандык чек коюлбайт. Мисалы: группада 12 адам болсо, изилденүүчү группадагы өзүнөн башка 11 адамдын бардыгын тең жагат деп көрсөтүп коюшу мүмкүн. Изилдөөнүн бул формасынын жетишкен жагы катары группадагы личносттор аралык мамиленин көп түрдүүлүгүн жана эмоционалдуулук деңгээлин аныктоого мүмкүндүк бергендигин эсептөөгө болот. Бирок практикадагы группалардын өлчөмү 12-16дан жогорку адам сандарынан тургандыктан бул форманы колдонуу математикалык эсептөөлөрдү жүргүзүүдө, логикалык талдоолордо бир топ кыйынчылыктарды пайда кылат. Экинчиден "кокустан тандап алуунун" ыктымалдуулугу етө жогору. Мисалы: изилденүүчү ашыкча баш ооруну пайда кылбоо мотивинде "бардыгы жагат" деп жооп берип коюшу мүмкүн. Ал эми практикалык турмушта мындай болушу мүмкүн эмес. Бул учурда изилденүүчү группадагы өзүнө жакпаган же нейтралдуу мамиледе турган адамдарды деле жагат деп жалган жоопту берип койду. Изилденүүчүнүн өзүнө жакпаган адамдарды деле жагат деген жалган жоопторун "кокустан тандап алуу" деп айтабыз. "Кокустан тандап алуунун" ыктымалдуулугу канчалык төмөн болсо, изилдөөдөн алынган маалыматтын ишенимдүүлүгү ошончолук жогору болот. Эреже боюнча "кокустан тандап алуу" ыктымалдуулугунун 0,20- 0,30 аралыгында жатышы нормада деп эсептелинет.

**Жогорудагыдай** көрүнүштөрдөн улам айрым гоилдөөчүлөр **социометриялык** изилдөөнүн экинчи формасын иштеп чыгууга аргасыз болушкан. Негизги максат "кокустан тандап алуунун" ыктымалдуулугун төмөндөтүү эле. Бул үчүн алар изидценүүчүлөрдүн тандап алууларынын санына чектөөлөрдү киргизүүнү сунуш **кылышкан.** Мис: 25 адамдан турган группанын мүчөсү үч адамга чейин гана жагат деп **көрсөтө** алат.

Ошентип социометриялык изилдөөлөр төмөнкүдөй максаттарда уюштурулушу мүмкүн:

а) группадагы психологиялык биримдиктин деңгээлин өлчөө;

**б)** группадагы "социометриялык позицияларды" б.а. группанын ар бир мүчөсүнүн тиешелүү социалдык статусун, симпатиясын жана антипатиясын аныктоо; Эң жогорку симпатияга ээ болгондорду лидер, ал эми эң төмөнкү симпатияга же антипатияга ээ болгондорду аутсайдер деп аташат. Группанын эң сүйкүмдүү лидерин Дж. Морено **"ЖЫЛДЫЗ"** деп атаган.

в) Группанын ичиндеги подгруппалардын системасын табуу. Адатта булардын башында официалдуу эмес лидерлер турат.

Изилденүүчүлөр жумушту төмөнкүдөй инструкция боюнча башташат. Алар өз группасынын ичинен өзүнө жаккан үч жолдошунун атын **1чи,** 2чи, 3чү деп так номерлөө менен тандоого милдеттүү. Эң жакканына 1чи номерди, 2-не 2-номерди, 3-нө 3-чү номерди ыйгарат. Бирок, кандай негиз боюнча тандагандыгын так көрсөтүүгө тийиш. Аны изилдөөчү максатка ылайык тандалган суроолор менен ишке ашырса дагы болот.

| *№* | *Тандоонун негизи* | ***Суроолор*** |
|---|---|---|
| *1.* | Окууда | Сабакты ким менен бирге даярдоону каалайсың? |
| *2.* | Эмгекте | Жумушуң көбөйүп кеткен мезгилдерде кимди жардамга чакырасың? |
| *3.* | Эс алууда | Жаңы жылды ким менен бирге тосот элең? |

**Жогорудагыдай** мазмундагы суроолорго толук жооптор алынып бүткөндөн кийин, математикалык иштеп чыгуу жүргүзүлөт. Математикалык жактан иштеп чыгуунун эң жөнөкөй ыкмасы катары таблицалык, графикалык жана индексологиялык жолдор саналат,

Таблицалык жолду социоматрицаны түзүү менен ишке ашырабыз. Социоматрицанын артыкчылыгы - группанын мүчөлөрүн сандык негиз боюнча ранжировкалоого мүмкүндүк бергендиги. Ал төмөнкү үлгү боюнча жайгаштырылат.

| № | Аты жөнү | *Аты жөнүнүн катар номери* | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | ... | N |
| *1* | | | | | | | | |
| *2* | | | | | | | | |
| *3* | | | | | | | | |
| *4* | | | 2 | | | | | |
| *5* | | 1 | | | | | | |
| ... | | | | | | | | |
| *N* | | | | | | | | |
| *Добуштардын жалпы суммасы* | | | | | | | | |

Балдардын аты-жөнү журналдагы тартип боюнча **жазылат.** Андан кийин **1-чи** номердеги балага берилген добуштар, үстүңкү катардагы бирдин астына белгиленет. Мис: журналдагы 5-номердеги бала 1- номердеги балага 1 менен добуш берсе, үстүңкү катардагы тике түшкөн 1чи графанын 5-номердеги баланын **аты** жөнү **жазылган** горизиантaлдык графанын кесилиш торчосуна 1 деп **жазылат.** Эгерде 2-чи номердеги баланы 4-номердеги бала 2-номер менен тандаса, анда вертикалдык 2-графанын 4-номердеги баланын аты-жөнү жазылган 4-горизонталдык графа менен кесилишкен торчосуна 2 деп жазылат. Калгандары дагы ушундай тартип боюнча **жайгаштырылат**

Бардык жооптор матрицага түшүрүлгөндөн кийин ар бир баланын канча добуш топтогондугу эсептелип чыгарылат. Ким канча көп добуш топтосо, ошол группанын официалдуу эмес лидери же группанын **«жылдызы»** деп таанылат.

Баланын группадагы статусу төмөнкү формуланын жардамы менен **аныкталат:**

$$C=\frac{K}{N-1}\cdot 100\%$$

Бул жерде: С- Баланын группадагы статусу.

К- Балага берилген **добуштардын** жалпы саны.

**N-** изилдөөгө катышкан балдардын жаппы саны.

С-канчалык жогорку %ке ээ болсо, баланын статусу ошончолук жогору болот.

Бышыктоо үчүн суроолор:

1.**Группадагы** лидер, статус жөнүндө түшүнүк.

2. Бул **ыкманын** келечек кесибиндеги ордду.

## Референтометрия ыкмасы

Практикалык турмушта айрым адамдар өз группасындагы мамилелерден канаатгануу ала албайт б.а, алар үчүн группада авторитет боло турган адам жок. Алар өз группасынын мүчөлөрүне теңсинбей, кайдигер мамиледе болушат. Бирок, нормалдуу адам баласы эч качан

обочолонуп күн кечирүүнү каалабайт. Ошондуктан ал адамдар башка группалардан өзүнө тең келе турган досторду, көңүлдөштөрдү күтүүгө аракеттенишет. Ошолор менен карым катнашта, мамиледе болууга умтулушат. Психологияда мындай адамдардын тобунан түзүлгөн группаларды *рефереренттик группалар* деп аталат.

Адамдын референтгик группасынын бар же жок экендигин, болсо кандай референттик группанын мүчөсү жана анын таасири канчалык деңгээлде экендигин аныктоо үчүн ушул методиканы колдонууга болот.

Бул метод боюнча изилдөө төмөнкүдөй инструкция боюнча жүргүзүлөт. Биринчи катарда түрдүү турмуштук кырдаалдардагы жасай турган жүрүм-турумуңуз жөнүндөгү суроолор берилген. Ушул суроолорго жооп берүү үчүн экинчи катарда жазылган адам топторун өзүңүзгө жаккандыгына жараша тандооңуз керек. Ар бир суроо үчүн экиден (ашык-кеми жок) топ тандалат. Мис: биринчи суроого "ата-энем жана досторум менен баргым келет" деп жооп бергиңиз келсе, алардын тушуна 3дон 5ке чейинки баллды коюсуз. Бул жерде баллдар берилген суроолордун мазмунундагы сиздин каалооңуздун деңгээлине жараша коюлат.
5-өтө каалайм, 4-каалайм, 3-баары бир.

*Суроолор:*

1. Башка шаарга ким менен баргыңыз келет?
2. Эгерде сизде жагымсыз окуя болсо, кимге айтат элеңиз?
3. Сиз туулган күнүңүздү ким менен өткөрүүнү каалайсыз?
4. Сиз өзүңүздүн бош убактыңыздын эң көп бөлүгүн ким менен өткөрүүнү каалайсыз?
5. Сиз көбүнчө кимдин айтканын дайыма аткарууга аракеттенесиз?
6. Сиз жакшы билбеген бирөөнү жакшы көрүп калдыңыз. Анын кандай адам экендигин балоого кимге кайрылат элеңиз?
7. Өзүңүздүн жашооңузду өзгөртүүнү кааласаңыз ал жөнүндө ким менен кеңешет элеңиз?
8. Сиздин турмушуңузда кимди үлгү тутуп жашап жатасыз?
9. Сиз баарынан мурда кимге жагууну калайсыз?
10. Сиз ким менен тартынбай ачык сүйлөшө аласыз?

Топтор:

1) Ата эне
2) Тууган-туушкандар (чоң ата, чоң эне, аба, жеңе).
3) Бир туугандар (эже, синди, ага-ини).
4) Өзүңөн улуу тааныштар
5) Ата –энеңдин тааныштары.
6) Достор.
7) Эң жакын досуң.
8) Компаниялаштар.
9) Тааныш кыз же бала.
10) Окуудагы жолдошуң.

11) **Секциядагы,** же коншулаш досуң.

12) Тарыхый личностор (Ленин, Сталин, Маркс ж.б )

13) Баардыгына таанымал адам (аким, директор ж.б.)

14) Башкалар аркылуу тааныган адам.

15) Адабий каарман.

Жооптор берилип бүткөндөн кийин койгон балдарыңыз өз-езүнчө эсептелинет Мис: ата-эненики өзүнчө, тууган-туушкандардыкы өзүнчө ж.б. Ушул 15инин ичинен кайсынысынан көп балл топтосоңуз, ошол топ сиздин референттик группаңыз болуп эсептелет.

Бышыктоо үчүн суроолор:

1. Группа жана референттик группа жөнүндө түшүнүк.
2. Бул ыкманын келечек кесибиндеги орду.

Группадагы психологиялык атмосфераны аныктоо

Группадагы личносттун калыптанышы көп жагынан группадагы психологиялык атмосферага байланыштуу. Психологиялык атмосфера адам үчүн канчалык жагымдуу болсо, ал группада личносттун өсүп-өнүгүүсүнө, өзүн эркин сезүүсүнө жана мүмкүнчүлүгүнүн толук ачылуусуна ошончолук ыңгайлуу чөйрө түзүлөт.

Төмөндө сунуш кылынуучу карама-каршы мазмундагы жупташкан сөздөр аркылуу өз группаныздагы (классыныздагы, коллективиниздеги) түзүлгөн психологиялык атмосфераны аныктоого мүмкүнчүлүк аласыз. Ал үчүн сунуш кылынган сездерду көрсетулген тартип боюнча жазып аласыз

| | | |
|---|---|---|
| Жолдоштук | 1 2 3 4 5 | Душмандык |
| Ынтымактуулук | 1 2 3 4 5 | Ынтымаксыздык |
| Ыраазычылык | 1 2 3 4 5 | Нааразычылык |
| Боорукер | 1 2 3 4 5 | Кайдыгер |
| Натыйжалуу | 1 2 3 4 5 | Натыйжасыз |
| Жагымдуу мамиле | 1 2 3 4 5 | Оройлук |
| Кызматташтык | 1 2 3 4 5 | Кызматташ эмес |
| Өз ара колдоочулук | 1 2 3 4 5 | Көрө албастык |
| Кызыктуу сүйлөшүү | 1 2 3 4 5 | Зеригүүчүлүк |
| Чынчылдык | 1 2 3 4 5 | Куулук |
| Тамашаны түшүнүүчүлүк | 1 2 3 4 5 | Сөз көтерө албоо |
| Бири бирин түшүнүү | 1 2 3 4 5 | Өч алуу |
| Атаандашпоо | 1 2 3 4 5 | Атаандашуу |
| Ишенүүчүлүк | 1 2 3 4 5 | Ишенбестик |
| Кеңешүүчүлүк | 1 2 3 4 5 | Өзүм билемдик |

Жумушту аткаруу үчүн ар бир сөздүн мазмунун группадагы өз ара мамиледен орун алышына жараша 1 ден 5 ке чейинки балдарды коюп чыгасыз. Мис. Жолдоштук группада дайыма болот, душмандык жок десеңиз 1 деген баллды коесуз. 2 деген баллды жолдоштук, душмандык болуп турат,

бирок көбүнчө жолдоштук десеңер. 3 деген баллды экөөсу бирдей же билбейм дегенде коесуз. 4 деген баллды экөөсү бирдей бирок душмандык үстөмдүк кылат, 5 деген баллды жолдоштук мамиле жок, дайыма душмандык дегенде коесуз

Баллдарды ар бир жуп сөзгө коюп бүткөндөн кийин баллдардын жалпы суммасын чыгарасыз. Акыркы сумма 15-75ке чейинки аралыкта термелип турушу мүмкүн. Сумма канчалык төмөн болсо, группадагы психологиялык атмосфера ошончолук жагымдуу болот жана тескерисинче канчалык жогору болсо ошончолук жагымсыз, начар болот Ошондой эле группадагы психологиялык атмосфераны ар дайым туруктуу деп эсептөөгө болбойт. Анын жагымдуу же жагымсыз болушу биринчи кезекте группанын мүчөлөрүнөн жана белгилүү деңгээлде жетекчиликген көз каранды.

15-30 балл - мындай группадагы психологиялык атмосфераны толук түрдө жагымдуу деп айтууга негиз бар. Себеби, группа кандай кыйын кырдаалга, оор шартка туш келсе дагы кыска мезгилдин аралыгында психологиялык атмосферанын өтө начарлап кетишине чейин барбайт. Ушундай деңгээлдеги атмосфералуу группаны түзүүгө аракеттенүү зарыл.

31-45 балл - мындай группадагы психологиялык атмосфера менен сыймыктанууга болбойт. Группанын мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамиле дайыма эле ынак эмес. Бирок, кантсе дагы группалык биримдиктин, ынтьшактын бар экендиги жөнүндө айтууга болот.

46-60 балл - мындай группадагы психологиялык атмосфера өте туруктуу эместиги менен айырмаланат. Анын жакшы же жаман экендиги көпчүлүк мезгилдерде түзүлгөн кырдаалдардан жана жетекчиликтин мамилесинен көз каранды. Группа бир аз проблемага туш келсе эле атмосфера начар жагына оой баштайт жана мүчөлөрүнүн арасындагы өз ара жактыбоочулуктар пайда болот. Мындай шартта, албетте адам өз каалаган максаттарына жете албайт.

61-75 балл - мындай группадагы психологиялык атмосфера женүндө начар сөздөрдү гана айтууга мүмкүн. Жетекчиликтен же бир сырттан берилген таасирлердин жардамында гана атмосфераны ондоого мүмкүн. Себеби, группанын айрым мүчөлөрүнүн өз ара мамилелери конфликттик абалда турат Бул өзүнөн-өзү эле жоюла койчу жөнөкөй нерсе эмес. Группанын дээрлик бардык мүчөлөрү өздөрүн группада эркин сезе алышпайт. Мындай шартта личносттун нормалдуу өнүгүүсү жөнүндө сөз кылууга да мүмкүн эмес.

### Бышыктоо үчүн суроолор:

1. Психологиядагы группа түшүнүгү.
2. Группадагы психологиялык атмосфера жөнүндө түшүнүк жана аны шарттоочу факторлор.
3. Бул изилдеө ыкмасынын келечек кесибиндеги оорду.

## Тема: Үй-бүлө психологиясынын негиздери

### 1. Үй-бүлөнүн негизги функциялары

Коомдогу бардык окуу-тарбия берүүчү социалдык мекемелердин ичинен үй-бүлөнүн мааниси зор, анткени балдардын алгачкы өсүп-өнүгүүсү, калыптанышы, социалдык мамилени, иш-аракеттерди өздөштүрүүсү үй-бүлөден башталат. Үй-бүлө баланын инсандык, нравалык сапатгарын, жекече жөндөмдүүлүгүн естүрүп, активдүүлүккө, аракетчилдикке, чыгармачылыкка тарбиялайт.

Статистика боюнча азыркы базар экономикасы үй-бүлөгө оор таасирин тийгизип, турмуш деңгээли төмөндөп, жат көрүнүштөр өкүм сүрүп, муундан-муунга өтүп келаткан баалуулуктар, эң сонун инсандык сапаттар зыянга учурады. Мындай шартта кандай гана үй-бүлө болбосун мейли колунда бар, жетиштүү, мейли кедей-кембагал болсун балдарын окутуп-тарбиялоодо мугалимдин, психологдун жардамына муктаж. Ошентсе да үй-бүлө өз милдеттерин аткарууга тийиш. Алар төмөнкүлөр.

1. *Репродуктивдүү функция* (милдет) лат. Productio - кайрадан жаратуу, көбөйтүү деген сөзүнөн альгнып, адамдын тукумун улоо, балалуу болуу милдетин түшүнөбүз.

Жаштар арасында баласыз жашоо же бир эле балалуу болуу деген ойлор айтылат. Жаш жубайлардын ата-энесинен бөлүнүп жашоону каалаганы, ажырашуунун көптүгү, начар экономикалык жана экологиялык жагдай, тамактануунун начардыгы, жаман жүрүм-турум бул көрүнүшкө ортоктош.

2. *Экономикалык жана турмуш-тиричилик функциясы* Илгертен бери эле үй-бүлө турмуш-тиричилик ордосу. Дыйканчылык, мал чарбачылык, кол өнерчүлүк жана соода-сатык иштери үй-бүленүн жашоосунун өбөлгөсү. Тамак-аш даярдоо, үй оокатына керектүү иш-аракеттер, келечек үмүт, балдарды багуу, окутуу, тарбиялоо, кыз узатып, уул үйлөндүрүү, акча жыйнап керектүү буюмдарды сатып алуу менен үй-бүлө мүчөлөрү биргелешип аракеттенет. Өзгөчө азыркы шартта байлыкка умтулуу, жеке менчикке ээ болуу, бирөөнүн колун карабай өз алдынча оокат өткөрүү экономикалык функциянын эн маанилүү митлдети.

3. *Социалдаштыруу функцшсы* Бала үйдөн коомдо жашоого керектүү болгон сапаттарды, мамилени өздөштүрөт. Ар түрдүү коомдук көрүнүштөрдү билип, окуу, билим апуу, кесипке ээ болуу социалдашуунун эң негизги максаты. Адептүүлүктүн эрежелерин, нормаларды сактоо менен коомдо жашоого көнүктүрүү элдик үрп-адатгарды, маданияттарды үйрөнүп, социалдык инсан болууга үй-бүлө жардам берет.

*4. Тарбиялоо функциясы* Ата-эне биринчи тарбиячылар. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо социалдык-педагогикалык иш-аракеттин эң маанилүү белүгү. ата-эне бала үчүн кам керүп, келечегин ойлоп, ден-соолугун сактап

чоңойтот. Кээде балага тарбия бере албаган, жүрүм-туруму начар ата-энелер да жолугат. Бул убакта педагог-психолодун ролу зор.

5. *Психотерапиялык функция* Бул баланын үйдө өзүн жайлуу сезип, ата-энесинин жанында бардык жат көрүнүштөрдөн сакталган «менин үйүм - менин сепилим» дегендей, бала үчүн үй-бүлө чексиз таяныч, калкалаган жай болушун камсыз кылуу дегенди билдирет. Жумуш күнү бүткөндөн кийин үйгө келип, бирге эс алуу, эртеңки күнгө бирге кам көрүү - бул үй-бүле очогу.

Жогоруда белгиленген ар бир функциянын бардыгы толук бойдон же кээ бири аткарылышы мүмкүн.

## 2. Үй-бүлөнүн социалдык статусу жана типтери

Азыркы үй-бүлөнүн толуп жаткан проблемаларынын ичинен тез өзгерүлүп жаткан коомдук жашоого көнүгүү зор мааниге ээ. Көнүгүүнүн эң негизги көрсөткүчү үй-бүлөнүн социалдык статусу б.а. үй-бүлөнүн абалы (толук, толук эмес ж б.). Андан башка дагы үй-бүлөнүн материалдык ресурсу, психологиялык жагдай, аткарган миддеттери да маанилүү Ушул айтылгандардын бардыгы үй-бүлөнүн статусун түзет. Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча үй-бүлөнүн төрт статусу бар. Алар: социалдык-экономикалык, социалдык-психологиялык, социалдык-маданий жана аткарган ситуативдик милдеттери.

Социалдык көнүүнүн эң маанилүүсү - үй-бүлөнүн материалдык абалы (кирешеси, үй-жайы, эмеректери, кыймылсыз мүлкү, чарбасы ж.б ) социалдык-экономикалык статусу болуп эсептелет.

Эгерде үй-бүлөнүн кирешеси жашоо үчүн зарыл болгон керектөөлөргө жетпесе (тамак-аш, кийим-кече, төлөмдөр ж.б.) ал кедейликке туш болгон социалдык-экономикалык статусу төмөн турганын көрсөтөт.

Эгерде киреше жашоо нормаларын канатгандырып, бирок материалдык жактан дагы эле жетишпегендик сезилсе, социалдык-экономикалык статусу - ортоңку деңгээлде болот. Ал эми кирешеси керектөөсүнөн эки эсе көп болуп, ашыкча каражаты бар үй-бүлө байларга кошулуп социалдык-экономикалык статусу жогору болот.

Социапдык көнүүнүн экинчи белгиси - үй-бүлөдөгү психологиялык жагдай. Бирге жашаган адамдардын бири-бирине болгон мамилеси, баарлашуу, сыйлоо, урматтоо, жардамдашуу маселелери жакшы жагдай түзүп, жашоого шаң кошот.

Туура эмес психологиялык жагдай үй-бүлөдегү мамиледе ынтымакты бузуп, карама-каршылыкты туудуруп, тил албоо, урушуу сыяктуу жат көрүнүштөргө алып келсе психотерапиялык функция аткарылат.

Үчүнчү белгиси социалдык-маданий көнүү — бул үй-бүлө мүчөлөрүнүн билимдүүлүгү, маданияттуулугу. Маданияттуу үй-бүлөдө салт, үрп-адат сакталып, традицияга айланган майрамдар өткөрүлүп, руханий байлыгы артып, бош убактысы пайдалуу, кызыктуу өтсө социалдык-маданий көрсөткүчү эң жогору деп эсептелет. Тескери көрүнүш өкүм сүрсө (уруш-

талаш, аракечтик, жалкоолук, тил албоо, сыйлабоо ж.б.), анда үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык деңгээли төмөнкү даражада болот.

Төртүнчү белги - ситуативдик роль аткарууга көнүү - бул көбүнчө болгон мамиле. Баланы түшүнүү, анын проблемасын чече билүү, ал эми тескерисинче начар мамиле, үй-бүлөнүн эң төмөнкү статусу менен байланыштуу.

Мындай ар түрдүү типтеги үй-бүлөнүн ичинен педагогдун көңүл бура турганы ынтымактуу үй-бүлө, ынтымагы жок үй-бүле, проблемага кабылуу коркунучу бар үй-бүлө жана асоциалдык (жүрүш-турушу бузулган) үй-бүле

Ынтымактуу үй-бүлөдө кокустан проблема пайда болсо, ал эч чатаксыз, жайбаракат кенешип, сүйлөшүп чечүүгө мүмкүнчүлүктөр кеңири болот. Бул үй-бүле менен иштөөдө мугалим көп деле убара болбойт.

Ынтымагы жок үй-бүлөдө социалдык статус төмөн болгондуктан анда тартип-тарбия иштери чечилбейт. Буларга педагогдун активдүү, узакка созулган, чыдамдуу түшүндүрүшү жана ортого түшкөн жардамы керек.

Коркунучу бар үй-бүлөдө (толук эмес, колунда жок, камсыз болбогон ж.б.) көбүнчө өз күчү менен эмгектенип, таалим-тарбия иштерин өздөрү чечүүгө аракет кылат. Педагог кез салып, байкоо жүргүзүп, кокустук болуп калса жардам берүүгө даяр болуусу керек.

Асоциалдык үй-бүлөде психологиялык жагдай өтө оор· ичкен кишилер, таргиби жок, түрмөгө түшүп чыккан, нравалык жактан бузулган, балдары кароосуз, ачка, өтө төмөнкү санитардык абалда калгандар. Жеке эле педагог эмес, укук коргоо органдары, медицина кызматкерлери жана социалдык кызмагкерлердин тынымсыз иш-аракети да жетишсиз Аларды оңдоо, дарылоо, кеңеш берүү, материалдык жардам берүү да аздык кылат. Мындай үй-бүлөге мамлекеттик жана социалдывк жардам сөзсүз керек.

Үй-бүлөгө социалдык-психологиялык жардам берүүнүн түрлөрү көп Чет өлкөлөрде бул жагынан бай тажрыйбалар топтолгон. Алар кыска мөөнөттөгү жана узакка созулган жардам деп бөлүнөт.

Кыска меөнеттөгү жардамга кризис убагындагы жана проблемага багытталган жардам кирет.

Кризис убагыщдагы жардам баланын өнүгүүсүндөгү жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу боло турган опурталдуу мезгилдерде болот. Белгилүү психолог Л.С Выготский аныктагандай кризис мезгилдер баланын 3 жашында жекече психологиялык сапат пайда боло баштаганда, 6-7 жашта мектепке барганда, 12-13 жашта өспүрүм куракта, 16-17де мектепти бүтөөрдө, 21-25 жашта социалдык жактан ез алдынчалыкка ээ болгондо пайда болот кризис жагдайы ички жана тышкы тез жардамды пайда кьшат. Ички жардам үй-бүлө мүчөлөрүнүн мүмкүнчүлүгүн пайдалануу. Терс эмоцияны күчөтпөй басуу, азайтуу, карама-каршылыкка алып келүүчү маселени тез чечип, кемчиликти өз ара сүйлөшүп жоюп, жагымдуу маанай түзүү ата-эненин милдети. Ал эми тышкы жардам үй-бүленүн алы жетпей калса, кризис чыккан маселе оор болсо берилет. Ар кандай кризистин натыйжасында коркуу, тынчы кетүү, маанайы пас болуп, кеңүлү чөгүп турганда педагог-психологдун жардамы керек болот. Эгерде ушул оор

эмоциялык сезимдерди жоготсо же азайта алса анда педагог-психолог өз ишин аткарган болот.

Экинчиси - проблемага багытталган жардам. Ал кыска мөөнөттө аткарылып 4 айдан ашпашы керек. Проблеманын пайда болгон себебин үй-бүлө жакшы билет. Аны жоюуга үй-бүлө даяр, бирок эмнеден башттарын билбей жардамга муктаж. проблемалардын негизин үйдөгү мамиленин начардыгы, оор психологиялык жагдай, туура эмес тарбиялоо стили, балага карата начар мамиле ж.б. түзөт.

Узакка созулган жардам чет өлкөдөгү тажрыйбадан апынып 4 айдан ашык убакта чечиле турган социалдык психологиялык маселе. Социопсихологиянын максаты үй-бүлө системасын түп тамырынан бери өзгөртүү же ага таасир эткен жагдайды ылайыктап түзүү же таптакыр жоюу болуп эсептелет. Бул маселе тез эле чечиле койбойт, кептөгөн иш-аракетти, убакытты талап кылат.

Жардам берүү төмөндөгүдөй формаларда жүргүзүлөт.

Консультация (кеңеш берүү) өткөрүү - ишендирүү, мисал келтирүү, эмоциясын оңдоо, көңүлүн көтөрүү, кайрат айтуу ж.б. Ал бүт үй-бүлө мүчөлөрү же жеке адам менен өткөрүлөт.

Дагы бир метод мини-тренинг (кичине көнүгүү) бүт үй-бүлө менен да жүргүзүлөт. Ал педагогика, психология илиминен тушүнүк алуу менен башталып, тарбиялоо методдорун колдоно билүүгө жана адамдын ички дүйнөсүн түшүнүп жекече жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алууга көнүктүрөт.

Социапдык-психологиялык тренинг ата-эненин педагогикалык-психологиялык билимин жогорулатып, өзгөчө кемчилдиги бар баланы тарбиялоого жардам берет.

*Социалдык-психологиялык ыкмалар төмөгкүлөр*

- коммуникативдик (баарлашуу) ыкмалары уга жана сүйлөшө билүү, адамдын айтайын деген оюн бузбай угуу, түшүнө билүү, кеңеш берүү ж.б.;
- күнүмдүк турмуш жагдайларында өзүн кармай билүүгө, токтоолукка, сабырдуулукка үйрөтүү;
- баланы эрте билим алууга , өнүгүүсүнө, оюн, окуу жана колунан келген үй жумушу аркылуу тарбиялоо;
- группалык метод — адар бири-бири менен тажрыйба алмашып, кеңешип, аңгемелешип, кызыктырган суроолоруна жооп алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Жогоруда аталган методдор тез жана узакка созулган жардам берүүдө кеңири колдонулат. Ар бир үй-бүле автономдуу, өзгөчө коом. Анын кылымдардан бери калыптанган үрп-адаты, туруктуу мамилеси, байланышы бар. Кээде эч ким билбеген таасирдүү ыкмалары өнүккөн. Өз абалдарын өзүлөрү эле ондой алат. Педагог ага киилигише албайт, ошондуктан жогоруда белгиленген жардамдарды берүүгө гана аракеттенет.

## "Дооматардын тизмеси" ыкмасы

Инсандын калыптанышына таасир тийгизүүчү эң алгачкы социалдык группа - бул үй-бүлө. Үй-бүлөнүн башкы милдеттеринин бирине баланы жаратуу жана тарбиялоо кирет. Бирок, бардык үй-бүлө ушул милдетин аткарып жатабы? маселе ушунда жатат. Тилекке каршы жок, андай эмес. Алсак, үй-бүлө мүчөлөрүнүн мамилесиндеги оройлук көптөгөн үй-бүлөлөрдө орун алган. Бирок, бардык эле чыр-чатактын булагы оройлук эмес. Психологдор көңүлсүз абал (зеригүү) балдар менен ата-энелердин мамилелеринде бир кыйла көбүрөөк кездеше тургандыгын белгилешет. Балдар өзүлөрүн ашкере кызыктуу, азыркы көз караштагы адам деп эсептешет. Ал эми ата-энелер, алардын пикири боюнча 32-35 жаш курактарда болгондугуна карабастан кары адамдардай жашашат, алар менен талашып-тартышып сүйлөшө албайсың!

Мына ушундай кызык эмес, зериктирме ата-энелер балдарын «тарбиялап» , «мораль окуп», «мен сендей куракта» деп наалый баштаганда бапдары оройлук менен жооп кайтарат. Натыйжада чыр-чатак чыгып, ал айкырык-кыйкырыктар менен коштолуп, үйдүн каалгалары тарс-турс жабылып-ачыла баштайт.

Жогорудагыдай үй-бүлөлөр тарбиялык милдетин аткармак турсун, балдардын үйдөн безип, кечөдөгү «дейди, ээн баш» балдардын жаралышына шарт түзөт. Үй-бүлөдөгү мындай абал чындыгында өтө аянычтуу. Алсак, укмуштуу романтикалуу окуяларды эңсеген Том Сойер үй-бүлөдөгү зеригүүдөн улам качып кетет. Ал түгүл Лев Толстой да алда канча улгайган курагында, өлөрдүн алдында үй-бүлөсүн таштап кетип калат. Себеби баягы эле - үй-бүлөдөгү өзүнүн абалы менен канааттанбагандык. Үй-бүлөдөгү баланын абалын аныктоо үчүн ушул ыкманы колдонууга болот.

Силер бүгүн үйгө келесиңер да, ата-энеңердин жасаган иштерине баа бересиңер. Өзүңөрдүн эмне кыла тургандыгыңарды берилген жоопторду тандоо менен белгилегиле.

1 *Атацар өзүнөн кийин булганган идишин жууган жок. Сшер*
   а) Колуңарга курду аласыңар;
   б) Өзүңөр жууйсуңар;
   в) мораль окуй баштайсыңар.

2 *Апацар өзүнөн кийин жууркан-төшөгүн жыйбаптыр, столдон окуу китептерин да алып койбоптур Силер*
   а) Жууркан-төшөктү жана окуу китептерин жерге ыргытасыңар;
   б) баарын өзүңөр жыйнайсыңар;
   в) тарбиялык акыл насаат айтасыңар.

3 *Атацар өзүнүн буюмдарын (кийимдерин) үйдө туш келди жерге таштап койгон*
   а) баардык чачылып жаткандарды бутунар менен тээп киресиңер;
   б) баардыгын взүңөр чогултуп, жыйнайсыңар;

в) алардын курагында Силер өзүңөрдү кандай алып жүргөиүңөрдү түшүн-дүрүп киресиңер.

4 *Силер сабак даярдап олтурганда апацар музыканы катуу чыгарып коюп койду*

а) шнурду розеткадан суурул таштайсыңар,

б) кулагынарды басып алып отура бересиңер;

в) мындай кылуу туура эмес экенин түшүндүрөсүңөр.

5 *Атацар түн оогондо келди, а силер болсо аны көз ирмебей күтүп олтурдуцар*

а) жаака бир чабасыңар ;

б) тамак ичип, тезирээк жатууну сунуш кыласыңар;

в) анын курагында мындай кылууга болбой тургандыгын түшүндүрөсүңөр.

6 *Апацар иштеген жеринен үйдөн аткарып келүү үчүн берген ишти аткаргысы жок*

а) үтуктүн шнурун колуңарга алып, сабап киресиңер;

б) бизди уят кылба деп кептөн көп суранасыңар,

в) апаң менен бирге иштеген аялга телефон чалып, апаңарга кандай иш тапшырылганын билесиңер.

7 *Сшер үйдө жокто атацар үйдө достору менен кезектеги үлпөттү уюштурду*

а) баарын сыртка түртүп чыгарасыңар;

б) ашканада тынч отуруп турасыңар;

в) атаң менен бетме-бет отуруп мунуң туура эмес деп эскертесиңер.

8 *Атац же апац Силерден уруксатсыз кийимиңерди (куртка, пальто, мээлей) алып, аны булгап коюшту Силер*

а) чатак чыгардыңар;

б) булганган кийимди өзүңөр тазаладыңар;

в) бул гигенага, эстетикага ылайык келбей турганын түшүндүрдүңер.

9 *Апаң бир саат бою телефондон түшпөй курбуларыменен таптакыр маанисиз сөздөрдү сүйлөштү Силер,*

а) телефонду суурул таштайсыңар;

б) унчукпай күтүп олтура бересиңер;

в) телефондун эмне үчүн керек экендигин түшүндүрөсүңөр.

10 *Атаңар телевшорду тикийип отуруп көрө берет Силер*

а) телевизорду өчүрүп саласыңар;

б) кээде өзүңөр да олтура калып, ошол эле берүүлөрдү көрөсүңөр;

в) телеберүүлөрдү узакка көрүүнүн көзгө зыян экенин түшүндүрөсүңөр.

Эгерде, Силер тандап алган жооптордун арасында "а" варианты басымдуулук кылса, анда: инсандын деспоттук тибине киресиңер. Силерге ата-энеңердин андан аркы тагдырлары таптакыр кызыксыз жана "бардыгы

азыр жакшы болуп турганы" маанилүү. Ушундай мамиле жасоонун натыйжасында ата-энеңерде күнөөкөрлүк маанай өөрчүп-өсүп кетээрин түшүнбөйсүңөр. Силер тараптан боло турган жазадан же ороойлуктан дайыма коркушуп, алар мындан кутулуу үчүн ар кандай жолду издей башташат. Калп айтып, алдап, амалданып, ыгыңарга көнүп, түрдүү айлакердикке барышат. Анан бой жетишип (карып), "чечкиндүү" аракеттериңерге оройлук менен жооп бере башташат. Өзүңөр урган токмоктун кайрылып келип өз башыңарга тийиши да ажеп эмес. Анда эле кырсык болду дей бергиле. Биротоло кадыр-барктан ажыраганыңар ошол. Ушундай жүрүш-турушуңардын мүмкүн болуучу себептери иштен катуу чарчап келесиңер; ичкиликти ашкере көп ичесиңер, жетиштүү билиминер жок; өзүңөрдү башкара албайсыңар; кызуу кандуусуңар; токтоо эмессиңер; өзүңөрдү гана жакшы көрөсүңөр.

Эгерде "б" варианты басымдуулук кылса, анда силер эрки бош (жүүнү бош) адамдардын тибине киресиңер. Көз көрүнөө болуп жаткан тартип бузууларга каршы эч кандай чара көрбөйсүңөр, анткени "бардыгы өз ордуна келе тургансып көрүнөт Өзүңөр ата-энеңерде бардыгына жооп берүүгө болот жана ар кандай жаман кылык-жорук жазасыз кала берет деген маанайды калыптандырасынар. Бул болсо жүрүм-турумда шалаакылыктын, тартипсиздиктин өнүгүшүнө алып келет. Ата-энеңер качан өзүн-өзү кармоо керектигин, качан өзүн-өзү башкарып, өзүн колго алып, теске түшө баштоо керек экендигин эч качан билишпей калат. Мындай жүрүш-турушуңардын мүмкүн болуучу себептери: Силерде эрк дегенден эч нерсе жок жана биринчи орунда ата-энеңердин тагдьфы эмес, үйдөгү тынчтык жана тартип турат, езүңөрдүн ата-энеңердин сүйүүсүнөн ажырап калуудан коркосуңар. Аларды мындайча сүйүү - сокур сүйүү экендигин, андай сүйүү өзүңөрдүн көңүлүңөрдү гана жубата турганын жана ал силердин сүйгөн адамыңарга эч кандай пайда алып келбей турганын унутуп коесунар.

Эгерде "В" варианты басымдуулук кылса, анд: мораль окуганды жакшы көргөн типке киресиңер. Ага өз алдыңарча мүнөздөмө берип көргүлө.

Эң акырында, сунуш кылынган 10 кырдаал - шартта өзүңөрдүн жасай турган иш-аракетиңердин вариантын бергиле.

## Тема: Этнопсихологиянын социалдык психологиялык негиздери

### 1. Этникалык группалар жөнүндө түшүнүк

Адамзатттын маданий-тарыхый өнүгүү процессинде табигый шартгардын негизинде калыптанган чоң социалдык группалардын негизги түрү катары этникалык группалар эсептелет. Этникалык группалардын психологиясын изилдөөчү маселелерди аныктоодо көбүнчө улуттун психологиясын изилдөөгө басым жасалат. Ошондуктан социалдык психологияда этникалык группалар психологиясы катары улуттардын психологиялык өзгөчөлүктөрү бир кыйла жакшы изилденген. Бул жөнүндө

Т.Г.Стефаненко «Социалдык психология менен этнографиянын ширелишинен этникалык группаларды изилдөөгө алуучу этнопсихология деп аталган илимдин өзгөчө бутагы пайда болду»[2] - деп белгилейт. Демек, мындан этнопсихология жөнүндө сөз кылганыбызда түпкү мазмунуна карата анын предметтер аралык . . багыт экендигин байкайбыз.

Этнос ´ - , ул тарыхы өнүгүүдө калыптанган бирдиктүү тилге, маданиятка, өзүн-өзү аңдоого ээ болгон адамдардын жетишээрлик туруктуу жалпылыгы. Дал ушул этностук жалпылыктардагы ар бир факты, окуялар ошол элдин тарыхын жаратат[3].

Л.Н Гумилевдун пикиринде каалагандай эле этнос бул жеке адамдын өмүрү сыяктуу жандуу, кыймылдагы система б.а. пайд ...., өнүгөт жана мезгили келгенде жок болот. Этносту системага катары көрсөткөн жана башка этностон айырмалаган касиеттери катары тил, элдик искусство, традиция, салт-санаа, үрп-адат, жүрүм-турум нормалар эсептелет

Этностун калыптанышы бирдиктүү аймактык (территориялык) жана экономикалык турмуштун негизинде келип чыгат Этностун калыптануу процессин «түз сызыктуу» деп эсептөөгө болбойт. Алсак, немец маданият таануучусу О.Шпенглер дүйнөдө «түз сызыктуу» өнүккөн тарых жана адабият болбой тургандыгын этнопсихологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгына таянуу менен көн . ул окумуштуунун идеясына караганда, дүйнөлүк өнүгүүнүн цивилизациясы ар бир этностун пайда болуу тарыхына, өнүгүү маданиятына, элдин жүрүм-турумун башкаруу билимине жараша өнүгө тургандыгын көрсөтөт б.а. египеттик, ассириялык, вавильондук, индиялык, кытайлык, араб, Азия жана Европа элдеринин улуттук маданиятына бирдей кароого болбой тургандыгын белгилеген. О.Шпенглер өз оюн толукташ үчүн культуролог Киплиндин айткан: «Батыш – бул Батыш, Чыгыш – бул Чыгыш, булар эч качан бири-бири менен кесилишпейт» деген көз карашына таянып, ар бир этностун маданиятындагы өнүгүү эч качан бири-бири менен дал келбей тургандыгын жана ар бир этностун маданияты кайталангыс баалуулук (уникалдуу) экендигин белгилейт[4].

Этносту өнүгүү деңгээлине карата үчкө бөлүштүрүү кенири таралган. Этностун өнүгүү сүнүн эң төмөнкү деңгээли катары урук, уруу (род. племя) эсептелет. Бул деңгээл коомдук өнүгүүнүн алгачкы общиналык жана кул ээлөөчүлүк формациялары үчүн мүнөздүү. Экинчи деңгээли – бул элдүүлүк (народность). Бул феодалдык коом үчүн мүнөздүү. Этностук өнүгүүнүн эң жогорку, үчүнчү деңгээли – бул улут. Улут капитализмдин шартындагы экономикалык байланыштардын негизинде калыптанат Дүйнө жүзүндөгү бардык эле этностордун улут деңгээлине чейин өнүгүп жете албайт. Алсак, тарыхта аты калган Сактар, бир мезгилде бүтүндөй Орто Азиядан Европага чейин үстөмдүгүн орноткон Половецтер (кыпчактар) улут деңгээлине чейин

---

[2] Стефаненко Т Г Этнопсихология -М , 1999 7-бетте
[3] Гумилев Л Н Этногенез и биосфера земли –М , 1995, 11-бетте
[4] Гаврюшин Г М Проблемы преемственности гуманистического идеала –М , 1983 76-бетте

өсуп жетишпей жок болушкан. Ошондуктан бардык этносту улут деп түшүнүү туура болбойт.

Демек, улут (нация -лат. Natio - эл) - бул бирдиктүү аймак, тил, маданият, улуттук психиканын белгилери, тыгыз экономикалык байланыштар менен мүнөзделгөн этностук топтун эң жогорку өнүгүү деңгээлинде турган чоң социалдык группа.

Социалдык психология үчүн жеке адамдын улутка (этноско) тиешелүүлүгү өтө чоң мааниге ээ болгон фактор, себеби анда инсандын калыптануусу жүргөн шарттын өзгөчөлүктөрү, микрочөйрөнүн бүт тийгизген таасири белгилүү өлчемдө даана көрүнөт. Ар бир элдин этникалык айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө ээ болгон тажрыйбасында топтолгон. Ал эми аны өздөштүрүү адамдын социалдашуу процессинин мазмунун түзөт Ар бир адам өзүн курчаган чөйрө, биринчи кезекте үй-бүлө жана мектеп аркылуу инсан катары өнүгүү жолунда өзүнүн улутгук маданиятынын, үрп-адаттарыньга, каада-салттарынын өзгөчөлүктөрү менен таанышат жана аларды өзүнө сиңирет. Адамдын өзүн кайсы этникалык топко кошуусу, өзүнүн кайсы улуттук топко киререрин андап билүүсү ошол эл жашап жаткан конкреттүү социаддык тарыхый шартка көз каранды болот,

## 2. Этнопсихологиянын кыскача өнүгүү тарыхы

Этнопсихология деген термин байыркы грек тилинен кабыл алынган үч компоненттик сөз айкашынан туруп, «этнос - ethnose - уруу, эл», «психика - psych - жан дүйнө», «логия - logos - үйрөнөм» дегенди, т.а. кыргыз тилинде «элдин жан дүйнөсүн үйрөнөм» деген мазмунду түшүндүрөт. Этнопсихология - тигил же бул конкретгүү уруунун, улуттун өкүлдөрүнүн дүйнө таанымынан, ишмердигинен, жүрүм-турумунан, рухий баалуулуктарынан байкалуучу психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн, механизмдердин улуттук өзгөчөлүктөрүн жана анын себептерин үйрөнүүчү психология илиминин тармагы.

Биринчи жолу тарыхта этнопсихология термини немец окумуштуулары философ М.Лоцарус жана тилчи Г.Штейнталь тарабынан 1860-жылдары улуттук тилди, мифологияны, жүрүм-турумдун моралдык нормасын жана улуттук маданияттарды салыштыруу максатында колдонулган[5]. Алар коом менен инсандын өз ара мамилесин чечүүдө «коллективдүү» чечүүнү сунуштаган: айрым-айрым жашаган «жекече жан дүйнөлөрдүн» «өзгөчө жогорку деңгээлдеги бүтүндүккө» баш ийүүсү, андай касиетке эл (улут) ээ болот, б.а. жеке адамдар элге баш ийип жашайт деген ой айтылат. Бул жерде алар «эл» түшүнүгү аркылуу улуттук жалпылыкты түшүнүшкөн.

Этнопсихологиялык изилдөөлөрдүн тарыхы да дал ушул мезгилден башталат. Алар 1859-жылы «Элдердин психологиясы жана тил таануу» журналын негиздешип, анын биринчи номерине «Элдердин психологиясы

---

[5] Психология Словарь Под ред А В Петровского –М , Политюдат, 1990, 469-бетте

жөнүндөгү алгачкы ой жүгүртүүлөр» аттуу макаласын жарыкка чыгарышкан. Анда Гегелдин тарыхтын философиясы жөнүндөгү көз караштарына негизденип, тарыхый өнүгүүдөгү эң башкы күч болуп эл же «бүтүндүн руху» (дух целого) саналат жана ал көркөм өнөрдүн, диндин, тилдин, мифтин, үрп-адаттардын ж.б. өзөгүн, мазмунун түзөт жана аларда чагылат. Жеке адамдын аң сезими болсо анын мөмөсү, психикалык байланыштардын бөлүкчөсү болуп саналат деген ой айтылган. Социалдык психологиянын милдети — «элдин рухунун психикалык маани-манызын таанып билүү, элдин рухий ишмердүүлүгүнүн жүрүшүнүн мыйзамдарын табуу болуп саналат[6].

Кийинчерээк жогорудагы идея немец психологу В.Вундт тарабынан терендетилип изилденген жана өнүктүрүлгөн. Алгач ал өз көз караштарын 1863-жылы басылып чыккан «Адамдардын жана айбандардын жаны жөнүндөгү лекциялар» аттуу эмгегинде чагылдырган. В.Вундтун пикири боюнча, этнопсихологиялык изилдөөлөрдө тил менен ойлоону эксперимент менен изидцөөгө мүмкүн эмес. Ошондуктан, маданияттын мөмөсү болушкан: көркөм өнөрдү, динди, тилди, мифти, үрп-адаттарды ж.б изилдөө үчүн эксперименттен башка методдорду пайдалануу керек деген[7].

В.Вундт «бүтүндүн руху» деген так аныкталбаган түшүнүктү колдонбостон, элдердин психологиясы деген түшүнүккe реалдуу түс берип, аны бир кыйла турмушка жакындатышы тилди, мифти жана үрп-адатты изилдөө үчүн эмприкалык изилдөөлөрдүн программасын түзүүгө жана сунуш кылууга мүмкүндүк берген.

Ошентип, этнопсихология алгач Батышта «Элдердин психологиясы» деген ат менен белгилүү болсо, Россияда «Этнографиялык психология» деп аталган. Этнопсихологиялык изилдөөлер Россияда белгилүү лингвист А.Потебня тарабынан колдоого алынып өнүктүрүлгөн. А.Потебня этнопсихологиянын калыптанышында улуттук тилдин ролун өтө жогору койгон. Анын пикири боюнча «улуттук тилдин жоголушу ошол улуттун этнопсихологиясынын жок болушу»[8]. М.Лоцарус, Г.Штейнталь, В.Вундт жана А.Потебнянын көз караштарында айырмачылыктар болгону менен, негизги идея жалпы боюнча калган.

Психология илиминдеги неофрейддик теориянын пайда болушу этнопсихологиянын енүгүшүнө таасирин тийгизе алган. Бул теориянын жакташкан америкалык окумуштуулар К.Хорни, Э.Фромм, Г.Салливендер балдардын инсан катары өнүгүшүн этнопсихологиянын принциптерин колдонуу менен анализдөөгө аракет жасашкан. Маселен, К.Хорни балдардын интеллектуалдык өнүгүшү же тескерисинче невроздук оорууга жолугуп, тынчынын кетиши, ал бала тарбияланып жаткан мамлекеттин экономикасына, юридикалык мыйзамына жана этникалык маданияттын

---

6 Ярошевский М Г Психология в XX столетии -М , 1974, 238-бетте

7 Андреева Г М , Богомолова Н Н , Петровская Л А зарубежная социальная психология в XX столетия –М , 2001, 77-бетте

8 Мацейкив М А Некоторые аспекты этнической психологии в наследии А А.Потебни YYИсторический путь психологии –М , 1992, 122-бетте

таасир этүү күчүнө жараша боло тургандыгын баса белгилеген. Мында адам баласындагы интеллектуалдык деңгээл же «мен» деген невротикалык оорууга чалдыгуу эки жактуу «туура» жана «тескери» жүрүүчү социалдык маалыматтын болушуна жараша аныкталат

Ал эми Г.Салливен өз концепциясында инсандын активдүүлүгү социализациянын инсандар аралык мамилесинин уюштурулушуна жараша боло тургандыгын белгилейт. Инсандын активдүүлүгүн жогорулатуучу социализация ар бир улутгун өз ара мамилесиндеги улуттук менталитетке, установкага, имиджге жана маданиятка жараша боло тургандыгын негиздеген. Ошондой эле инсан коомчулуктун көз карашына жараша өзүн-өзү кабыш апуу, өзүн экинчи бирөөнүн абалына, көз карашына, улуттук маданиятына жараша кое алуу позициясына чоң маани берүү менен «Мен» системасын түзүүгө жетишкен. Натыйжада бапдардагы невротикалык оорунун пайда болушу, «Мен» системасынын бузулушу улуттук мүнөзгө ээ боло тургандыгын көрсөтө алган.

Ошентип, америкалык окумуштуулар К.Хорни, Э.Фромм, Г.Салливендер инсандын активдүүлүгүн аныктоодо австриялык окумуштуу З.Фрейддин окуусундагы өнүгүүнүн биологиялык факторун сындап, анын ордуна социалдык факторду койгондугу, этнопсихологиянын психология илиминин бир тармагын түзө тургандыгын аныктайт.

Советтик доордун психологдору тарабынан да бир катар алгылыктуу этнопсихологиялык изилдөөлөрдүн жүргүзүлгендүгү белгилүү Алсак, белгилүү психолог Л.С.Выготский өзү негиздеген «психиканын маданий-тарыхый өнүгүүсү» жөнүндөгү концепциясына ылайык улуттун психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү ошол улуттун маданиятындагы эмгек куралдарын изилдөөдөн баштоону сунуштаган. Анын оюу боюнча адам өз ишмердигинде колдонгон эмгек куралдары ички психикалык мазмунга ээ болот жана коомдун маданий өнүгүүсүнүн деңгээлин аныктайт. Ошентип, эң жөнөкөй эмгек курадцары коомдук өнүгүүнун эң төмөнкү деңгээлиндеги алгачкы общиналык коомдун өкүлдөрүндө болот[9].

Белгилүү психолог А.Р.Лурия 1931-1932-жылдары Борбордук Азия элдерине экспедицияларды уюштуруп, анын ичинде өзбек улутундагы адамдарга конкретгүү этнопсихологиялык эксперименттерди жүргүзгөн. Ал коомдук турмуштун мазмунунун езгөрүшү андагы жашаган адамдардын таанып-билүү процесстеринин өзгөрүшүнө алып келерин далилдөөгө жетише алган[10].

Этнопсихологиянын кийинки мезгилдердеги өнүтүшүндө А.Ф.Дашдамировдун, Ю.В.Бромлейдин, Л.Н.Гумилевдун, Л.М.Дробижеванын, В.Ф.Петренколордун эмгектерин баалоого татыйт. Булардын ичинен да МГУнун профессоруВ.Ф.Петренконун эмгегин өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Ал америкалык психологдор Ч.Озгуд жана Ж.Келли негиздеген психосемантикалык ыкманы, Советтер Союзунун курамындагы элдердин этнопсихологиясын изилдөөге көнүктүрүп,

[9] Выготский Л С Развитие высших психических функций -М , 1960, 167-бетте
[10] Крысько В Г Этнопсихология и межнациональные отношения -М , 2002, 53-бетте

конкреттүү психосемантикалык эксперименттерди ишке ашырган. Анын жетекчилигинде ОшМУнун профессору А.З Закиров кыргыз элинин этнопсихологиясын психосемантикалык ыкма менен анализге алган жана кыргыздардын күнүмдүк аң-сезиминин образын тургузууга жетишкен[11].

## 3. Улуттук психологиянын мазмунун, түзулүшүн жана бөтөнчөлүгүн аныктоочу түшүнүктөр

Азыркы этнопсихология өзүнчө туруп, тематикалык жактан бир жактуу монолиттик формага ээ болгон илим боло албайт. Анткени дүйнөдөгү жашап жаткан элдер, улуттук мамлекеттер тарыхый фактору боюнча бардыгы адам баласы, бирок жашаган мамлекеттик түзүлүшүнө, этникалык маданиятына карата бир нече багыттарга, аймактарга, этнопсихологиялык табиятка ажыраган бөтөнчелүктөргө ээ. Мунун себептерин И.С.Кон төмөндөгүдөй факторлор аркылуу түшүндүрөт.[12]

1. Жалпы жана социалдык психологиянын мыйзамында чечмеленген улутгардын этникалык айырмачылыктары психофизиологияда, когнитивдүү (таанып-билүү) психикалык процессинин иштөө системасында, эс процессинин принциптеринде, эмоционалдык абалдарын, инсандын жүрүм-турумун башкаруусунда жана речтик байланыштын уюштурулушуна жараша - элдин-улупук психикасын изилдеп, окуп үйрөнүүгө мүмкүндүк берет;

*2.* Этнопсихологияга тектеш жалпы бир проблеманы изилдеген, болгону изилдөө ыкмалары, коддонгон куралдары менен айырмаланышкан этногеографиялык, фольклористик маданиятты таануу илимдеринин каражаттарын пайдаланып, улуттук маданияттын этникалык айырмачылыктарынын жалпылык мүнөзү аныкталат. Бул айтылган мыйзамдын негизинде дүйнөнүн бардык континентинде жашап жаткан улуттардын маданиятындагы этникалык өзгөчөлүктөр, ал улуттун турмуш-тиричилик белгилерине, билим деңгээлине, жашоодогу баалуулук системасына жана дүйнөнү кабылдоосуна жараша изилденет;

3. Социалдык психологияга мүнөздүү болгон улуттун өздүк, күндөлүк аң сезиминдеги принциптердин негизинде жалпы эле, индивиддерге спецификалык мүнөзгө ээ болгон эпостук психикасын мүнөздөйт. Ошондой эле индивиддер, улутгар, мамлекетгер аралык өз ара мамиле этникалык стереотиптер, менталитеттер, имиджсдер жана установкалар аркылуу мамилени уюштурат. Натыйжада бул көрсөтүлгөн багыттагы иш-аракетгер этнопсихологиянын элементтерин түзөөрү шексиз;

4. Этнопсихология, социология жана жалпы психологиянын бирдиктүү иш системасынын натыйжасында балдардын жашаган чөйрөсүнө, тарбиялык мазмунуна, балдар тарбияланып жаткан коомчулуктун жалпы кызыкчылыгына жараша балдардын аң-сезиминдеги этникалык мүнөзүн,

---

[11] Закиров *А* 3 Этнопсихологияга кириццуу –Ош 1996
[12] Кон И С Национальный характер Миф или реальность? ҮҮИностр Литер 1970 3-бетте

инсандык сапатын символикалык белгилеринин болушуна ылайык цивилизацияга карата кыймышга келүүсүн көрсөтөт.

Жогоруда айтылгандардан көрүнгөндөй, дүйнөде этностордун канчалык көп түрдүү болгондогуна карабастан, улуттун психологиялык жүзүн (лицо) изилдөөдө «улуттук аң сезим», «улуттун өзүн-өзү аңдоосу», «улуттук баалуулук», «улуттук табит», «улуттук маданият», «улутгук тил» «улуттук мүнөз», «улуттук темперамент» түшүнүктөрү колдонулат. Мына ушул компонентгер улуттук жашоонун маңызын да түзүшөт Россиялык психолог Г М.Андреева чоң группалардын социалдык психологиясын изилдөө салтына ылайык этникалык группалардын группалардын психологиясын аныктаган жогорудагы түшүнүктөрдү эки бөлүккө бөлүп караган: 1) бир кыйла туруктуу келген бөлүк - психикалык катмар (склад). Буга улуттук мүнөз. улуттук темперамент, улуттук ментапитет, каада салт жана үрп-адат кирет; 2) эмоциялык жагы, бута улуттук аң сезим, улуттук сезимдер, улуттун өзүн-өзү аңдап билүүсү, этникалык стереотиптер кирет. Мына ушул бөлүштүрүүнү негиз кылуу менен аталган түшүнүктөрдүн мазмунуна токтолууга аракеттенебиз.

Ар бир улут өз улутунун рухий өнүгүү деңгээлин мүнөздөгөн социалдык, саясий, экономикалык, адеп-ахлактык, эстетикалык, философиялык, диний көз караштардын, ишенимдердин татаал топтомунан түзүлгөн улуттук аң сезимге ээ. Улуттук аң сезим коомдук аң сезимдин бир түзүүчүсү болуп эсептелет. Улуттук аң сезимдин бордук компоненти — бул улуттун өзүн-өзү андоосу Улуттун өзүн-өзү андоосу өзүн улут катары сезүүсүнөн, өз кызыкчылыктарын чечүүдөгү биримдигинен, өз маданиятын сактоонун, өнүктүрүүнүн зарылдыктарын баамдоосунан жана ага урматтоо менен мамиле жасоосунан жана кошуна этностор менен сый мамилени камсыз кыла алуусунан керүнет Алсак, кыргыз элинин улуттук өзүн-өзү андоосу Манас эпосунун төмөнкү саптарында даана чагылдырылган, улуттук ички биримдикке чакырган турмуш корутундулары·

«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл так ушу»[13]

Ушул эле эпосто Кошой жалпы элдин камын көргөн, кедей-кембагалдарга жардам берген, бытыранды урууларды бириктирип эл кылган акылман карыя, эң негизгиси жаштардын улуттук биримдике чакырган насаатчысы экендиги, анын:

«Чеч-Төбө күтүп жер кылдым,
Курама жыйып журт кылдым.
Мен тентиген жыйып эл кылдым.
Жети өзөндүн кыргызын,
Кулаалы таптап куш кылдым,

[13] Вестник АН Казахской ССР, №8, 1965, 56-бетте

Эптеп жүрүп эл кылдым,»[14]- дегенинен даана байкалат.

Улутгук аң сезим теориялык деңгээлде жана күнумдүк аң сезимдин деңгээлинде деп бөлүштүрүлөт. Улуттук аң сезимдин теориялык деңгээли улуттун келечектеги стратегиялык өнүгүү багытын аныктаган илимий негиздеги идеологиялык профаммаларда, нормаларда, иш-чараларда аныкталат жана күнүмдүк аң сезимден алдыда жүрөт.

Күнүмдүк аң сезим улуттун мүчөлөрүнүн күндөлүк тиричиликтин деңгээлиндеги ишмердүүлүгүнүн, жүрүм-турумунун шартында калыптанган керектиктеринен, кызыкчылыктарынан, баалуулуктарынан, установкаларынан, стереотиптеринен, сезимдеринен, салт-санааларынан топтолот жана ошону аныктайт. Эреже катарывда улуттун өзүн-өзү аңдоосу улутгук тилде гана чагылдырылат.

Улуттук тил улуттук кайталангыс баалуулук катары улут мүчөлөрүнүн биримдигин, өз ара карым-катнашын, маданиятын, ички ой толгоолорун, идеалдарын туюнтуунун каражаты. Маселен, кыргыз тилинде жаратылган «Манас», «Курманбек» сыяктуу эпостордун элдик идеалдары кыргыз тилинде гана жашайт жана көркөмдүк мазмунун сактай алат.

Улуттук сезимдин көрүнүшү катары улуттук ар-намыс жана патриоттуулук сезимдери эсептелет. Улутгун улут катары калыптанышында бир эле аң сезим эмес, улуттук сезимдер да негизги ролдо болот. Өз адамдарынын патриоттуулугуна таянбаган бир да улутту дүйнөдөн табууга мүмкүн эмес.

Патриоттуулук түшүнүгүн тактоо максатында анын философиядагы аныктамасына кайрылабыз. «Патриоттуулук (грек. patrıs — Мекен) - Ата Журтка болгон сүйүүнү билдирип, белгилүү ишмердүүлүктө байкалуучу, адамдардагы коомдук сезимдин жана саясий принциптердин комплекси»[15].

Демек, патриоттулуктун личностгук жаралуу өзөгүн Ата Мекенге болгон сүйүү сезими түзөт. Өз эли-жеринин патриоту болгон адам гана жаман адаттардан тышкары болуп, өз улуттук маданиятын кадырлоого, анын кызыкчылыгы үчүн күрөшүүгө, өзүнүн туура жүрүм-туруму, келечекке болгон таза умтулуусу менен аны алдыга сүрөөгө, улут алдында бийик жоопкерчиликте болууга жөндөмдүү.

Айрым кыргыз изилдөөчүлөрү «патриотгулук түшүнүгүн «атуул» түшүнүгүнүн котормосу катары кабыл алууга болот деп негиздешет. Ал эми «атуул» түшүнүтү атанын уулу деген маанини берет.[16] Бул түшүнүк «эл» деген маани менен да тыгыз байланышта. Анткени, ата-бабаларыбыз эли-жерин коргоп, Мекен үчүн кызмат кылган эр-азаматтарын «атанын баласы», «элдин уулу» деп аташкан. Маселен, элде: «Атанын уулу болуш урмат, Элдин уулу болуш кымбат» делет.

[14] Манас. Эпос 1-китеп/С.Каралаевдин варианты боюнча; -Ф., Кыргызстан, 1984 115-бетте.
[15] Философский словарь УРед. И.Т.Фролов. М., 1986, 358-бет.
[16] Сулайманова Р. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы атуулдукка тарбиялоо маселелеринин чагыддырылышы жана алардын педагогикалык тажрыйбалардагы орду, Канд.дисс.автореф., Б., 2005, 10-бетте.

Улуттун психологиялык бөтөнчөлүгүн аныктоочу түшүнүктер катары менталитет жана имидж түшүнүктөрү эсептелет.

Өзгөчө азыркы цивилизация шартында улуттун эң эле маанилүү көрсөткүчү элдердин жашаган жери жана көпчүлүк калк сүйлөгөн тили (эне тили), ушул тилде жаралган маданий байлык болуп эсептелет. Булардын инсанга тийгизген таасири эки түрдө - биологиялык же виталдык, экинчиси менталдык (руханий дүйнө) болуп эсептелет.

Виталдык өзгөчелүк баланын төрөлүү шарты, багылышы, ар бир улуттун турмуш шартына байланыштуу. Мис: медициналык тейлөөгө, тамак-ашка, спорт оюндарына ж.б.

Улуттук маданияттын инсандын калыптанышына тийгизген таасири ментапдык деп аталат. Бул түшүнүк 20-кылымдын башында француз окумуштуусу ЛЛеви-Брюль тарабынан белгиленген. Менталитет (фр. Духовность) - улуттун дүйнөгө болгон көз карашынан, мүнөзүнүн белгилеринен жана жүрүм-турум нормаларынан байкалуучу баалуулуктары, элдердин терең фундаменталдык руханий сапаты.

Ар бир улуттун менталитети турмуш-тиричилик адаттарынан, үй жасалгаларынан, керкөм өнөрдөн, сый-урматтан, сулуулук түшүнүгүнөн, эмгекке мамиледен, мээримдүүлүк, кайрымдуулук ж.б. сапаттардан байкалат. Эчен кылымдардан бери атадан-балага өтүп келаткан салт-санаа, маданий байлык, элдик үрп-адат, аял-эркек ортосундагы мамиле ж.б. менталитетгин көрсөткүчү.

Улуттук менталитет жаш муундарды тарбиялоодо имплициттик (божомолдоо дегенди билдирет) теорияны да өзүнө камтыйт. И.С.Кондун изилдөөсү боюнча чоң кишилер менен балдардын ортосундагы өз ара мамилени, балдарды кандай тарбиялоо керек, алардын мүмкүнчүлүгү кандай, ким болууну каалайт, кандай каражаттар аркылуу тарбиялоо менталитеттин имплициттик теориясы болуп эсептелет.

**Имидж** *(анг. образ)* - улуттук аң сезимде калыптанган кандайдыр бир окуялардын, предметгердин образынын эмоционалдык таасирлери. Маселен, куу, алдамчы деген сапатты түлкүнүн образы аркылуу берүү кеңири таралган.

Улутгун психологиясын туюнтуучу бирден бир түшүнүк катары улуттук стереотип эсептелет. Стереотип деген термин (грек сезүнөн алынып, туруктуу так, из) бир нерсенин бетине калтырылган из сөздөрдөн куралып, коомдо белгилүү кубулушту, абалды, адамды, группаларды түшүндүрүп турган бир канча белгилерин топтоштуруп, жалпылыкка мүнөздүү сапатты (образды) билдирет жана күнүмдүк аң сезимди чагылдырат.

Бул түшүнүк алгачкы жолу 1922-жылы америкалык журналист-психолог У.Липман тарабынан «Элдин коомдук оюу» деген китебинде колдонулуп, адам баласынын жашоо турмушунда өтө көп маалыматтар курчап, адам баласына жалпы өнүгүшүндө бир канча тоскооддуктарды азайтуу үчүн баш мээге келип жеткен маалыматтарды жакындыктары боюнча топтоштуруп, бир маалыматгын айлансындагы социалдык

стереотиптер аркылуу түшүнүүгө боло тургандыгын көрсөткөн. Бирок социалдык стереотип дүйнөнүн көрүнүшүн туура таанууга жогорку тактыкта анализденбегени менен коом тарабынан керектүү болгон маалыматтарды таанууда убакытты үнөмдөп, жалпы маданияттын ичинен керектүү маалыматты бөлүп, тез таанып билүүнү камсыз кылып турат.

Ал эми этникалык мүнөзгө ээ болгон стереотип Липмандан кийин тез эле колдоого алынып, америкалык психолог Пуерто-Рико тарабынан Америкада жашаган мексикалыктардын улуттук этносун мүнөздөөчү стереотиптер аныкталган. 1950-жылдары америкалык психолог А.Тешфел ушул элдик окумуштуу О.Клайнбергдин «чындыктын уругу» деген стереотипке карап айтылган гипотезасын улантып, ошол мезгилдеги Америкалык элдердин келечекте пландаштырган акцияларынын банктарга тапшыра турган ойлоо системаларынын стереотиптерин дифференциялоо менен:

1) группалар аралык айырмачылыктарды аныктаса;

2) өкүнүчтүү окуялар учурундагы чындыкты изилдөөгө карата багытталган группа мүчөлөрүнүн өз ара мамилелерин түзүп туруучу себептердин стереотиптерин изилдөөгө жетишкен. Изилдөөчүнүн оюна караганда жогорку мисалдан көрүнгөн ситуациялык абалдардагы жүрүм-турумга, тайпалар аралык мамилелерге карата берилүүчү реакция, ал тайпаларды түзүп турган адамдардын улуттук маданиятынын этникасына жараша болгондугу белгиленген.

Бирок стереотип жогорку көрсөтүлгөндөй ар тараптуу проблемаларды чечмелей алганы менен илимде жалгыз жашабастан, өзүнө жакын маалыматтар менен бирдикте жашай тургандыгын россиялык психолог Т.Г.Стефаненконун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгына караганда ошол чындыктын негизин түзүп турган установкага, элдин жүрүм-турумуна, инсандык сапатына, ошондой эле этникалык маданиятына жараша айырмалана тургандыгын айта алабыз. Бардык эле социалдык стереотиптер бардык элдерде, инсандарда бирдей боло бербестен, улуттун спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша боло тургандыгы көрсөтүлгөн. Ошондуктан бирдиктүү адам баласынын социалдык проблемасын чечүү үчүн бизге чейинки окумуштуулар социалдык стереотиптерди чындыкка карата чечмелөөдө ар тармактуу типтерди жана ыкмаларды иштеп чыгышкан.

## Тема: Стихиялык группалар жана социалдык кыймылдар

### 1. Стихиялык группа жөнүндө түшүнүк жана анын түрлөрү

Чоң социалдык группанын «стихиялык группа» деп аталган түрү коомдо бир кыйла көп кездешет. Бул көбүнчө кызыгуулары ар башка болгон, ошого карабастан кандайдыр шылтоонун, себептин негизинде кыска убакытка гана чогулуп калышкан жана биргелешкен аракеттерди жасоочу көп сандагы адамдардан турган топ. Мындай кыска убакытка түзүлгөн

бирикмелердин мүчөлөру болуп ар турдуү чон уюшулган группалардын улут, кесип, курак ж.б. өкулдөру саналышат.

Стихиялык группалар белгилуу денгээлде кимдир бирөө тарабынан уюшулган болушу мүмкүн, бирок көбунчө стихиялуу түрдө пайда болот, өз максатгарын так андап билбейт, ошого карабастан етө активдүү болушат. Мындай тузүлүштөрдү биргелешкен ишмердүүлүктөгү адамдар деп эсептөөгө болбойт, ошондой эле аларды көңүлгө албай коюга да мүмкүн эмес. Азыркы кездеги саясий жана коомдук чечимдердин кабыл алынышы андай группалардын аракеттерине көз каранды болот.

XX кылымда социалдык психология мындай группаларды психологиялык жактан изилдөөдө коллективдүү жүрүм-турумдун формасы катары мүнөздөйт. Орус тилинде коллектив термини атайын өзүнчө мазмунга ээ экендигин эске алып, жогоруда аталган журум-турумдун тибин массалык жүрүм-турум деп атоо максатка ылайык. Буга кошумча стихиялуу группалар чындыгында анын көрүнушү болуп саналат.

Стихиялуу группалардын ар кандай типтерин мүнөздөөгө өтүүдөн мурун алардын калыптанышындагы эң маанилүү бир фактор жөнүндө айта кетүү зарыл. Андай фактор болуп коомдук пикир саналат. Ар кандай эле коомдо ар түрдүү уюшулган чоң группалардын идеялары, коомдук түшүнүктөрү бири-биринен ажырым түрүндө жашабастан, массалык аң-сезим деп аталган өзүнчө бир түшүнүктү берет.

Бул массалык аң-сезимдин көрсөткүчү болуп коомдук пикир саналат. Ал айрым окуялардын коомдук турмуштун, кубулуштардын негизинде пайда болуп, өтө тездик менен жаңы, көбүнчө кыска убакытгагы кырдаалдын таасиринен ал кубулуштарга берилүүчү бааны өзгөртүп жиберет. Менин көз карашыма башка адамдардын дагы көз караштары окшош деген принципте курулат. Коомдук пикирди изилдөө - коомдун абалын түшунүүнүн эң маанилүү ачкычы болуп саналат. Социалдык психологияда андай изилдөөлөр өтө чектелген, көбүнчө бул социологияда изилденет. Ошого карабастан, стихиялык группаларды социалдык психологиялык жактан талдоодо андай группалар түзүлөрдөн, жаралардан мурунку коомдук пикирди изилдөөнүн мааниси чоң. Коомдук пикирдин өзгөруп турушу, чындыкка эмоционалдык баа берүүнүн болушу, түздөн-түз формада көрунүшү стихиялык группалардан жана анын массалык аракетгеринин түзүлүшүнө белгилүү учурда стимул болуп кызмат кылат.

Социалдык психологиялык адабиятгарда кебүнчө стихиялуу группаларга толпа (караламан эл), масса жана публика кирет. Социалдык психологиянын тарыхынан белгилүү болгондой мына ушул группаларды изилдөө, талдоо актуалдуу маселелердин бири.

Толпа - караламан эл - стихиялык группанын бир туру катары социалдык психологияда эң толугураак изилдеген. Лебондун берген аныктамасы боюнча, каралман эл — «психикалык жалпышыкка ээ болгон адамдардын жыйындысы». Алар көчөдөгу ар кандай окуялардын жол кырсыктары, кылмышкерлердин жоруктары, бийлик өкүлдөрүнө же жолдо бараткан адамга болгон наразычылыктар ж.б. шылтоосу менен түзүлөт.

Анын максаттары ар түрдүү болушу мүмкүн. Ал эми жөн гана окуяны тамаша кылган адамдар тобу тарап кетет.

Башка мезгилдерде, кандайдыр бир социалдык кубулушка нааразылык билдирүүгө байланышкан учурда (дүкенгө керектүү прсдуктанын алып келинбей калышы, кассада акча алынбай же берилбей калса) караламан элдин кыжырланусу күчеп, активдүү аракеттерди жасоого өтөт. Мисалы: мекемеге арыз, талап менен баруу. Андай учурда эмоционалдык чыңалуу артып коркуу, душмандык кылуу жана кубанууну билдирген агрессивдүү жүрүм-турумдар жаралат. Караламан элдин арасынан аны жетектей турган адам табылса, анда үюшулгандыктын элементтери пайда болушу мүмкүн. Андай элементтер пайда болсо да, алар өтө туруксуз келет, караламан эл андай уюшкандыкты оңой эле жоюп салат. Стихиялуулук караламан элдин жүрүм-турумунун негизги фону боюнча калат жана көбүнчө аны агрессивдүүлүккө алып келет.

Лебон караламан элге өтө терс мүнөздөмө берген. Эгер адам аң-сезимдүү болсо, караламан эл аң-сезимсиз, иррационалдуу, конгрессивдүү чыдамсыз, жетекчинин колдоонусуна муктаж болот. Бир сөз менен айтканда - «чынжырын үзгөн, социалдык айбан». Караламан элди токтотуу үчүн өзгөчө тил - образдуу, аллегориялуу, буйрук иретинде туюндурулган «эң бийик максаттарга» үндөө иретинде айтылган сөз зарыл.

Караламан эл үчүн коммуникациянын өзгөчө формалары мүнөздүү. Ал маалыматтын ар түрдүү булактарынын биригишине негизделет, коомдук пикирдеги белгилүү ой жүгүртүүлөргө кокусунан массалык маалымат каражаттарынан алынган ез алдынча чечмеленип түшүнүлгөн эч кандай далили жок имиш-имиш сөздөргө ишенип алуу Ушул айтылгандардын караламан эл ичинде ролу өтө чоң. Имиштер эл түшүнбөгөн окуяларга маани-мазмун берет жана элди аракет жасоого «даярдайт». Мына ушулардын баарысы өз ара таасир этишип олтуруп байкалып жаткан окуяга етө бир жактуу баа берүүнү пайда кылат жана анын езгөчө түрдөгү «ушул жерде жана азыр» ишенүү эффектисин жаратат.

С.Московиси Лебондун караламан элге берген көз карашын кеңири талдап олтуруп төмөнкүдөй жыйнтык чыгарат караламан эл — бул «суу астындагы агымдын суу бетиндеги көрүнүшү», ошондон алардыг изилдеп үйрөнүү зарыш ансыз азыркы дүйнөнү түшүнүү мүмкүн эмес. Саясатчылар караламан элди башкаруу үчүн билүүсү зарыл.

**Масса** чектери так эмес туруктуу келген түзүлүш катары сыпатталат. Масса караламан элге окшоп заматта жайыла калган адамдардын тобу эмес. Адамдар жакын жанаша турушу шарт болбогон, бирок белгилүү денгээлде жакшы уюшулган адамдардын тобу. Массанын белгиси болуп бир эле тема толкундаткан бир акция, манифест, демонстрация, митинг үчүн аң-сезимдүү түрдө чогулушу менен шарттальшы саналат. Бул учурда уюштуруучулардын ролу чоң. Алар массалык аракет башталганда эле пайда боло калбастан ошол массалык аракетке катышкан уюшулган группалардын лидери катары мурда эле белгилүү болушат Ошондуктан массанын аракеттеринин максаттары жана жүрүм-турум тактикасы анык болот.

Ошону менен бирге каралман эл сыяктуу эле масса ар түрдүү адамдардан тургандыктан ар түрдүү кызыкчылыктар жанаша жашашы жана бири-бири менен кагылышы мүмкүн. Ошондуктан массанын жашашы туруктуу болбошу мүмкүн.

Публика стихиялык группалардын дагы бир түрү болуп саналат. Бирок мында караламан элге салыштырганда стихиялуулуктун элементи аз. Г.Тард биринчи болуп караламан эл менен публиканы айырмалап көрсөтүүдө публиканын өзгөче белгиси катары психикалык байланыштын бар болушун көрсөткөн жана ар кандай аракеттерге өтө жай аралашат. Мисалы, - «окурман калк», «театралдык публика». Адамдардын кыска убакытты чогуу еткөрүү максатында чогулушу, стадиондо, чоң көрүүчүлөр залында, маанилүү билдирүүнү угуу үчүн аянтка чогулуусу публиканы түзөт. Жабык аянттарда мисалы, лекциялык залда публиканы аудитория чогултат, ошондуктан аны башкарууга болот, жок дегенде уюшулган оюн-зооктун тибивде кабыл алынган нормалар сакталат. Бирок публика да адамдардын массалык жыйналышы катары анда да массанын мыйзамдары аракеттенет. Бир окуя жүз берсе публиканы да башкаруу мүмкүн болбой калат. Футбол күйөрмандарынын стадиондогу журүм-турумунан келип чыккан драмалык окуялар буга мисал болот.

Азыркы социалдык психологияда стихиялык группапардын келип чыгышын жана анын себеби катары ар кандай факторлорун түшүндүрүүчү бир нече теориялар бар: маанилүү окуяга байланыштуу пайда болгон «сезимдерин» башка бирөө менен бөлүшүү, «норманын» түзүлүшүнө катышуу, окуяны көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө ишенгендикти туюу. Бардык кырдаалдарда стихиялык группалар жана коом жанаша жүргөн кубулуш болгондуктан алардын маанисин баалабай коюуга болбойт

## 2. Стихиялык группадагы коммуникациянын жана ез ара аракеттенишүүнүн формалары

Стихиялык группалардын ар кандай типтеринин жалпы белгилери - бул группалардагы коммуникативдик жана интерактивдик процесстердин каражаттарынын окшош (бирдей) экендигин айтууга мүмкүндүк берет. Коомдук пикир ар башка булактардан алынган маалыматтар менен кошумчаланып турат. Бир жагынан массалык жүрүм-турум шарттарында атайлап жана жаңылыш турдө чечмеленүүчү маалыматтар массалык маалымат каражатгагы расмий билдирүүлөр менен толукталат, Экинчи жагынан андай группаларда маалыматтын бөлөк булагы ар кандай ушактар жана имиш сөздөр етө кеңири таралат. Ал группаларда маальшаттардын таралышы жана алмашуусу өз мыйзамдары менен жүрөт. Ал социалдык психологияда атайын изилдөө предмети болуп саналат. Андай маалымат булактары маалыматгарды кошумчалоонун каражаты гана эмес, расмий үгүтгөө багытындагы маалыматтарды текшерүүнүн да каражаты болуп

саналат.[17] Ушундай жол менен түзүлгөн ой жүгүртүүлөрдүн жана аныктоолордун аралашмасы масса же караламан эл ичинде кызмат кыла баштайт, группалык аракеттерди стимулдаштыруу жүрөт. Мына ушулар коммуникациянын жана өз ара аракеттенешүүнүн өзгөчө формаларын жаратат.

Ошентип, узак убакыт аралыгында адамдардын бири-бири менен өз ара алакасы жок болгон кырдаалдарда да коммуникация өтө зарыл жана адамдардын турмуш тиричилигинде мааниси чоң боюнча калат. Ошондой эле коммуникация адамдардын бири-бирине өз ара таасир этүүлөрүнүн өзгөчө каражаты катары маанилүү болуп саналат. Өкүнүчтүүсү социалдык психологиянын эксперименттик изилдеөлөрдү активдүү түрдө жүргүзүүдө кичи группаларды изилдөөгө басым жасалышынан илимдин тарыхынын узак убакыт аралыгында өз ара таасир этүүлөрдүн ыктарын изилдөө унутулуп калган. Азыркы мезгилдерде гана ал маселелерге кайрадан көңүл бурула баштады. Чындыгында маселенин эскиришинен эмес, илимдин өнүгүшүнүн жаңы деңгээли, жаңы методдору менен ошол эски маселелерди изилдөө талап кылынат. Кубулуштун өзүн болсо –адамдардын өзгечө жалпылыктары болгон караламан эл, масса, публика же массалык чоң оюн-зооктордун аудиториясы жана ошол шарттардагы коммуникациянын жана өз ара аракеттенүүшүнүн (таасир этишүүнүн) өзгөче формаларын жокко чыгарууга болбойт. Тескерисинче, коомдук турмуштун формаларынын татаалданышы, көркөм өнөрдүн жана маданият чыгармаларын массалык колдонуу формаларышын енүгүшү, бош убакытты массалык кырдаалда өткөрүү формалары, массалык маалымат каражаттары коммуникациянын ушул типтерин изилдеп үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Анын эң башкы айырмалоочу белгиси болуп *маалымыттын стихиялуу* берилиши пайда болот жана баарлашуу кырдаалын инсан көзөмөлгө алгандыкты туйбай туруп аракеттерди жасашы саналат. Албетте, мында өз ара таасир этүү да жалпы ишмердүүлүк менен байланышкан группага салыштырмалуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болот.

Стихиялуу группада жүрүүчү өз ара таасир этүү ыкмасы өз механизмдерине ээ.

Заражение — жугушуу өз ара таасир этүүнүн өзгөчө ыкмасы катары мурдатан эле изилденип келет. Айрыкча диний экстаз, массалык психоз ж.б. кубулуштардын пайда болушу менен байланышкан белгилүү жол менен адамдардын көп тобун аралаштырып турган жугушуу феномени адамзат тарыхын алгачкы мезгилдеринде эле белгилүү ар түрдүүче көрүнүп турган ритуалды билүү кезинде, спорттук кумар, дүрбөлөң кырдаалында пайда болуучу жан дүйнөнүн ар түрдүүчө абалынын массалык түргө ээ болушу. Жалпы түрүндө жугушууга адамдын аң-сезимсиз, эрксиз түрдө белгилүү психикалык абалга дуушар болушу — деп аныктама берүүгө болот. Ал кандайдыр бир маалыматты же жүрүм-турум үлгүлөрүн аз же көп деңгээлде

[17] Шерковин Ю А. Стихийные влияния и внеколлективное поведение YYСоциальная психология М , 1975. 286-бетте

аң-сезимдүү түрдө кабыл алынышы аркылуу жүрбөстөн, белгилүү эмоционалдык абалдын же «психикалык маанайдын» берилишн аркылуу жүрөт. Анткени, ал эмоционалдык абал масса арасында пайда болот, карым-катнаштагы адамдардын эмоционалдык таасир этүүлөрүн өз ара күчөтүү механизми аракетке келет. Бул жерде адам максатгуу түрдө уюшулган таасир этүүнү, кысымды башынан өткөрбөйт, жөн гана аң-сезимсиз түрдө башка бирөөнүн жүрүм-турумунун үлгүлөрүн өзүнө сиңирип алат жана ошого баш иет. Көптөгөн изилдөөчүлөр өзгөчө түрдөгү «жугушуунун реакциясы» бар экендигин белгилешет, көбүнчө чоң ачык аудиторияларда пайда болуучу чынжырлуу реакциянын модели боюнча эмоционалдык абалдын көп эселенип чагылышы менен анын күчөп кетүүсү ишке ашат. Көбүнчө уюшулбаган группаларда, караламан эл ичинде болуп өтет, белгилүү эмоционалдык абалдар тез жайылып кетет. Жугушуунун таасири күчөөчү кырдаалы болуп дүрбелөң абал - паника эсептелет. Дүрбөлвн - жүрөк түшүрүүчү же тушүнүксүз кандайдыр бир жаңылык жөнүндө маалыматтын жетишсиздигинен же өтө көп болушунан келип чыккан адамдардын массасында пайда болгон белгилүү эмоционапдык абал. Терминдин өзү гректердин кудайы Пананын атынан алынган. Пана койчулардын, жайыттардын жана үйүрлөрдүн пири (кудайы) болуп, жинденип, каарданган учурда болор-болбос себептен эле үйүрдү отко же жардан өзүн таштаган акылсыз абалга алып келген. Дүрбелөндүн түздөн-түз себеби болуп, адамдарды нес кылчу кабардын келип жетиши саналат. Дүрбөлөң аны андан ары күчөтөт, себеби көп эселеп чагылдыруу процесси жүрөт. Дүрбелөн учурдагы жугушууга азыркы коомдо да өзгөчө маани берүү зарыл. АКШда 1938-жылы 30-октябрда болгон массалык дүрбөлөңдүн мисалы кеңири белгилүү. Ошондо Эн-Би-Си радиокомпаниясы Г.Уэлстин «Дүйнөлөрдүн согушу» деген китеби боюнча уктуруу уюштурулгандан кийин пайда болгон. Ар кандай курактагы жана билим деңгээлдеги радио угуучулардын массасы марстыктардын жер планетасына бастырып киришине ишенип (расмий маалымат боюнча 1200 000 адам) массалык психозго жакын болгон абалды башынан өткерүшкөн. Алардын көбү адабий чыгарманын инсценировкасы радиодон уктурулуп жаткандыгын билишсе да (диктор тарабынан үч жолу эскертилип айтылган), 400 миңге жакын адам «марстыктарды» көргөндүгүн далилдешкен. Бул кубулуш америкалык психологдор тарабынан атайын талдоого алынган.

Дүрбөлөң изилдөөгө алуу өтө кыйын болгон кубулуштардын бири. Аны түздөн-түз байкоо мүмкүн эмес. Биринчиден, анын качан пайда болорун алдын ала билүү мүмкүн эмес, экинчиден, дүрбөлөң кырдаалында байкоочу болуу өтө кыйын, себеби дүрбелөндүн ичинде калган ар кандай адам белгилүү деңгээлде анын таасиринде калат, мына ушунусу менен дүрбөлең күчтүү болуп саналат. Дүрбөлөндү изилдөө ал толук көрүнүп бүткөндөн кийинки сыпатгоолор деңгээлинде гана жүргүзүлөт. Андай сыпаттоолор бүт процесске толук мүнөздүү болюн негизги циклдерин аныктоого мүмкүндүк берет. Бул циклдерди билүү дүрбөлөңдү токтотууда өтө керектүү. Буга дүрбөлөң кырдаалында эс-акыл элементтерин кийирүүгө кандайдыр бир

жол менен ошол кырдаалды жетектөөнү колго алышы, жөндөмдүү күчтөр бар болгон шартта гана жетишилет. Циклдерди билүүдөн сырткары, дүрбөлөндүн психологиялык механизмин түшүнүү өтө зарыл болуп эсептелет, айрыкча жугушуунун өзгөчөлүгү болгон аң-сезимсиз түрдө белгилүү жүрүм-турум үлгүлөрүн кабыл алуу. Эгер жүрүм-турум үлгүсүн сунуш кыла апчу адам дүрбөлөң кырдаалында караламан элдин эмоционалдык абалын нормалдуу абалга келүүсүнө түрткү бере алчу адам дүрбөлөң кырдаалынын ичинде болсо, анда дүрбөлөндү токтотууга мүмкүн болот.

Жугушууну изилдөөдө эң маанилүү маселе болуп психикалык жугушууга кабылган адамдар массасына мүнөздүү баалоолордун жана установкалардын жалпылыгынын деңгээли кандай роль ойной тургандыгы. Бул маселе илимде жеткиликтүү изилденбеген болсо да практикада жугушуу кырдаалында анын өзгечөлүктөрүн пайдалануунун формалары табылган. Массалык оюн-зоок шартында жугушууга чейинки баалоонун жалпылыгы стимул болуп, мисалы сүйүктүү адамга карата кол чабуулар саналат. Ал импульстун ролун аткарышы мүмкүн, андан ары кырдаал жугушуунун мыйзамы менен жүрөт. Андай механизмдер жөнүндөгү билимдер фашисттик үгүттө колдонулуп, ачык аудиторияга таасир этүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну ачык толкундануудан экстаздык абалга жеткирүү боюнча атайын концепция иштеп чыккан. Бул ыкманы башка саясий лидерлер да пайдапанышат.

Ар түрдүү аудиториялардын жугушууга дуушар болуу өлчөмү аудиторияны түзгөн адамдардын инсанынын жалпы өнүгүү деңгээлине көз каранды болот. Бул мааниде адамзаттын тарыхынын алгачкы этаптарына караганда азыркы коомдо жугушуу өтө аз роль ойнойт деген көз караш туура. Коомдун өнүгүү деңгээли жогорулаган сайын адамдардын ар кандай күчтөргө, таасирлерге сын көз менен мамиле жасоосунан жугушуу механизми күчтүү таасир эте албай калат.[18]

Социалдык психологияда калыптанган салт боюнча жугушуу феномени антисоциалдык жана уюшулбаган жүрүм-турумдар (стихия учурунда ж.б.) шарттарында изилденет. Бирок жүрүм-турумдун бул тиби аң-сезимдүү массалык социалдык аракеттерде да болушу мүмкүн, мисалы, ар кандай митингдер, манифестациялар, массалык, өндүрүштүк кырдаалдарда, ар кандай катастрофа учурунда куткарып калуу иштерин жүргүзүүдө. Мына ушул кырдаалдарда жугушуу феноменинин жаңы жактары ачылышы мүмкүн, мисалы, жакшы уюшула албаган шартта компенсациялоочу кызмат аткаруусу.

Ошентип, азыркы мезгилде жугушуу маселеси таптакыр эскирип бүттү деп айтууга болбойт. Психикалык жугушуунун мыидай формаларын өзүн-өзү андап билүүнүн өсүшү массалык социалдык кыймылда көрүнүүчү, айрыкча коомдо туруксуздук өкүм сүргөндө мисалы, радикалдуу социалдык өзгөрүүлөр жүргөн шарттарда социалдык психология коом

[18] Поршнев Б Ф Социальная психология и история М , 1968

алдында жугушуу маселесин изилдөөгө карыздар· себеби бул багытта айрым-айрьш байкоолор гана бар болуп, олупуу изилдөөлөр жок.

**Ишеним жаратуу** - таасир этүүнүн өзгөчө түрү болуп, бир адамдын башка адамга же адамдар тобуна максаттуу түрдө, аргументтелбей эле айтылган сөздөр менен таасир этүүсү. Ишеним жаратуу берилген маалымат сын көз менен карап талданылбаган кабылдоо процессине негизделет. Маалыматтын мазмуну сын көз менен каралбастан кабылданышы. Бир адамдан башка адамга берилүүчү бүт маалыматтар коммуникатордун активдүүлүгүнө карата кабарлоо, ынандыруу жана ишеним жаратуу болуп белүштүрүлөт. Мына ушулардын ичинен ишеним жаратууда берилип жаткан маалымат сын көз менен каралбастан кабылданат. Ишеним жаратууда маалыматты кабылдап жаткан адам, берилип жаткан маалыматты сын көз менен баалап кабылдоого жөндөмсүз болуп калат. Ошондуктан ар кандай кырдаалдарда жана адамдардын ар кандай тайпалары үчүн аргументсиз эле жана сын көз менен баалабай эле маалыматты кабылдоосунун чен өлчөмү ар башкача болот.

Ишеним жаратуу кубулушу психологияда мурдатан эле изилденип келүүдө, көбүнчө медициналык практикада, окутуунун айрым формаларында көбүрөөк изилдөөгө алынган. Ишеним туудуруу, «суггестия» социалдык-психологиялык кубулуш катары өзүнүн терең өзгөчөлүктерүнө ээ, ошондуктан аны «социалдык суггестия» деген өзгөчө кубулуш катары карашат. Бул кубулушту социалдык-психологиялык жактан изилдөөгө алууда психологиянын башка тармактарында колдонулуп жүргөн терминдер системасы менен - ишеним туудуруп жаткан адам суггестор деп аталат. Ишеним туудуруу багытталган адам, башкача айтканда, ишеним туудуруунун обьектиси болгон адам суггеренд деп аталат. Суггестордун таасир этүүлерүнө каршылык керсөтүү кубулушу контрсуггестия деп аталат

Ишеним туудурууну башка бирөөлөргө таасир этүүнүн өзгөчө каражаты катары талдоого алганыбызда, ишеним туудуруу менен жугушуунуи (заражения) карым-катышын жана айырмачылыктарын аныктоо маселеси пайда болот, себеби азыркы күнгө чейин бул маселе бир жактуу чечилбей келе жатат. Айрым авторлор ишеним туудурууну тууроо сыяктуу эле жугушуунун бир формасы катары карашса, кээ бирлери ишеним туудурууну жугушуудан төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү боюнча айырмалана тургандыгын баса көрсөтүшөт:

1) жугушууда көпчүлүк адамдар бирдей, жалпы психикалык абалды чогуу баштан кечиришет, ал эми ишеним туудурууда бирдей психикалык абалды чогуу баштан кечирүүдө «бирдейлию> же «жалпылык» пайда болбойт, себеби суггестор суггеренд башынан кечирип жаткан психикалык абалды башынан кечирбейт Ишеним туудуруу процессине бир багыттуулук мүнөздүү Анда группа мүчөлөрү бирдей абалда болушпастан, адамдын активдуу түрдө башка адамга же адамдар тобуна таасир этүүсүнөн ар бир адамдын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша ар башкача-жекече психикалык абалга дуушар болуусу жүрөт,

2) ишеним туудурууда, адатта, сөз аркылуу гана таасир этүү жүргүзүлсө, жугушууда сөз менен гана эмес, башка каражаттар (кыйкыруу, ахалоо, охолоо, ритм ж.б.) аркылуу да өз таасирин тийгизет.

Башка жагынан карасак, ишеним туудуруу ынанымдан төмөнку белгилери менен айырмаланат: ишеним туудурууда далилдери жок жана логикалык ойлоону катыштырбай эле адамдарда түздөн-түз психикалык абалдарды жаратат, тескерисинче ынанымда маалымат багытталган адамды логикалык жактан ишенимдүү маалыматтар аркылуу гана аны бир нерсеге макул кылууга жетишилет. Ишеним туудурууда макулдашууга жетишилбейт, адамдын даяр жыйынтыктары бар маалыматты кабылдоосуна жетишилет. Ынанымда болсо жыйынтык ойго маалыматты кабылдап жаткан адамдын езү келиши керек. Ошондуктан ынанымда интеллектуалдык таасир этүү басымдуулук кылса, ишеним туудуруу эмоционалдык-эрктик таасир этүүнүн негизинде пайда болот.

Мына ошондуктан ишеним туудурууну изилдөөдө кандай учурларда жана кандай кырдаалдарда ишеним туудуруунун таасири күчөп кетеринин айрым мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталган. Социалдык суггестия учурунда ишеним туудуруунун таасиринин күчү жаш куракка жараша болору, чоң кишилерге салыштырганда балдарда ишеним туудуруу оной экендиги аныкталган. Ошондой эле ишеним туудурулуп жаткан адамдар чарчаган, дене бою алсыраган болсо, таасир этуу күчтүү болот, тескерисинче, өзүн жакшы сезген адамдарда ишеним туудурууну пайда кылуу кыйын. Эң башкысы ишеним туудуруу үчүн жасалган таасир этүүлөр социалдык психологиялык өзгөчө атайын факторлордун таасиринен ишке ашат. Ишеним туудуруунун өтв натыйжалуу болушунун чечүүчү шарты болуп, суггестордун кадыр-баркынын жогору болушу саналат. Анткени маалыматтын ээси болгон кишиге ишенимдин жогору болушу кошумча өзгөче фактор катары таасир этүүнү күчөтөт. Ушул «ишеним эффекти» суггестордун инсандык өзгөчөлүгүнө да, өзу кирген социалдык группага да жараша болот. Анысында да, мунусунда да суггестордун кадыр-баркы кыйыр аргументтештирүү кызматын аткарып, ишеним туудуруунун өзгөчө белгиси болгон түз аргументтердин бош ордун толтуруп турат. Бул болсо ишеним туудуруунун өзгөче сапаты, касиети жана белгиси болуп саналат.

Жугушуу кырдаалындагыдай эле ишеним туудуруунун натыйжасы суггеренддин инсандык өзгөчөлуктерүнө да жараша болот. Контрсуггестия феномени айрым инсандын ишеним туудурууга каршылык көрсөтүүсүнүн чен өлчөмүн көрсөтөт. Социалдык суггестиянын практикасында адамдын белгилүү деңгээлдеги өзүнүн «психикалык коргонуусун» бузуунун жолдору табылган. Мына ушундай аракеттер контрсуггестия деп аталат. Контрсуггестия феномени инсанды суггестивдик таасирлерден сактоодо гана колдонулбастан, ошол коргонууларды жокко чыгарууда да пайдаланылат. Эгерде контрсуггестиянын каражаты катарьг суггесторго карата болгон ишенбөөчүлүктүн пайда болушу жаралса, анда суггестор жөнүндөгү кошумча маалыматтарды колдонуу аркылуу ага болгон

ишенбөөчүлүктү жоюуга жетишүүгө болот. Мына ушундай аракеттердин жыйындысы контрконтрсуг-гестия деп аталат. Мына ушуларга каршы адам жаңы каршы туруулларды жаратууга аракетеннүүсү мүмкүн деген божомолду айтуу логикага туура келет, бирок кабатталган контрсуггестия гана эмес, анын биринчи сырткы кабыгынан аркы катмарлары да али изилдөөгө альша элек.

Практикалык планда ишеним туудурууну изилдөө үгүт жана реклама тармактары үчүн өтө чоң мааниге ээ. Үгүт ишинин каражаттарынын арасында ишеним туудуруунун орду өзгечө. Үгүттүн максаты жана мазмуну кандай экендигине жараша ишеним туудуруу ар башкача аныкталат жана жүрөт. Үгүттүн негизги белгиси адамдын логикалык ойлоосуна жана аң-сезимине таянуу аркылуу жүрө тургандыгын, анын негизги каражаты ынандыруу болсо да, анда суггестиянын айрым элементгери сөзсүз боло тургандыгын айта кетуүбүз зарыл. Ишеним туудуруу методу бул жерде аудиторияны психопрограммалаштыруу методу катары кызмат кылат, башкача айтканда, мында ишеним туудуруу «ойнотуу» (манипуляциялоо) үчүн таасир этилген метод боло тургандыгы айрыкча рекламада кеңири көрүнөт.

Тууроо - ар кандай фуппалардын ишмердүүлүктөрүндө жана массалык жүрүм-турум шартында адамдардын бири-бирине таасир этүүлөрүнүн өзгөчө каражаты болуп саналат. Тууроо жутушуу жана ишеним туудуруу кубулушгары менен бир канча жалпы окшоштуктарга ээ болсо да, анын өзүнө гана мүнөздүү жекече өзгөчөлүктөрү бар. Тууроо башка адамдардын жүрүм-турумунун же массалык психикалык абалынын сырткы керүнүшүн гана өзүнө кабыл алуу болбостон, көрсөтүлүп жаткан жүрүм-турум үлгүлөрүн жана белгштерин адам тарабынан кайталанып жасалышы болуп саналат. Социалдык психологиянын тарыхында тууроону изилдөөгө өтө көп көңүл бурулган. Тууроонун коомдогу ролу жөнүндөгү идеяларды Г.Тард иштеп чыккан жана өзүнүн тууроо теориясын жараткан.

Бул теориянын негизги белгилери катары төмөнкүлөрдү айтууга болот: коомдун жашоосунда жана енүгүшүндө, группалык нормалардын жана баалуулуктардын пайда болушунда тууроо (фундаменталдык принцип болуп саналат) кубулушунун ролу чоң. «Кайталоонун дүйнөлүк мыйзамы» жалпы болсо; тууроо анын айрым көрүнүшү болуп саналат. Эгер айбанаттар дүйнөсүндө бул мыйзам тукум куучулук аркылуу ишке ашса, адамдар коомунда тууроо аркылуу ишке ашат. Тууроо алга өнүгүүнүн булагы (түрткүчү) болуп саналат: мезгил-мезгили менен коомдо жаңы ачылыштар пайда болуп турат, аларды адамдардын массасы туурашат жана аны коомдун түзүмүнө айлантышат, кийин кайрадан дагы аны тууроо аркылуу өздөштүрүшөт.

Коомдо жүрүп жаткан социалдык чыр-чатактардын келип чыгышы тууроонун багыттарынын карама-каршы болуп калышы менен түшүндүрүлөт. Бул чыр-чатактардын табияты жеке адамдардын аң-сезиминдеги чыр-чатактардын табияты менен окшош, бирдей болуп жүрүм-турумдун жаңы үлгүсүн тандап алууда жана аткарууда адам арсар

болуп турган сыяктуу эле нерсе дешет. Тууроо бир канча түрлөргө бөлүнөт: логикапык жана логикасыз, ички жана сырткы, моданы тууроо жана үрп-адаттарды тууроо ж б Тууроонун мыйзам ченемдүүлүктөрү да такталган. Тууроо ички тууроодон сырткы тууроого өтүү менен жүрөт (б а. сырткы үлгүлерге салыштырганда ички үлгүлөр алгач тууралат диндин каада-салттарына, үрп-адаттарына салыштырганда диндин рухун, идеологиясын алгач туурап үйрөнөт), төмөнкүлөр (социалдык катмарлар арасында эн төмөнкү деңгээлде - баскычта тургандар) өзүнөн жогору тургандарды туурашат (айылдыктар - шаардыктарды, алыста жашагандар - борбордо жашагандарды, байлар падышаларды) ж б. Албетте, мындай концепция тууроонун коомдогу ролу абсолютташтыруунун классикалык мисалы болуп саналат Э.Дюркгейм калыстык менен белгилегендей, мындай көз-караш коомдогу ар түрдүү кубулуштарды аралаштырып жиберет. Алсак, коомдогу таптардын өз ара карым-катышына караганда, баланын чоң кишини тууроосу таптакыр башкача мыйзам ченемдүүлүктөр менен ишке ашат.

Эгерде тууроону абсолютгаштыруу идеясынан алыстап ой жүгүртүп көрсөк, Г Тардцын талдоосунан оң белгилерди табабыз. Албетте, баланын өнүгүшүндө тууроонун ролу өтө чоң мааниге ээ Мына ошондуктан балдар психологиясындагы эксперименттик изилдөөлөрдүн көпчүлүгү балдардагы тууроо кубулушун изилдөөгө арналат.

Тууроо процесси карым-катнаштын ичине кошулуп кеткендиктен, ал социалдык психологдордун да кызыгуусун жаратат. Тууроонун ишке ашуу механизми тууроо теориясын изилдөөнү атайын предмет катары карашкан необихевиористик багыттагы окумуштуулар Н.Миллер, ДДолард жана А Бандура тарабынан изилдөөгө алынган

Жогоруда белгиленген таасир этүүнүн үч ыкмасы тең массаны түзүп турган инсандардын белгилүү деңгээлде сын көз менен кабылдоо өзгөчөлүгүнө барып такалат. Таасир этүүлөрду бир багытта гана жүрүүчү процесс катары түшүнүү туура эмес, анткени дайыма алдыга кеткен кыймылга артка кайрылган кыймыл менен жооп берилет, натыйжада инсанда ага таасир этип жаткан адамга карата жооп берүү аракети сезсүз болот. Бул айрыкча стихиялык группаларда чоң мааниге ээ. Стихиялык группалардагы массалык жүрүм-турумдун жана массалык аң-сезимдин өзгөчөлүктеру ар кандай социалдык кыймылдардын курамындагы маанилүү элементтерден болуп саналат.

## 4. Социалдык кыймылдарды массалык жүрум турумдун формасы катары мүнөздөө

*Социалдык кыймылдар* - чоң социалдык группаларды психологиялык жактан мүнөздөөгө жана массалык стихиялык жүрүм-турумду талдаганга байланыштырылып окуп үйрөнүлө турган социалдык кубулуштардьщ өзгөчө тобу болуп саналат Социалдык кыймыл - өтө уюшулган адамдардын биримдигинен турган, өз алдына атайын белгилүү бир максаттарды койгон, көбүнчө коллективдүү нааразылыктарды билдирүү жана кайсы

бир социалдык өзгөрүүлөрдү колдоо же каршылык көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу үчүн түзүлгөн чоң группалардын түрү, Андайлар адамдардын жашоо образын күч колдонуу менен өзгөртүүгө умтулуусу же кайсы бир нерсеге адатка айланган баа берүүнүн шгөрүшү болушу мүмкүн Социалдык кыймылдардын ар кандай деңгээлдери бар· глобалдык максаттарды көздөгөн кеңири масштабдагы кыймылдар (мисалы, дүйнөдө тынчтыкты сактоо, куралсызданууга жетишүү, ядролук сыноолорду жүргүзүүгө каршы чыгуу, жаратылышты коргоо ж б ), локалдык (территориялык жактан, айрым гана социалдык группа катышкан) кыймылдар (мисалы, аялдардын тең укуктуулугу үчүн күрөшүү ж.б.) жана өтө чектелген мейкиндиктеги түздөн- түз прагматикалык максатты көз дөгөн кыймылдар (бирөөнү кызматтан кетирүү ж.б.)

Социалдык кыймылдар кандай гана деңгээлде болбосун баарына 1мүнөздүү болгон жалпы белгилерге ээ Биринчи кезекте кандай гана социалдык кыймыл болбосун дайыма белгилуу коомдук пикирге таянат жана негизделет. Себеби коомдук пикир социалдык кыймылдарды даярдоого катышса, кийинчерээк социалдык кыймылдардын өнүгүшүнүн натыйжасында коомдук пикирдин калыптануусу жаш бекемделиши ишке ашат Экинчиден, бардык эле социалдык кыймылдарда ар кавдай денгээлде — бүт коомдо же региондо же кайсыл бир тармакта кырдаалды өзгөртүү максагы болот. Үчүнчүдөн, кыймылдын уюштурулушунун жүрүшүндө анын программасы (ар кандайча денгээлде так жана чала же акырына чейин) ишгелип чыгат. Төртүнчүдөн, кыймыл ш максатгарына жетүүдө кандай каражаттарды колдоноорун ар тарапган таразалап талдайт. Акырында, бешинчиден, социалдык кыймылдардын бардыгы ар кандай массалык жүрүм-турумдар демонстрация, манифестация, мигинг, сьезд ж б.) аркылуу өз ишин аткарат жана жүргүзөт.

Ар кандай социалдык кыймыл проблемалык кырдаал түзүлгөн учурда башталат. Социалдык кыймылдардын пайда болушуна түрткү берүүчү күч болуп проблемалуу кырдаалдын жаралышы саналат Ал ар бир адамдын аң-сезиминде жекече бышып жетилип, группалык аң-сезимге айланат. Группада белгилүү деңгээлде бир ой-пикирге келүүдөн кыймыл жаралат. Бул жерде белгилей кетчү нерсе, группанын өнүгүшүнө чейинки туруктуу келген социалдык түшүнүктөрдүн жана массалык аң-сезимдин так эмес жана бир жактуу болгон, акыркы кабарга жараша езгөрүп туруучу элеменгтеринин мааниси чоң. Ошондуктан дайыма кыймылдын максаттарынын жана ураандарынын мазмунун өзгөртүү салыштырмалуу түрдө оңой болуп эсептелет Социалдык психологиянын көз карашынан алганда төменкү 3 маселени. социалдык кыймылга кошулуунун механизми, көпчүлүктүн жана азчылыктын пикирлеринин катышы, лидерлерди мүнөздөө - изилдөө езгөчө мааниге ээ

Кыймылга кошулуунун механизимдерин анын катышуучуларынын жүйөлөрүн талдоо аркылуу түшүндүрүүгө болот. Жүйөлөр конкреттүү социалдык группанын жашоо шартына, кайсыл бир кубулушка карата туруктуу кызыгууларына, саясый чечимге, мыйзамдарга карата

фундаменгалдуу жуйөлөр жана күнүмдүк кырдаалга жараша пайда болгон коомдогу окуяга, жаңы саясый акгыга жараша пайда болгон кыска убакыттык жүйөлөр болуп бөлүнөт Акыркы түрү кебүнчө коомдо же группада болгон окуяга эмоционалдык реакциянын негизинде пайда болот Фундаменталдуу жана кыска убактылуу жүйөлөрдүн катышына жараша социалдык кыймылдардын аракеттери негиздүү жана «бекем», өз максаттарына жетүү мүмкүнчүлүктөр бир кыйла жогору болот

Кыймыл өзүнө катышуучуларды ар кандай жолдор, ыкмалар менен өз катарына кош>п алуу аракеттерин (рекрутация) жүргүзет локалдык кыймылдарда кайсыл бир акцияны колдоо иретинде атуулдардан колтамга тогггоо акциясы же көчөдө бараткандарды өз максаты, иши үчүн өзүнө кошуп алуу жүргүзүлөт

Жогорку маанидеги чоң кыймылдарда рекрутация, негизинен, демилге көтергөн группаларда жүрет Атуулдук кыймыл үчүн кыймыл уюшгуруунун демилгечилери болуп мыйзамсыз жапа чеккендер, репрессияга дуушар болгондор санатышса, экологияны — чөйрөнүн тазалыгын сакгоо кыймылына адис экологдор демилге көтөрүшөт ж б у с Кыймылдардын ар бир жаңы катышуучусу демилгечилердин чакыруусуна катышуу же катышпоо маселесин өзү жекече чечет Авдай чечим кабыл алууда группанын кызыгуулары, максаттары менен анын жекече өзүнүн кызыгуусунун, максатынын жакындыгы (дал келүүсү) канчалык экендиги эске алынат Чечимге келүүдө тобокелчиликтин ченеми канчалык экендигин эске алат, эгер иш ойрон болсо кандай жабыр тартарын таразалап көрөт

Азыркы кебүнчө социологиялык адабияттарда адамдын социалдык кыймылга катышып-аралашуусунун себепгерин түшүнцүрүүчү эки теория бар

Салыштырмалуу депривация теориясы боюнча - адам кайсы бир максатка жетүүгө умтулуусу, таптакыр эле кандайдыр бир жыргалдан, укуктан же баалуулуктардан ажырап калгандан эмес, салыштырмалуу гана айрым нерселер жетишсиз же ажырап калганда адам кандайдыр бир максатка жетишүү муктаждыгына дуушарланат Башкача айтканда, андай муктаждык шунун же группасынын абалын бөлөктөрдүн абалы менен салыштырганда ушул муктаждык калыптанат Бул теорияны сындагандар маселе ете жөнөкөйлөштүрүлгөнүн же бир фактордун абсолютташтырылып салынгандыгын туура белгилеп жүрүшөт

*Экинчи теория* - ресурстарды мобилизациялоо теориясы Бул теориянын өкулдөрү социалдык кыймылга кошулууну психологиялык жактан негиздөөгө басым жасашат Мында адам өз группасына идентификациялануу - окшош болуу, өзүн анын бир бөлүгү деп эсептөө аркылуу өзүн күчтүү деп туюу, өзүнүн бүт ресурстарын (мүмкүнчүлүгүн) жумшап көрүү муктаждыгын жетекчиликке алуу менен чечимге келет дейт Бул жерде да бир жактуулукту жана бир факторду өтө ашыкча баалап жиберилгендигин сындоого болот Социалдык кыймылдарга рекрутиция жасоо маселелери өз изилдөөчүлөрүн күтүүдө деп айтсак туура болот

*Экинчи маселе* — ар кандай эле массалык, анын ичинде социалдык кыймылдарга тиешелүү болгон көпчүлүктүн жана азчылыктын позицияларынын карым-катышы жөнүндөгү маселе Бул маселе С Московисинин концепциясындагы эң башкы маселелердин бири болуп саналат Социалдык кыймылдардын бирдей эместигин, аларга ар кандай социалдык группалардын мүчөлөрүнүн биригишинен жана аракеттеринин өзгечө формалары (күчтүү эмоционалдык абалдын пайда болушу, ар кандай карама-каршы маанидеги маалыматтардын болушу) кеңүлгө алынып бардык эле социалдык кыймылдарда бир кыйла радикалдуу, чечкиндүү жана (баарысы макул болбогон) «макулдашылбаган» маселелерди алып чыгуу маселеси актуалдуу болуп саналат Башкача айтканда, кыймылда азчылык пайда болот Алардын позициясын эсепке албай коюу кыймылдын күчүн алсыздандырат Ошондуктан азчылыктын укугун, алардын пикирин эске алуу үчүн диалог зарыл, ал келечекте кыймыл жетишүүчү ийгиликти камсыз кылууга алып келет

Кыймыл ичинде азчылыктын таасир этүүсүнүн шарттары аныкталган Алардын эң башкысы болуп жүрүм-турумдун ырааттуу стилде болушу санапат Бул деген сөз эки «кесилиште» ырааттуулукту камсыз кылуу дегендик синхрондошуу (ар бир учурда катышуучулардын бирдей пикирде болушу) жана диахрондошуу (убакыттын өтүшү менен азчылыктын мүчөлөрүнүн жүрүм-турумдарынын жана позицияларынын туруктуу болушу)

Ушул шарттарды сактаганда гана азчылык менен көпчүлүктүн макулдашуусу (бул ар кандай социалдык кыймылдарда болбой-койбойт) ийгиликтүү болот Мында макулдашуунун стилин жакшы иштеп чыгуу, компромисске жетише билүү, бир жактуу кесе сүйлөөнү азайтуу, пайдалуу чечимге келүүнүн жолдорун изилдөөгө даяр экендиктерин керсөтүү зарыл

Социалдык кыймылда пайда болуучу *үчүнчү маселе* - бул лидер жана лидерлерди мүнездөө Массалык жүрүм-турумдун атайын өзгөчө типтериндеги лидер өзгөчө сапаттардын ээси болгон адам болушу керек Ошону менен бирге лидер кыймылдын катышуучулары кабыл алган максаттардын алып жүрүүчүсү, коргоочусу болушу жана көпчүлүк адамдардын - массанын сүйүктүү, урматтуу адамы болушу шарт

Социалдык кыймылда лидердин имиджи күндөлүк турмушта кеңүл буруулардын предмети болуп, көңүлдүн борборунда болушу зарыл Адатта лидердин позициясынын жана кадыр-баркыньш бекемдиги белгилүү өлчөмдө социалдык кыймылдын ишинин ийгиликтүү болушун камсыз кылат Лидердин ушул эле сапатгары социалдык кыймылды бекем кармап турууга, белгилүү тартип эрежесинде кармоого мүмкүндүк берет жана кыймыл тандаган аракетгердин тактикасын жана стратегиясын оңой жана тез өзгөртүп жиберүүгө жол бербейт

Жогоруда айтылгандардын баары төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келет социалдык кыймылдар - коомдук турмуштагы эң татаал кубулуш болуп, өзүнүн спецификалык социалдык-психологиялык мүнөздөмөсүнө ээ Аларды бир жактуу уюшулган чоң социаддык группаларга жана стихиялуу

түзүлгөн группаларга бекем байланыштырып кароого болбойт (бир гана стихиялык уюшма катары карoo да туура эмес). Ошондой болсо да, алар ошол группалардын типтерине тиешелүү сапаттарга жана адамдардын карым-катнашынын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ээ болот.

Чоң социалдык группалардын психологиялык жактан мүнөздөлүшүн талдоо социалдык психология үчүн чоң мааниге ээ болгон суроону коет: ошондой чоң группага кирген айрым адамдын психикасы менен коомдук психологиянын элементтери кандайча «өз ара аракеттенишет». Группанын психологиясынын элементтеринде чагылдырылган анын социалдык тажрыйбалары кандайча ар бир жеке адамга «жеткирилет (берилет)» деген маселени изилдөө чынжырдын бир элементи болгон кичи группаны изилдөө аркылуу гана жетишилет, Социалдык таптын, улуттун, кесиптик групалардын ичинде адамдар ар кандай себептерден улам түзүлгөн ар түрдүү кичи группаларга биригишет. Инсан менен коомдун өз ара таасир этишүүлөрүн изилдөе маселеси логикалык түрдө кичи группаларды изилдөөгө түртөт.

## Тема: Социалдаштыруу

### 1. Социалдаштыруу жөнүндө түшүнүк

Адам бул өтө татаал феномен. Ал биологиялык жандык катары бул дүйнөгө пайда болуп, жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү болгондуктан коомдун, айлана-чөйрөнүн, тарбиянын, окуунун, оюндун, эмгектин таасири менен социалдык жандыкка (адамга) айланат.

Адам жөнүндөгү илимге «Социалдашуу» (латын тилинен solialıs - коомдук) деген түцгүнүк саясий экономиядан (жерди, өндүрүш каражаттарын коомдун менчигине айландыруу дегенди билдирет) алынып, бапаны, индивидци коомдо жашоого ылайыктап, даярдоо дегенди түшүндүрөт.

Бул терминди адамга тиешелүү кылып америкалык социолог Ф.Гиддингс 1887-жылы «Теория социализации» деген эмгегинде колдонгон. Ал эми 19-кылымдын 3-чейрегинде бул маселени социологдор жана социалдык психологдор изилдей баштаган. Ал эми 20-кылымдын ортосунан баштап социалдаштыруу маселеси философия, этнология, социология, социалдык педагогика, этнопсихология жана социалдык психология изилдей турган эң негизги маселелердин бири болуп эсептелет. «Социалдаштыруу» термини социалдык психологияга А.Бандура тарабынан киргизилген.

Социалдаштыруу - бул «индивиддин социалдык чөйрөгө кирүү процесси», «ага социалдык таасирлердин сиңирилиши», «аны социалдык мамилелер системасына кошуу» ж.б.у.с. Бул процесстер аркылуу индивид коомдо мүчө катары норма жана нарк же болбосо баалуулуктар системасын өздештүрөт. Социалдаштыруу процессинде адам ишенимдерге, коомдо жакшы жашоо үчүн өзүнө керектүү жүрүш-туруш эрежелеринин ар түрдүү татаал формаларына ээ болот. Демек, социалдаштыруу аркылуу коомдук

турмуштагы тажрыйбаларды жана коомдук мамилелерди өздөштүрүүчү кеп кырдуу процессти түшүнүүгө болот.

Социалдаштыруу процессин төмөндөгүдөй кылып түшүндүрүүгө болот. Адамдарга «кармоо», «көзүн ирмөө», «эмүү» сыяктуу генетикалык тубаса рефлекстер тиешелүү болсо да, алардын генинде журүм-турумдун татаал түрлөрү программаланган эмес. Алар кийинүүгө, тамак тапканга же болбосо өздөрүнө баш калкалаш үчүн үйлөрдү курууну үйрөнгөнгө муктаж. Адамдар акырындап олтуруп жашоо үчүн керектүү болгон машыгууларга, ыкмаларга ээ боло алат. Бала төрөлгөндөн кийин анын бир жылдык тамактануусу толук бойдон чоңдордун кам керүүсү менен байланыштуу. Ошондуктан жаш бөбөктүн жашоосу ал жөнүнде кам көргөндөр менен гана байланыштуу. Алардан айырмаланып маймылдын кичинекей балдары төрелгөндөн 3-4 ай өткөндөн кийин эле өздөрүнө тамак издей башташат. Ошол эле мезгилде жаш баланын ата-энеге же болбосо чондорго көп убакыт бою көз карандылыгы бир жагынан эң керектүү. Анткени бул узак убакыт эмчектеги бала ата-энесинен эң кыйын машыгууларды үйрөнөт (мисалы, сүйлөөгө жөндөмдүүлүк) жана ал аркылуу бири-бири менен биргеликте жашоону, эмоционалдуу назик мамиледе болууну үйрөнет. Бул болсо биздин башка тирүү жандыктардан айырмаланып турган сапатыбыз болуп эсептелет.

Индивиддин социаддашуусунун булактары катары төмөндөгүлөр эсептелинет:

а) маданияттын үй-бүлөлүк, социалдык институттар, эн биринчиден окуу, билим жана тарбия системалары аркылуу;

б) мамилелер арасындагы жана бирдиктүү аракеттеги элдердин өз ара таасири;

в) жаш мезгилдеги ар түрдүү психикалык функциялар жана коомдук жүрүм-турумдун эң женөкей формаларын калыптанышы менен байланыштуу болгон эң биринчи тажрыйба;

г) өзүн-өзү регуляциялоо процесси бул этапта индавид социалдык нормаларды активдүү жөндөй алат.

Социалдаштыруунун ар түрдүү аспектери психологияда (турмуштук циклдын ар түрдүү стадиясындагы иш механизмдери менен жаңы тажрыйбаларды өздөштүрүүсү), социалдык психологияда (ез ара мамилелердин социалдаштыруучу функциялары), социологияда (социалдаштыруу институттары менен процесстеринин макросистемадагы байланышы), тарых жана этнографияда (социалдаштыруунун ар түрдүү коомдо жана маданиятта салыштырма езгөчелүктөрү) жана педагогикада (тарбия) изилденет.

Россия психологиясынын системасында «социалдаштыруу» түшүнүгүнүн синонимдери катары эки термин колдонулат: «инсандын енүгүшү» жана «тарбия». «Социалдаштыруу» түшүнүгүн педагогика жана педагогикалык психологияда кеңири белгилүү болгон «окутуу» жана «тарбиялоо» түшүнүктөрү менен алмаштырууга болбойт. Г.М.Андреева

инсандын өнүгүшү туралуу идеяны Россия психологиясында эң бир маанилүү ачкыч катары эсептейт.

**«Социалдаштыруу» жана «тарбия»** түшүнүгү тууралу же болбосо алардын байланышы жөнүндөгү маселе татаалыраак болуп эсептелет. Бизге белгилүү болгондой «тарбия» термини адабиятта эки мааниде колдонулат тар жана кең мааниде. Тар маанисинде «тарбия» термини аркылуу адамга багытталган процесстер аркылуу түшүнүк, норма, үлгүлөрдүн ж.б. еткөрүп берилиши түшүндүрүлөт. Таасир кылуучу субьекг катары атайын институт же болбосо коюлган максатты ишке ашыруу үчүн адам өзү эсептелинет.

Сөздүн кең маанисинде «тарбия» түшүнүгү аркылуу адамды ар түрдүү социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүгө негизделген, бүткүл коомдук байланыштар системасынын таасири түшүндүрүлөт. Мындай учурда тарбия процессинин субьекти катары бүтүндөй коом катыша алат. Эгер «тарбия» түшүнүгүн анын тар маанисинде колдонушса, анда социалдаштыруу өзүнүн мааниси боюнча «тарбия» термининен айырмаланып калат, Эгер ушул эле терминде анын кең маанисинде колдонушса анда айырма жок болот.

Белгилүү методолог Г.М.Андреева сан түрүндө социалдаштыруу түшүнүгүнүн маңызын карап чыгып (психологиялык жана социалогиялык илимдерде) ага кошумча аныктама берген: социалдаштыруу - бул эки тараптуу процесс, бул индивидцин коомдук чөйрөгө кирүүсү менен коомдук тажрыйбага ээ болуусу, ал эми экинчи жагынан индивиддин социалдык чөйрөгө активдүү кошулушу менен анын социалдык байланыштар системасын активдүү иштеп чыгуусу болуп эсептелинет. Так ушул социалдаштыруу процессинин эки тарабына көптөгөн авторлор өтө зор көнүл бурушат. Алар бул маселени социалдык психологиялык билимдеги эң жогорку маселе катары иштеп чыгышкан. Адам жөн гана тажрыйбаларды ездөштүрбөйт, аны жалгыз өзүнүн баалуулуктарына, ориентацияларына, көрсөтиөлөрүнө ьшайык өзгөртөт.

Социалдаштыруу - бул бир гана индивидке тиешелүү биопсихикалык импульстардын же сырткы таасирлердин суммасы эмес, бул - толук инсандын калыптануу процесси. Ал эми индивидуаддык (адамдардагы жекече өзгөчөлүктөр) — социалдаштыруунун өбөлгөсү эмес, тескерисинче анын жыйынтыгы. Социалдаштыруунун стадиялары, маңызьг жана анын механизмдери тарыхый мүнөзгө ээ, алар коомдун социаддык — экономикалык структурасы менен аныкталат. Мындай учурда социалдаштыруу процесси инсандардын өз ара аракетгенүүлөрүнө жакындашпайт, бирок коомдук мамилелердин бүт жыйындысын өзүнө камтыйт. Социалдаштыруу индивидке даяр социалдык ишмердиктин «формасын» механикалык түрде салуу эмес, ал ошол эле мезгилде коомдук ишмердүүлүктүн субьекти, жаңы коомдук көрүнүштөрдүн демилгечиси жана ойлоп табуучусу катары эсептелинет. Ошондуктан канчалык индивид чыгармачыш — өзгөртүүчү иштерге активдүү катышса, социалдаштыруу ошончолук ийгиликтүү болот. Бул мезгилде эскирип калган нормалар, кылык жоруктар, мүнөздөрү таасирин жоготот.

Адамды социалдаштыруунун негизги үч максаты бар. Алар:

1. Табигый-маданий максат: бойго жетип, өсүп-енүгүп, билим алып, тилди өздөшгүрүп, жеке жөнцемүн пайдалана билүүгө, өзү жашаган жердин, элдин түшүнүк, эрежелерин билип, турмуш жолун тандап, жашоо стилин колдоно билүү;

2. Социалдык-маданий максат: таанып-билүү, моралдык-нравалык, баалуулук маанисин түшүнүү. Жашына жараша, жашаган чөйрөгө, этнорегионалдык жана улуттук өзгөчөлүктөрдү ездөштүрүү. Ар бир жашга өзүнүн курагында тиешелүү коомдук талаптарды аткаруу милдети коюлат: окуу, эмгектенүү, аскер милдетин өтеө, турмуш куруу, шайлоого катышуу, балалуу болуу ж.б. Талапгы мамлекет жана тарбия берүүчү мекемелер коет. Ошондой эле элдик тажрыйбага, үрп-адатка, салт-санаага байланыштуу коюлган талаптар.

3. Социалдык психологиялык максат: адамдын езүнүн аң-сезими, адцына койгон максаты, кызыкчылыгы, жендөмү ар бир куракта ар башка чечилиши. «Мен» деген концепциянын даүн-өзү тарбиялоого, турмуштан өз ордун табууга багытталган максат.

Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу адамдын енүгүшунүн обьекгивдүү зарылдыгы. Эгерде бул максаттардын бири кээ бир жаш курагында чечилбей калса, анда адамдын социалдануу процесси толук болбой калат.

## 2. Социалдаштыруу стадияалары жана институттары

*Социалдаштырууүч стадияда ишке ашат:*

а)эмгекке чейинки; б) эмгек; в)эмгектен кийинки.

Эмгекке чейинки стадия адамдын эмгектенүүсүнө чейинки бүт мезгилди өз ичине камтыйт жана өз учурунда бул стадия эки чоң доорго бөлүнөт:

а) Эң алгачкы социалдаштыруу, баланын туулган мезгилинен башгап мектепке чейинки убакгысы, башка айтканда курак психологиясыда бул убакыт бала чак мезгили деп аталат;

б) Окуу стадиясы, бул мезгил жашгык курактын баарын өзүнө камтыйг, башкача айтканда бул этапка мектеп мезгилиндеги бүт убакыт кирет.

Эгер эмгек стадиясын карасак, анда ал адамдын эң жетилип турган мезгилин камтыйг. Бул убакыт толук бойдон адамдын эмгек кызматына байланыштуу. Көпчүлүк изилдөөчүлөр социаддашгыруу идеясынын уландысын так ушул эмгек стадиясына келтиришет. Мындан сырткары инсан жөн гана социалдык тажрыйбаларды өздөштүрбөстөн, аларды өзгөртүп, толуктап бул стадияга өзгөче маани берет. Бул талкууланган маселенин практикалык тарабын кайрадан баалоо кыйынга турат. Ангкени, эмгек стадиясынын социалдашгыруу маселесинин орбитасына кириши үзгүлтүксүз билим берүү менен байланышшы азыркы шартта өзгөчө мааниге ээ болуп эсепгелинет.

Эң акыркы стадия социалдашгыруунун эмгектен кийинки стадиясы. Азыркы коомдо карылык мезгилдеги маселе көпгөгөн илимдер үчүн эң акгуалдуу болуп келе жатат. Социалдык психологияда бул маселе

социалдаштыруунун эмгекген кийинки **стадиясынын** маселеси катары каралат Бул стадияда адам белгилүү бир группаларга кошулат, ал эми мындай группалар иормалар жана баалуулуктар системасына бай Ошондой эле мындай группалар **социалдык тажрыйбанын** өзгөчө трансляторлору менен **чыгышып** социалдашгыруу **институттары** деп **аталышат.**

Эмгекке чейинки социаддашгыруунун инстигуту болуп балачак **мезгилде** үй-бүлө **эсептелинет.** Андан кийин **азыркы** коомдо эң башкы ролдо турган мектепке чейинки уюмдар, **мисалы,** балдар бакчасы, мектеп **ж.б у.с.** эсегггелинет. Жогоруда белгилегендей социалдашгыруунун эң негшги инстигуту болуп **үй-бүлө эсептелет,** бирок мындан сырткары дагы эки **институт бар·** мекгеп жана эмгек жамааты.

Мектеп окуучуну **системалык** билим менен камсыз **кылат,** бул болсо социалдашгыруунун **эң** башкы **элементи** Мыидан сырткары мектеп **адамды** коомдогу турмушка даярдоого милдеттүү **Мектеп** адамга биринчи ой жүгүртүүлөргө түртүп, **анын** атуулдук турмушка кошулушуна түрткү болот. Мектеп **баланын** мамиле түзүү мүмкүнчүлүгүн кеңейгет. Бала жеке чондор менен гана **байланышпастан** өзүнүн курбу-курдаштары менен **байланыш** жасайт. Бул болсо **аны** социалдашгыруунун эң **негизги институту** катары көрсөтөт

Мекгепте ишке ашкан социалдаштыруу үй-шартындагы тарбиядан кескин **айырмаланат** Бала үчүн үй шартынан мектепке өтүү бир топ **кыйынчылыктарды** туудурушу мүмкүн. Мектеп үйдө жүргөн бала үчүн чоочун, авторигардык бийликке ээ болгон таш боор имарат сынары сезилет. Класста 30 же 40 окуучу болгон **мезгилде** мугалим ата-энелер сыяктуу жумшак жана ак көңүл боло албайт. Балдар өздөрүн бирге ойноп жургөн **3-4** баладан турган **группанын** мүчөсү **сезбестен,** тескерисинче өзүн чоң **жамаатын мүчөсү** катары **сезүүсү зарыл**

**Адамдын** социалдашгыруусунда чоң роль эмгек жамаатына тийиштүү Анткени, адам аз өмүрүнүн көп бөлүгүн (эң жемиштүү, энергиялуу, эмоционалдуу мезгилдерин) эмгек жамааты менен өткөрөт. **Социалдык** психологияда **көптөгөн изилдөөлөр** так ушул эмгек **жамаатынын** материалында аткарылган Бирок эмгек **жамаатынын социалдаштыруу** инстигугу катары **такталышы** азырынча толук эместигин моюнга алуу керек Мына ушундай планда эмгек **жамаатынын** ар түрдүү изилденүүсүн интерпретациялоого (чечмелөөгө) болот. **Чындыгында** ар канцай аналю, **мисалы,** лвдерлик стипь же болбосо **мисалдарды группалык** түрде чечүү стили эмгек **жамаатынын** кээ бир тарапгарын **социалдаштыруу институту** катары **мүнөздөйт.** Бирок маселелердин бүт аспекти мывдай учурда камтылбайт Мисалга **алсак, инсандын** эмгек жамаатынан бөлүнүшү, **анын антисоциалдык** (коомдук нормаларга **каршы)** группаларга кошулушу. Мында, **социалдаштыруу институтунун** ордуна өзгөчө **«десоциалдаштыруу» институту** келет. Булар күнөө жасоочу группалар дегенди билдирет же спирт ичимдигин көп колдонушкан **группалар** болуп эсептелинет. Ал тартиби бузулган **адамдарды** кайра тарбиялоо процесси ресоциалдашгыруу деп аталат. **Мис:** балдар коллониясывдагы **тарбиялык** жумуштар.

## 3. Социалдаштыруу теориялары

Чет элдик изилдөөлөр жана социалдаштыруу теориясы эки багытка ээ. Алардын бир багыты адам биологиялык жандык деген ойго токтолушуп, коомдогу жашоодо жүрүш-туруш эрежелеринин тубаса типтерине таянышса, экинчи багытында социалдаштыруу бул адамзаттын бүт сапатгары коомдун таасиринда калыптанат деген жыйынтык чыгарьгшат. Биринчи багыты толугу менен фрейдизмде чагылдырылган

Австриялык атактуу психоаналитик З.Фрейд баланын жүрүш-турушунун негизинде биологиялык керектиктер жатат деп эсептеген Аларды обьективдүү канаттандырууга аракет жасоо коомдун талабы менен болуучу кагылыштарга алып келет. Жыйынтыгында биологиялык керектиктер куч менен басынышат же трансформацияланышат.

З Фрейдин ою боюнча социалдаштыруу бала 5-6 жашка жеткенде бүтөт. Социалдаштыруунун эң башкы агенти (тыңчысы) болуп үй-бүлө, ата-эне, ал эми эн негизги механизми болуп идентификация, б.а эң биринчи пайда болгон эмоциялуу назик мамиле (эркелетүү) эсептелет. Бул мамиленин пайда болушу менен адамда өзүн башка обьект же адам менен окшоштуруп акырында «МЕН» деген жыйынтык чыгат.

Мына ошентип, социалдаштыруу процесси бапаны багуунун формаларына же аны кароо факторлоруна жакындаштырылат. Бирок, кийинчерээк неофрейдизм агымында бул ыкма жетиштүү эмес деп кабыл алынып жана биринчи планга социалдык чөйрөнүн таасири жөнүндөгү маселе чыгып калган. Э.Дюркгеймдин айтуусу боюнча, баарынын башатында коом турат, ал адамды социалдаштыруунун субьектиси катарында, өзүнүн приоритеттүү талабын коет Адам коомдогу болгон баалуулуктарды өздөштүрүп анын ажырагыс бөлүгү болуп калат.

Социалдаштыруунун социапдык аргументацияланган концепцияларынын ичинен көбүрөөк кызыктуу болуп символикалык интеракционизм эсептелет Бул термин ДжГ.Мид тарабынан кабыл алынган. Дж Мидцин изилдөөсү боюнча социалдык көрүнүштөр, процесстер адамдын иш аракетинин жыйынтыгы жана алардын өз ара мамилесинен, байланышынан жаралган. Демек, адам коомдун обьектиси гана эмес, анда болуп жаткан өзгөрүүлөргө катышкан субьектиси да болуп саналат. Бүт өмүр бою, ар кандай курагында адам социалдык коомдун ар түрдүү көрүнүштөрүнө аралашып жашайт жана өзү да ошого ылайыктуу калыптанат Ал эми бул процесстин жүрүшүндө индивидуаддуу сапатгар калыптанат.

Дж Мид езүнүн теориясын улантуу менен инсандын калыптануу процесси ар түрдүү 3 стадияны өзүнө камтыйт деп эсептеген.

*Биринчи - имитация* Бул стадияда балдар човдордун кылык-жорук, жүрүм-турумдарын билбей туруп же түшүнүшпөй туурашат Кичинекей бала ата-энесине өзүнүн оюнчук чаң соргучун же болбосо таякчасын сүйрөп апып пол аарчыганга жардам бериши мүмкүн.

*Экинчи - оюн стадиясы,* мында балдар жүрүм-турум эрежелерин атайын бир ролдорду аткаруудай түшунүшөт. Мис: дарыгер, өрт өчүрүүчү, айдоочу ж.б. у с. ролдор Оюндун журүшундө балдар бул ролдорду ишке ашырышат Куурчак оюнун ойноп жатканда балдар көбунчө куурчактар менен кээде назик, кээде ачууланып ата-эне сыяктуу сүйлөшөт жана куурчактын ордуна ата-энесине жооп бергендей өздерүнө өздөрү жооп берип коюшат. Бир ролдон башка бир ролго өтуу балдар үчүн коом беруүчү өзунчө кыймылдоо жөндөмдүүлүгүнө алып келет

*Үчүнчү этап - бул коллективдүү оюндар стадиясы,* мында балдар бир эле адамдын кутуусүн эмес бүт группанын кутүүсун сезе баштайт. Бул стадияда социалдык идентификация сезими пайда болот.

Коомдун өнүгүп өзгөрүшүнө жараша жана муундардын бири-бирине тийгизген таасири боюнча М.Мид анын үч тибин аныктаган: биринчиси, чоң кишилер, улгайган адамдар жаштар учун улгу болуу менен, муундан-муунга еткөн үрп-адат, салт-санаа сакталып өз таасирин тийгизет. Экинчиси, курбалдаштар. Теңтуштар, жолдоштордун таасири. Үчүнчүсү, кичүүлөрдүн, жаштардын тийгизген таасири. Алар өзгөрүүлөрдү бат кабыл алып, жаңы шартка тез көнүп, жаңылануунү тез баалай алат. Бул азыркы өткөөл мезгилде өтө терең байкалды. Мис: Карылар көнө албай, өткөндү унута албай көпкө кыйналса, жаштардын жаңы шартка тез ыңгайланышканы белгилүү.

Француз психологу Ж.Пиаже баланы биологиялык жандык катары эсептеп, социалдаштырууну аутизмден (адамдар тобунан качуу жана таш боордук) жана эгоцентризмден (ач көздүк, ээлеп алуучулук) абалынан башталат деп өзүнүн ырастоосун билдирген Экинчи жагынан А.Валлон «социалдык төрөлүүдөн башталат» деген тезисин билдирген жана бул процесс алгач аффективдүү андан кийин интеллектуалдуу планда жүрөт деп эсептеген.

Психоанализ нугунда Э. Эриксондун адам курагынын сегиз түрү жөнүндөгу концепциясы социалдаштыруу карылык мезгилде уланат деген түшүнүктү берет. (бебөк курак, эрте балалык курак, оюн курагы, мектеп курагы, өспурүм курагы, жаштык, орто курак, толук курак). Көбүнче социалдаштыруу интенсивдүү түрдө бала жана жаштык куракта ишке ашат, бирок инсандын өнүгушү орто куракта да карылык куракта да улана берет. ДОбвил, Г.Брим (1966-ж.) эң биринчи болуп социалдаштыруу өмүрдүн башынан акырына чейин журөт деген ойду айткан. Ал балдар менен чондор социалдаштыруусында төмөнку айырмачылыктар бар деп эсептеген:

- Чоңцор социалдаштыруусу биринчиден алардын сырткы жүрүм-турумдарынын өзгөрушүнөн керүнөт. Ошол эле мезгилде балдар социалдаштыруусу базалык баалуулук ориентацияларды коррекциялайт (түзөтөт);

- Чоңдор нормаларды баалай алышат, балдар аларды талдабастан эле өздөштүрүп коюшат;

- Чоңдор дайыма ак жана кара түстун ортосунда көптөгөн боз тустер бар экендигин билишет,

- Чондор социалдаштыруусу адамдын кээ бир ыкмаларга ээ болуусуна жардам берүүгө багытталган;

- Балдар социалдаштыруусу негизинен алардын жүрүм-турум мотивацияларын калыптандырат. Мисалы, социалдаштыруунун негизинде солдат же комитеттердин мүчөсү болушуп, эрежелерди аткарууга, көңүл коюуга, сылык болууга үйрөнүшөт.

Социалдаштыруу маселеси бөбөктүн же баланын өз элинин маданиятына кирүүсү менен тыгыз байланышкан. Бул процесс «инкультурация» деп аталат.

Инкультурация процесси бала төрөлүшү менен анын алгач түрдүү ыкмаларды үйрөнүп, сүйлөө жендөмдүүлүгүнө ээ боло алуусунан башталат жана социалдаштыруунун атайын институтгарында ишке ашпайт, тескерисинче өз тажрыйбасында чоңдордун башкаруусу менен ишке ашат б.а , атайын окуусуз уйренүу процесси жүрөт. Инкультурациянын жыйынтыгы болуп маданиятта, тилде, ритуалдарда, баалуулуктарга ж.б. компетенттүү адам келип чыгат. Тагыраак айтканда, адам өзүн курчаган чөйрөдө ориентациялоого жөндөмдүү боло баштайт, мурдакы муундар аркылуу жаралган маданияттын кепчүлүк буюмдарын колдоно баштайт, башка элдер, башка улуттагы элдер менен өз ара мамилелерди, түшүнүүлөрдү орното баштайт. Херснович социалдаштыруу жана инкультурация процесстери бир мезгилде агып өтүшөрүн жана адам эгер маданиятка кошулбаса, коомдун мүчөсү катары жашай албасын өзгөчө белгилеген.

Азыркы учурда этнопсихологияда «маданиятуу трансмиссия» деген түшүнүк колдонулат. Бул түшүнүк инкультурация жана социалдаштыруу процесстерин камтыйт Бул механизмдин жардамы менен этникалык группа «өзүн мурас катары» езүнүн жаңы мүчөлөрүнө, эң биринчиден балдарына өткөрүп берет. Адатта трансмиссиянын үч түрүн кароого болот

- Вертикалдуу трансмиссия, бул процессте маданият баалуулуктары, жөндөмдүүлүктөр, ишенимдер ж б ата-энеден балага өткөрүлөт,

- Горизонталдуу трансмиссия, бул процессте бала туулган мезгилинен чоңойгонго чейин социалдык тажрыйбаны жана маданият салттары өзүнүн теңтуштары менен болгон мамиледе, карым катнашта өздөштүрөт;

- Тике эмес трансмиссия, мында индивид социалдаштыруусунун атайын инстуттарында (мектептерде, вуздарда) билим алат, андан сырткары практикада өзүн курчап турган коомдун чон мүчөлерунүн жана коммуналарынын тажрыйбаларында үйрөнөт.

Ар бир адам сөсүз инкультурация процессин башынан өткөрөт, ансыз адам коомдун жана өз этносунун мүчөсү катары жашай албайт. Бул татаал процесс адам үчүн эн жаштык мезгилинде башталып, бүт өмүр бою уланат. Аталган процесс балдарда өзүнүн денесине ээ болуу шыктары пайда боло баштагандан же ал жакынкы турмуш чейрөсүнүн элементгерин ездөштүрө баштаганда байкалат. Бул процессте эки чон негизги стадияларды бөлүү кабыл алынган балдар стадиясы жана чондор стадиясы.

Инкультурациянын биринчи стадиясында балдар маданияттын өтө кеңири жайылган, жашого эң керектүү элементтерин өздөштүрөт. Инкультурация бул жерде тарбиянын формасы катары ишке ашат. Андан сырткары бул процесс социомаданияттуу турмушка эң керектүү болгон адекваттуу машуугуларды калыптандыруу максатында багытталган таасир болуп эсептелинет. Бул мезгил үчүн ар бир маданиятта анын ичинде кыргыз маданиятында инкультурациянын атайын форма жана ыкмалары бар. Форма жана ыкмалары кундөлук практикада керектүү билим жана машыгуулар менен балдарды камсыз кылат. Өздөштүрүлгөн машыгуулардын мүнөзүнө жараша оюндар төмөнкү түрлөргө бөлүнөт.

- Дене тарбия оюндары, мында дене тарбиялык активдүүлүк өнүгөт жана машыгуулар болот;
- Стратегиялуу оюндар, мывда жөндөмдүүлүк өсөт жана машыгат, ар кандай нерселердин жыйынтыктары прогноздолот;
- Стохастикалык оюндар, бул жерде чечүүчү роль ийгиликтүү шарттагы окуяларга тиешелүү болуп, коркунуч тууралуу ойлор көрсөтүлөт;
- Рольдук оюндар, мындай оюндар бала келечекте өзу аткара турган функцияларды өздөштүрүүсү үчүн негизделген.

Оюндардын негизинде ар түрдүү инсандык касиеттер өнүгөт. Мисалы: интелектуаддуулук, үйрөнүү жөндөмдүүлүгү, фантазия, ойлоо ж.б. Мына ошентип, бала инкультурациясы чоңою трансформациянын өбелгөсу болуп эсептелет, инсандын социомаданияттуу турмушка адекваттуу катышуусуна турткү болот.

Инкультурациянын экинчи стадиясынын эң негизги айырмаланган өзгөчөлүгу болуп индивиддин социокультуралык маданияты коомдун жогорку чектеринде жекече өздөштуруү жөндөмдүүлүгү эсептелет. Индивид алынган белги жана машыгууларды турмушта кездешүүчу негизги мамилелерди чечүү учун айкалыштыруу мумкүнчүлугунө ээ болот: индивидде өзу жана башкалар үчүн маанилүу тасир берүүчу жыйынтык чыгаруу жендөмдүүлүгү кеңейт, өзүнүн этникалык группасынын ичинде ал кандайдыр бир кыймылдарга катышуу укугуна ээ болот. Ал эми бул кыймылдардын жыйыштыгында маанилуү маданият өзгөруүлөру болушу мумкун.

## Колдонулган адабияттар:


1. Андреева Г.М. Социальная психология. изд.1-4 М.МГУ, 2002.
2. Андреева Г.М., Богомолова Н.Н., Петровская Л.А. Зарубежная социальная психология в XX столетия. –М., 2001.
3. Бодалев А.А. Восприятие и понимание человека человеком. М.МГУ 1982
5. Бороздина Г.В. Психология делового общения, М., 2000
6. Гришина Н.В. Психология конфликта. Санкт-Петербург. 2002.
7. Даренфорт Р. Основы конфликтологии. М., 2001.
8. Девид Майерс Социальная психология, М., 1998.
9. Доврович А.Б. Воспитателю о психологии и психогигиене общения. М ,1987.

10 Крысько В.Г. Этнопсихология и межнациональные отношения. –М., 2002.

11.Кузин Ф.А. Культура делового общения, М., 1996.

12.Парыгин Б.Д. Социальная психология, М., 2000.

13.Поршнев Б.Ф. Социальная психология и история. М., 1968.

14.Психология. Словарь. Под ред. А В.Петровского. –М., Политиздат, 1990.

15.Рубинштейн С.Л. Проблемы общей психолгии. -М..Педагогика 1976.

16.Руденский Е.В. Социальная психология, М., 1998.

17.Рыбакова М.М. Конфликт и взаимодействие в педагогическом процессе. М., Просвещение. 1996.

18.Социальная психология Под ред. А В.Петровского, М.,1988.

19.Стефаненко Т.Г. Этнопсихология. –М., 1999.

20.Шерковин Ю.А. Стихийные влияния и внеколлективное поведение Социальная психология М., 1975.

**Мазмуну**

Сөз башы........................................................................................................

Тема: Инсандар ортосундагы мамиле................................................................................. 4

**Тема: Социалдык психологиядагы карым катнаш түшүнүгү**

Тема: Карым катнашдагы маалымат алмашуу (карым катнаштын коммуникативдик өңүтү)........................................................................................................ 20

Тема: Карым катнашдагы өз ара аракетгенүү процесси (карым катнаштын интерактивтик өңүтү)........................................................................................................ 28

Тема: Карым-катнаш адамдардын бирин-бири түшүнүшүү процесси катары (карым катнаштын перцептивдик жагы)........................................................................ 3

Тема: Конфликт........................................................................................................ 4

Тема: Социапдык кичине группалардын психологиясы........................................... 6

Тема: Үй-бүлө психологиясынын негиздери............................................................ 7

Тема: Этнопсихологиянын социалдык психологиялык негиздери............................ 8

Тема: Стихиялык группалар жана социалдык кыймылдар...................................... 94

Тема: Социалдаштыруу............................................................................................ 108